КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**ЖАНАР ӨМҮРАЛИЕВА**

# МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨНӨРКАНАСЫ

*монография*

«Улуу Тоолор»
Бишкек–2023

УДК 821.51.0
ББК 83.3 (5 Кир)
Ө 99

*Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү*

*Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңешинде басмага сунуш кылынды*

**Жооптуу редактору:**
академик *А. А. Акматалиев*

**Рецензенттер:**
*Орозобекова Ж.К.* – филология илимдеринин доктору
*Көлбаева М.К.* – филология илимдеринин доктору, доцент

**Өмүралиева, Жанар Орозалиевна.**
Ө 99 **Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылык өнөрканасы:** (монография). – Б.: «Улуу Тоолор», 2023. – 224 б.

ISBN 978-9967-12-964-1

Китепте кыргыз элинин таланттуу уулдарынын бири манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылыгы тууралуу сөз болот. М.Мусулманкуловдун акындык өнөрү, манасчылыгынын калыптанышы, кенже эпостору жана анын айтуусундагы «Манас» эпосу талдоого алынды. «Манас» эпосундагы салттуулук, сюжет, мотив жана поэтикалык синтаксис маселелерине көңүл бурулду.

Китеп ЖОЖдордун студенттерине, магистранттарга, аспиранттарга жана жалпы эле манастаанууга кызыккан окурмандарга сунушталат.

**УДК 821.51.0**
**ББК 83.3 (5Кир)**

ISBN 978-9967-12-964-1
© Жанар Өмүралиева, 2023

## БАШ СӨЗ

Молдобасан Мусулманкулов кыргыз фольклорундагы эпикалык чыгармалардын казынасына бараандуу салым кошкон таланттуу айтуучулардын бири. Анын оозунан «Манас», «Семетей», «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Жаңыл Мырза» эпосторунун варианттары жана бир нече жөө жомоктор жазылып алынган. Булардын ичинен М.Мусулманкуловдун айтуусундагы кенже эпостор өз учурунда жана бүгүн да түрдүү багыттагы илимий изилдөөлөрдүн объектиси болуп келүүдө. Ал эми «Манас», «Семетей» эпосторунун сюжеттик структурасы, поэтикасы, образдар системасы, манасчынын айтуучулук өнөрүнүн калыптаныш эволюциясы, чыгармачылыгынын изилдениш деңгээли ж.б. фольклордук маселелер комплекстүү иликтенбей келген. Бул проблема манастаануудагы зарыл деп табылган актуалдуу темалардын бири.

Автор бул монографиянын үстүндө жоопкерчилик менен талыкпай эмгектенип, архивдик материалдардан сырткары М.Мусулманкуловдун туулган жери Ак-Талаа районунун Терек айылына чейин барып урпактары менен таанышып, баарлашып, манасчынын өмүрү жана чыгармачылыгына байланыштуу жазма жана оозеки булактарды топтогон. Залкар манасчылар С.Орозбаков жана С.Каралаевдин айтуусундагы тексттер менен М.Мусулманкуловдун вариантын түрдүү методологиялык усулда салыштырып талдоого аракет кылган.

Тагыраак айтканда М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптануу процессин теориялык жана практикалык иликтөөлөрүнө таянып ишенимдүү корутундулады. Анын көмүскөдө калган автордук чыгармаларынын идеялык мазмунун ачып, тематикалык классификация жасаган. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» жана «Семетей» эпосторундагы сюжеттик салттуулук жана өзгөчөлүктөрдү башка айтуучулардын варианттары менен салыштырып, сюжет, мотив, эпикалык формулалар, тилдик өзгөчөлүктөр, негизги каармандардын образдары сыяктуу проблемаларды талдап жана манасчынын канчалык деңгээлде салттуулукту сактап, кандай деңгээлде жеке импровизациялоого орун бергенин автор далилдүү илимий тыянактары менен ачып берген.

Жыйынтыктап айтканда, автор бул эмгегинде Молдобасан манасчынын айтуучулук өнөрүндөгү салттуулук менен өзгөчөлүктөрдү илимий өңүттө аныктап берүүгө аракеттенген жана бул аракети ийгиликтүү ишке ашкан. Китеп манастаануу илиминин өнүгүшүнө өз деңгээлинче салымын кошо алат деп ишенебиз.

*Академик А.А. Акматалиев*

# 1. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨНӨРКАНАСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫ

Элдик оозеки чыгармачылыкта манасчылык өнөр дегенде жан дүйнөсүнө бир нече жөндөмдүүлүктү батырган, көп кырдуу таланттарды түшүнөбүз. Анткени, бизге белгилүү манасчылардын көбү бир эле мезгилде төкмө акын, ырчы, жарчы, жомокчу, санжырачы катары дагы эл ичинде таанымал болгон. Бул илимий изилдөө ушундай керемет таланттардын ээси – мукам үндүү ырчы, комузчу, манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылык өнөрканасын илимий талдоого алат.

Молдобасан Мусулманкулов кыргыз фольклористикасында, анын ичинде манастаануу илиминде көп окулуп жана окутулуп келген белгилүү ысымдардын бири. Анын чыгармачылыгы, өмүр баяны тууралуу бизге чейин да көптөгөн илимий эмгектерде, энциклопедияларда, окуу куралдарында жазылып келген. Ал эми биздин максат Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылык өнөрканасына арналган бардык материалдарды системалаштыруу, буга чейин жүргүзүлгөн илимий иштерге анализ жасоо жана колго алынбай келген маселелерге талдоо жүргүзүү болуп саналат. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы эпостордун сюжеттик өзөгүндөгү салттуулуктун сакталышын, манасчынын өзүнө гана тиешелүү сюжеттик  жекеликтерин, мотивдердин көркөм иштелишин, поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүгүн,

каармандардын образдарын түзүүдөгү чеберчилигин аныктоо кыргыз фольклористикасындагы маанилүү маселелердин бирине кирет. Манасчынын жалпы чыгармачылык өнөрканасын илимий иликтөөгө алуу менен бирге анын дүйнө таанымын, ишенимин, көз карашын, адамдык сапаттарын, рух дүйнөсүн ачып берүү да илим үчүн абдан маңыздуу. Төмөндө М.Мусулманкуловдун айтуусундагы эпикалык чыгармалардын изилдениш тарыхына кыскача обзор жасалат.

М.Мусулманкуловдун вариантынын өзгөчөлүктөрү жана манасчылык өнөрүнүн калыптанышы боюнча окумуштуу Р.Кыдырбаева «Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр» деген илимий эмгегинде: «Ар бир манасчынын өзүнүн белгилүү стили, айтуучулук ыкмасы болот, М.Мусулманкулов Манастын портретин сүрөттөөгө кошкон саптарын, С.Орозбаковдун Манастын портретине берген мүнөздөмөсүн баштапкы формулалык стилдик чекити катары кабыл алып, аны эпостун бүткүл көркөм турпатын кошумча өнүктүрүү менен абдан жогорку деңгээлдеги жөндөмдүүлүк менен байланыштырганын»[1] белгилейт. Манастаануучу Р.Сарыпбеков «Кыргыз адабиятынын тарыхынын» 2-томуна жазган «Молдобасан Мусулманкулов»[2] ошондой эле, «Молдобасан: ырлар жана дастан» деген жыйнактагы «Элдик казынанын энциклопедиясы»[3]деген макалаларында М.Мусулманкуловдун

[1] *Кыдырбаева Р. З.* Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 17-б.

[2] Сарыпбеков Р. Молдобасан Мусулманкулов. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы 2-том. – Бишкек: Шам, – 2004. – 307-322-б.

[3] Сарыпбеков Р. Элдик казынанын энциклопедиясы. Китепте: М.Мусулманкулов: ырлар жана дастан. – Фрунзе, 1983. – 184 б.

айтуусундагы «Манастын» С.Орозбаковдун вариантына окшошкон жана айырмаланган тексттик өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. С.Орозбаковдун вариантында кездешкен Манастын портреттик сүрөттөөсүндөгү ай менен күндөн, асман менен жерден, алтын менен күмүштөн бүткөн деген белгилүү саптарды М.Мусулманкулов туруктуу эпикалык формула катары пайдаланып, аны андан ары өнүктүргөнүн манасчынын жеке импровизаторлук табылгасы катары баалаган.

Р.Кыдырбаеванын «Народно-поэтические традиции в эпосе «Жаңыл Мырза» (1960); Б.Кебекованын «Курманбек» эпосунун варианттары» (1961) деген фундаменталдуу илимий эмгектеринде жана М.Мукасовдун «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы» (2000) деген кандидаттык диссертациясында М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл мырза», «Жаныш, Байыш» жана «Курманбек» эпостору башка варианттар менен салыштырылып сюжеттик, мотивдик, образдык, поэтикалык иликтөөгө алынган. С.Мусаевдин манасчылардын айтуучулук өнөр ааламында калыптануу процессинин (1. Үйрөнчүк манасчы. 2. Чала манасчы. 3. Чыныгы манасчы. 4. Чоң манасчы) баскычтары боюнча изилдөөсүндө М.Мусулманкулов чыныгы манасчылык деңгээлге чейин көтөрүлгөн көрүнүктүү айтуучулардан экенин көрсөткөн. Ж.Орозобекова «Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу» деген докторлук диссертациясында «манасчылардын чыгармачылык дараметине, импровизаторлугуна, айтуу манерасына, салттуулуктун чегинде сактап уланткандыгына же эпосту экинчи бир формада так айтканда жазма вариантын жаратуусуна же мурдагы текстти информатор, артист катары аткарганына карай

типтерге бөлүштүрүүсүндө»[1] М.Мусулманкуловдун ысымын «Манас» эпосунун классикалык үлгүсүн жараткан айтуучулардын тобуна киргизген.

Абдрасулова Ж.С. «Баатыр кыздардын образдары элдик чыгармаларда («Кыз Сайкал», «Жаңыл Мырза» эпосторунун негизинде)» деген кандидаттык диссертациясында якут олонхолору менен кыргыздардын «Жаңыл Мырза», «Кыз Сайкал» эпосторунун ортосунда салыштырма-типологиялык анализ жүргүзүп, якуттардын олонхолорундагы жана кыргыз эпосторундагы баатыр кыздардын образдарындагы окшоштук жана айырмачылыктарды талдоого алган. Диссертант изилдөөсүндө М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосун негизги объект катары пайдаланган.

В.Виноградов «Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары» деген эмгегинде М.Мусулманкуловдун элдик ырларды аткаруучулук чеберчилигине, эпосту айтууда импровизаторлук жөндөмдүүлүгүнө басым жасаган. «Ал табигый артистизмге ээ болгон. Менин оюмча ал «Манасты» көркөм тактыда эмес, режиссёрдук трактовкада да аткарчу»[2] деп жазган. Виноградов илимий макалаларында манасчынын аткаруусундагы комуз күүлөрү, ар кандай жанрдагы чыгармаларды аткаруу жөндөмдүүлүгү, үнү, ритмди колдонуу ыкмалары, эпосту айтып жаткандагы кыймыл-аркети, мимикалары, сахнада, публикада өзүн алып жүрүшү тууралуу кенен маалымат берип, М.Мусулманкуловдун эпосту айтуудагы речитативдик өзгөчөлүктөрүн аныктаган.

---

[1] Орозобекова Ж.К. Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу. филол. илим. д-ру ... дис. /– Бишкек, 2014. – 14-б.

[2] Виноградов В. С. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 77-б.

Манасчынын импровизациялоо жөндөмдүүлүгү, анын айтуучулук чеберчилигине жана поэтикалык көркөмдөө деңгээлинин өнүгүшүнө зор таасир этет. Импровизациялоо чеберчилиги фольклортаануудагы салттуу айтуучулуктун эң маанилүү аспекти болуп саналат. Изилдөөчүлөр манасчыларга бир эле эпизодду улам-улам ар кайсы учурда айттырып көрүп, ушундай илимий тажрыйбалардын негизинде манасчынын эпосту айтуудагы импровизациялык жөндөмүн аныктап келишкен. Окумуштуу Р.Кыдырбаева «Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство» деген эмгегинде С.Каралаевдин вариантына талдоо жүргүзүп, мындай жыйынтыкка келген: «Импровизация есть неотъемлемая часть традиции, но каждое исполнение – не повторение, а «воссоздание» заново известного сюжета, формулы. При повторном исполнении одного и того же сюжета сказитель допускает вариации – сокращение или удлинение эпизодов, перестановку строк, строф, тирад. Однако сюжет движется по готовому «сценарию», которая является опорным элементом для сказителя»[1]. В.Виноградов да М.Мусулманкуловдун импровизациялоо жөндөмдүүлүгүн аныктоо үчүн атайын тажрыйба жасап: ««Манастын» негизги традициялуу элдин жүрөгүндө сакталып калган окуяларын бузбай, турган жерде жаңы вариантты импровизациялап жиберүүчү зор, чыныгы таланттуу манасчылык өнөрүнө таң берип: «Бир жолу анын айтуусунда эпостон фрагмент жазып алдым. Ошол эле фрагментти пластинкага жазып алыш үчүн кайра айттырдым. Экөөнү салыштырсам манасчы биринчи варианттын сөздөрүнүн отуздай гана процентин сактап, экинчи жолкусунда калган сөздөрүн өзгөртүп жиберген. Заматтын ортосунда

[1] Кыдырбаева Р. З. Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство. – Бишкек: Шам, 1996. – 384-б.

кайра жаңы вариант түзө койгонуна таңдандым»[1] деген. Эпосту айтуудагы манасчылардын речитациясына көңүл бурган В.Виноградов М.Мусулманкуловдо эмоционалдуу, толкундоо, ээликкендик менен айтылган речитациянын жок экендигин, ал эми обондуу бат айтма, бир типтеги музыкага ээ бир нече ыр саптары жана ачык ритмдеги эң чоң интонациялык тактыкка ээ обондотулган ыр саптарынын айтылышы сыяктуу речитацияларды пайдаланганын тактаган.

«Манас» эпосунун жана манастаануу илиминин тагдырындагы эң маанилүү тарыхый даталардын бири бул, 1952-жылы эпостун элдүүлүгүнө арналган бүткүл союздук илимий конференция экени белгилүү. Бул конференцияга союздук республикалардагы тарыхчы, филолог, фольклорист жана башка илим чөйрөсүндө эмгеги зор окумуштуу, изилдөөчүлөр катышып, «Манаска» жана аны айтуучуларга бир катар сындар айтылган. Конференцияда сөз алган окумуштуулардын арасынан А.К. Боровков, Б.Керимжанова, Л.И. Климович, И.А. Батманов, Т.Г.Нуров, Токтогоновдор «Манастын» элдиктүүлүгү жана чагылдырган идеясы жөнүндөгү маселени чечмелөөдө М.Мусулманкуловдун айтуусундагы тексттерге да кайрылышкан.

А.К. Боровков эпостогу көптөгөн эл-уруулардын аталышын мисалы М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосундагы италян (итаалы), грек, инди элдеринин да текстте кездешишин эпостун катмарланууга учурап, тактап айтканда модернизациялоого жол берилгени катары баалаган. «Иногда такого рода модернизация приобретает гиперболические черты. Известно,

[1] Виноградов В. М.Мусулманкулов. // Кыргызстан маданияты. №13. – 1971. – 31-март.

например, что в версии Тоголок Молдо говорится о покорении Семетеем Франции и Индии, а по утверждению другого манасчи Молдобасана Мусулманкулова в одном набеге Семетея вместе с ним принимали участие также итальянцы, греки, индийцы и другие»[1]. Андан ары окумуштуу «Манастын» улутчул-буржуазиялык, бай-манаптык, феодалдык реакциянын таасиринде калганын жана ислам динин жайылтуу идеясы эпосту бүтүндөй редакциялап башкарып, катмарланууга учураганын белгилейт: «Киргизский эпос «Манас» подвергся влиянию реакционной феодальной, манапско-байской и буржуазно-националистической идеологии в очень сильной степени. Возникли феодально-клерикальные редакции эпоса. Из записанных версий киргизского эпоса версии сказителей Молдобасана Мусулманкулова, Сагымбая Орозбакова и Тоголок Молдо являются наиболее показательными в этом отношении»[2] деген пикирин «Манастагы» тексттер менен бекемдеген. Муну менен бирге А. Боровков М.Мусулманкуловдун айтуусундагы Манастын Азиретаалыдан кийинки келген пайгамбар катары көрсөтүлүшү, Ажыбайдын Меккеге барып Айкожонун колунан Ачалбарсты алып келиши, С.Орозбаковдун айтуусундагы Айкожонун келиши менен Манастын мусулманчылыкты кабыл алышы, каармандардын ислам өлкөлөрүнөн билим алышы, Тоголок Молдонун айтуусунда Манастын уулу Семетей да казат үчүн туулганын тастыктаган тексттер менен советтик идеологияга ылайык келбеген диний реакциялык багыт, дин үчүн күрөш эпостун башынан аягына чейин ээлеп алганын айткан. Ынтымак,

[1] Стенограммы всесоюзной научной конференции, посвященной изучению эпоса «Манас» . – Бишкек: Турар, 2015. – 25-б.

[2] Жогорудагы китеп, 29-б.

биримдикти чагылдырган идеянын өтө эле аз кездешерин белгилеп, буга М.Мусулманкуловдун вариантындагы Жакыптын Манаска ата-теги жана Ала-Тоодо калган урук-тууганы тууралуу айтып берген сюжеттик окуяны мисал катары көрсөткөн.

Б.Керимжанова «Манас» негизинен феодалдык бай-манаптык таптын чөйрөсүндө айтылып келгенин, ал эми манасчылар болсо материалдык байлыгы күчтүү бийлөөчү таптын өкүлдөрүнүн буйругу менен ошолордун табитине жараша айтууга мажбур болгонун айтат. Ошол себептен «Манаста» элдик идеологияга караганда реакциялык мотивдердин көбүрөөк орун алганын белгилейт.

Л.И. Климович докладында Шапак Рысмендеев, Багыш Сазанов жана Молдобасан Мусулманкуловдордун варианттарындагы панисламдык жана пантүркисттик идеялардын чагылдырылышын мындайча түшүндүрөт: «Несерьезно также объяснять наличие пантюркистских и панисламиских идеек в версиях, записанных от Шапака Рысмендиева, Багыша Сазанова и Молдобасана Мусулманкулова, тем, что эти манасчи вводили идейки «бессознательно», так как не были грамотными людьми и мало имели представления об исламе»[1]. Окумуштуунун пикири боюнча жогоруда аты аталган тянь-шандык манасчылар С.Орозбаковдун вариантын механикалык түрдө кайталашкан.

И.А. Батмановдун билдирүүсүндө да С.Орозбаковдун варианты реакциялык багыттагы тексттер болуп эсептелип, андан Б.Сазанов, М.Мусулманкулов керек болсо С.Каралаев да таасирленгенин белгилеген: «Но в начале XX века пантюркисты и панисламисты попытались

[1] Стенограммы всесоюзной научной конференции, посвященной изучению эпоса «Манас». – Бишкек: Турар, 2015. – 180-б.

придать эпосу иное направление и использовали его в целях пропаганды пантюркизма, панисламизма и антирусских настроений. Наиболее реакционной была версия Сагымбая Орозбакова, за спиной которого стояли джадиды, пантюркисты и турецкая агентура. Но эта версия Сагымбая не имела широкого распространения среди народа. Народу известны другие версии. Надо отметить, что Багыш Сазанов, Молдобасан Мусулманкулов и даже Каралаев не оказались без влияния со стороны версии Орозбакова»[1].

Т.Г. Нуров да С.Орозбаков, Б.Сазанов, М.Мусулманкуловдун айткан тексттери жана Тоголок Молдонун жазган мурасы ушунча талаш-тартыш жаратып жаткан соң бул варианттар элдик чыгармага каршы турарын айткан.

Ошол мезгилдеги агартуу министри Токтогоновдун докладында «Манастын» элдиктүүлүгү боюнча маселеде ислам дининин күчтүү таасири болгонун белгилейт. Эпостун негизги каарманы туулгандан исламга сугарылганын, согуштук жүрүштөрү да исламды таратуу жана басып алуучулук максатты көздөйт деп жазган. «В целом сюжет варианта Молдобасана Мусулманкулова почти целиком строится на описании завоевательных походов Манаса. Манасу удалось завоевать все земли, за исключением Бейджина, причем его походы изредка заканчиваются захватом и дележом добычи. Мы видим, что в данном варианте так же, как и в варианте Сагымбая Орозбакова, действия Манаса не имеют ничего общего с народным интересами»[2]. Токтогоновдун айтуусу боюнча эпостун негизги каарманы Манастын казаттары жалпы элдин кызыкчылыгын көздөгөн эмес.

---

[1] Жогорудагы китеп, 229-б.
[2] Жогорудагы китеп, 294-б.

Конференциянын жүрүшүндө М.Мусулманкуловдун да ысымы катышкан илимий корутундулардагы «байманаптык», «басып алуучулук», «эл мүдөөсүн көздөбөйт», «элдик кызыкчылыкка каршы» ж.б. деген мазмундагы эпостун идеясына каршы айтылган пикирлер советтик идеологиянын чен-өлчөмүнөн каралып, бааланганы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Биздин максат ошол мезгилде элдик кызыкчылыкты көздөбөйт деп четке кагылган тексттерди бүгүнкү жаңы көз караш менен анализдеп илимий так аныктама берүү болуп саналат. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы ар бир эпоско алдыда өзүнчө токтолобуз.

1952-жылдагы илимий конференциянын токтомуна ылайык жарык көргөн «Манас» эпосунун кыскартылып, бириктирилген вариантына («Манас» 2 китеп, «Семетей» 1 китеп, «Сейтек» 1 китеп) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Олуят чалдын окуясы» киргизилген. Бириктирилген вариантта Манастын Шоорукту караткынынан кийин (С.Орозбаковдун варианты боюнча) Олуят чалдын окуясы (М.Мусулманкуловдун варианты боюнча), андан соң Манастын Аккуланы эгинге сатып алганы баяндалат (С.Каралаевдин варианты боюнча). Бириктирилген вариантка кайсы манасчыдан, кайсы эпизоддор кандай принциптин негизинде тандалып алынды деген темада өз учурунда көптөгөн адабиятчылар, окумуштуулар арасында талкуулар болгон. 1959-жылы Өмүркул Жакишевдин ««Манас» эпосунун кыскартылып, бириктирилген вариантын түзүүнүн принциптери» деген докладында берилгендей бул вариант «элдин оозунда көбүрөөк айтылган белгилүү сюжеттердин

принцибинде түзүлгөн»[1]. Жазуучу К.Жантөшев кыскартылып, бириктирилген вариантты талкуулоодо сүйлөгөн сөзүндө: «Манас Олуят чал менен урушунда анын малын кедейлерге бөлүп берет. Бул нерсе жөн эле кошумча, б.а. модернизация»[2] деген пикирине кошулууга болот. Чынында М.Мусулманкуловдун вариантындагы Манастын Олуят чалды жеңип, анын мал-мүлкүн жалпы элге таратып бериши советтик идеологиянын саясатына тууралап манасчынын жеке импровизациясынан жаралган эпизод экени байкалат.

Жыйынтыктап айтканда, «Манастын» элдиктүүлүгүнө арналган жалпы союздук илимий конференцияда С.Орозбаковдун вариантына кандай сын-пикирлер айтылса, бул сөздөр анын шакирти М.Мусулманкуловго да тиешелүү болгон. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы тексттердеги исламдык мотивдердин көп кездешиши советтик окумуштууларды чочуткан. Социалисттик доордун идеологиялык талаптарына шайкеш келбеген исламдашуу саясатынын М.Мусулманкуловдун вариантында жыш учурашы жогорудагыдай сынга кабылтып, окуу, изилдөө жана басып чыгаруу иштеринен четтетилишине алып келген.

Эгемендүүлүктүн келиши менен архивдик текчелердеги басмага жетпей жаткан ар түрдүү илимий жана тарыхый текст-материалдардын жолу ачылды. Жогорудагы тарыхый материалдарда «Манастын» айрым саптары советтик идеологияга шайкеш келбейт деп четке кагылып келген болсо, тескерисинче бүгүнкү күнү кыргыз эли үчүн эң керектүү идеология «Манаста»

[1] Манас: документтеринин жыйнагы. – Бишкек: Принт Экспресс, 2020. – 794-б.

[2] Жогорудагы китеп, 755-б.

жатканын түшүнө баштадык. Эпос бул элдик чыгарма. Ал оозеки жашап жаткан мезгилде коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү өзүнө сиңирип алып, кайра иштеп чыгаруучу касиетке ээ. Манасчылык өнөрдүн табиятында айлана-чөйрөдөгү түшүнүктөр жана кубулуштар алар айткан тексттин сюжеттик өзөгүнө да таасирин тийгизбей койбойт. Ал эми илимдин талабы ошол чыгармага оң жана терс таасирин тийгизген факторлорду чечмелеп, маани-маңызын аныктап, талдап, фольклордун тарыхындагы өз ордуна коюу болуп саналат. Илимде айрыкча кыргыздын каны, жанына сиңген «Манаска» байланыштуу ар бир текст илимий талдоого алынып, кыргыз адабиятынын тарыхында, манастаануу дүйнөсүндө өз ордун табышы керек.

## 2. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН ЫРЧЫЛЫК ТАЛАНТЫ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК БАГЫТЫ

Фольклордо изилденип жаткан айтуучунун ата-теги, кайда, качан төрөлүп, айтуучулук өнөрдү кимден үйрөнгөндүгү же чыгармачылыгынын жаралышына түрткү болгон инсандар, талантынын өнүгүшүнө таасир эткен негизги өбөлгөлөрдү аныктап алуу маанилүү маселелердин бири. Себеби, булар айтуучунун талант деңгээлин, жаратуучулук жөндөмдүүлүгүн, тилин, стилин, башкалардан айырмаланган өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө жол көрсөтөт. М.Мусулманкулов Кыргыз адабиятынын тарыхы деген китептин 2-томунда 1883-жылы (кээ бир документтерде 1884-жылы), ал эми КР Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар бөлүмүндөгү К.Мифтаковдун жыйнаган материалдарында 1882-жылы төрөлгөн деп жазылган. Туулган жери – Нарын облусунун Куртка болушу (азыркы Ак-Талаа району) Терек айылы. Уруусу саяк, анын ичинен жанболот уругунан. Ата-теги: Жанболот, андан Эраалы, Эраалыдан Оторчу. «Оторчудан Калыгул, Райымкул, Субанкул, Мусулманкул, Момункул»[1] деген беш уул болуп, алардын ичинен Мусулманкул өз уруусунун тарыхын жакшы билген санжырачы, сөзмөр, айылдагы эл кадырлаган сыйлуу

[1] М.Мусулманкуловдун атасынын бир тууганы семетейчи Калыгулдун чөбөрөсү Чоюбеков Бердигулдун маалыматы боюнча (жазып алган Жанар Өмүралиева).

аксакалдардын бири болгон. Мусулманкулдун агасы Калыгул комузчу, ырчы, семетейчи болуп, Молдобасан бала кезинен атасы жана агасы Калыгул сыяктуу оозеки чыгармачылыкка жакын, өнөрлүү үй-бүлөдө тарбияланган. Фольклордук изилдөөлөрдө айтуучулуктун атадан балага, агадан иниге, энеден балага, кыскасы үй-бүлө мүчөлөрүнөн улуудан кичүүгө өтө тургандыгы жөнүндө илимий пикирлер айтылып келген. Мисалы: Путилов Б.Н. өз изилдөөсүндө мындай деп жазган: «Во многих этнических культурах (если не в большинстве) значительную роль в формировании сказителей играла семейная традиция. Передача сказительского искусства от старших к младшим, от отцов к сыновьям, от дедов к внукам, от дядей к племянникам, от матерей к дочерям и т.д. была одной из распространенных форм его сохранения, продолжения и, как мы увидим, развития»[1].

Ак-Талаа аймагынан чыккан Жанболот баатырдын уулу Эраалы Санчы сынчыга өзүнүн жана туугандарынын балдарын сындатат. «Балдардын эң алдында тору кашка минип, кунандын тигил капталына бир ооп, бул капталына бир ооп Молдобасандын атасы Мусулманкул өтүптүр. «Эраалы, осы бала кимдики?» – деп сынчы сурайт. «Туугандарымдын балдары» – дейт, Эраалы. Анда сынчы: «Осы бала манап болады, чечен болады, тың чыгады» – деген экен»[2]. Мусулманкул Ак-Талаадагы Касымбек болуштун кеңешчилеринин бири болуп, Касымбек Мусулманкулдун иштин көзүн билген ыраакылыгын, сүйлөөр сөзүн билген акылдуулугун пайдаланганын айылдаштары эскерет.

---

[1] Путилов Б. Н. Эпическое сказительство. Типология и этническая специфика. – М.: Вост. лит., РАН, 1997. – 22-б.

[2] Байдилдеев Ж. Касымбек Баатай уулу. – Бишкек: MAXPRINT, 2018. – 41-б.

Молдобасан бала кезинде атасы, кээде агасы Калыгулду ээрчип улуу сөз, жомок айтылып, ыр-күү жаңырган, эл чогулган жайларга көп барган. Агасы Калыгулдан алган чыгармачылык көрөңгү менен Молдобасан манасчы жаш кезинен эле ыр-күүгө аралашып чоңойгон. Кандай гана ыр болбосун сөзү менен обонун бат эле жаттап алган тубаса куйма кулактык сапаты күү чертип, комуздун коштоосунда ырдоого шыкак берген. Социалисттик доордун алгачкы жылдарындагы К.Мифтаковдун жыйнаган материалдарына караганда манасчынын социалдык турмуш жагдайы оор болуп, жакырчылыкта күн өткөргөн. К.Мифтаков айтуучуну мындайча сүрөттөйт: «М.Мусулманкулов ар бир көргөн, билгенин, эшиткенин эч бир токтолбостон комузун чертип, жакшы ачык табыш менен ырдап кете алат, куудулдук да кыла билет. Кыскасы анын болгон жери ар убакта оюн-күлкү, тамаша болот. Кыяпаты (келбети) өткүр көздүү, орто бойлуу, арык, катма кара киши»[1]. Буудайбек Сабыр уулу: «Молдобасан аксакал орой сөздү билбеген, тамашакөй, жүзү сүйкүмдүү, бала кыял, мүчө бою келишкен, бойлуу, чокчо сакал, сыпаа, кара тору адам эле»[2] деп эскерет. Молдобасан манасчы алгачкы жолу 16-17 жашынан тарта фольклордук майда жанрлардын ичинен элдик ашыктык ырларын ырдап чыккан. Жаштайынан чыгармачылык өмүр жолун ашыктык ырларынан баштаган М.Мусулманкулов өмүрүнүн аягына чейин лирикалык жанрдан алыстабай «Ырчылык менен билимди билгенге карылык жок. Мен канчалык ырдасам, ошончолук кубаттанып калам. Ыр, аны ырдай

[1] Жаныш, Байыш. Кырг. Респ. УИА, кол жазмалар бөлүмү, инв. № 16. – 114-115-б.

[2] Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Бишкек: Турар, 2008. – 27-б.

билгендин жолдошу»[1]деп айткан. М.Мусулманкулов өзү жашаган аймактагы эл чогулган жайларда, аш-той, кыз оюндарда комуздун коштоосунда ашыктык жана табият лирикаларын созолонто, чыгармачылык эргүү менен ырдаган. Ырчылык өнөр боюнча М.Мусулманкулов Ат-Башыдан чыккан чоң обончу, акын Боогачыдан тарбия алган. Ал эми М.Мусулманкуловдон Муса Баетов, Жумамүдүн Шералиевдер «обондотуп ырдоо жагынан үлгү алышкан»[2].

Манасчы деген терминдин мазмунунда жамакчы, жомокчу, санжырачы, чечен, куйма кулак, ырчы, төкмө акын ж.б. сын-сыпат, өнөрлөр камтылып жатат. Бул тууралуу бизге чейин эле оозеки айтуучулуктун табияты боюнча А.Б. Лорд, Б.Н. Путилов, С.Мусаев, Р.Кыдырбаева, Ж.Орозобекова ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө айтылып келген. Манасчы М.Мусулманкулов да жогоруда саналган өнөрлөрдүн ээси жана анын чыгармачылыгынын пайдубалын ырчылыгы түзөт. Бирок фольклортаануу да манасчы катары таанылып, анын чыгарган ырларына көңүл бурулбай келгени бул багыттагы илимий изилдөөнүн жетишсиздигин көрсөтөт. Молдобасан Мусулманкуловдун төкмөлөп, жамактатып ырдоо таланты боюнча жана анын өзү чыгарган ырларынын кагаз бетине түшпөй калышынын себептерин изилдөөчүлөр төмөндөгүдөй айтышат. Р.Сарыпбеков: «М.Мусулманкулов элдик оозеки чыгармаларды өтө мол билгендиктен, убактысынын көбү ошолорду жаздырууга кетип, өзүнүн ырларын дайыма кагазга түшүрүүгө үлгүргөн эмес»[3]. Ал эми Кыргыз эл артисти, белгилүү

[1] Күмүшалиев К. Залкар таланттар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 137-б.

[2] Буудайбек Сабыр уулу. Эл шайырлары. – Бишкек: Турар, 2008. – 27-б.

[3] Сарыпбеков Р. Элдик казынанын энциклопедиясы. Китепте: М.Мусулманкулов: ырлар жана дастан. – Фрунзе, 1983. – 11-б.

коомдук маданий ишмер Б.Алагушев: «М.Мусулманкулов элдик ырларды аткаруу менен бирге өзү да төкмөлөп ар түрдүү ырларды чыгарган. Колу кат таанызбагандыктан, алар кагаз бетине түшпөстөн ырдалган жерлеринде кала берген»[1] деп жазган. Жогорудагы эскерүүлөргө караганда М.Мусулманкулов колу кат таанызбагандыктан автордук ырларын кагазга түшүргөн эмес. Бирок манасчынын небере, кыбыраларынын айтымында М.Мусулманкулов араб арибиндеги тексттерди окуй алган. Куйма кулак, уккан, көргөнүн бат эле жаттап алган, эске тутуу жөндөмү күчтүү манасчы араб тамгасын жаттап алып, колуна тийген чыгармаларды окуп жүрүшү мүмкүн. Бирок, бүгүнкү күндө колуна калем алып кагазга ыр жазганы жөнүндө эч бир далилдүү материал кездешпейт. Ошондуктан жогорудагы Б.Алагушевдин эскерүүсү чындыкка дагы жакыныраак экени байкалып турат. М.Мусулманкуловдун ырларына көзү өткөндөн кийин гана көңүл бурулуп, 1962-жылы биринчи жолу чакан жыйнак болуп жарык көргөн. 1983-жылы М.Мусулманкуловдун 100 жылдыгында Р.Сарыпбеков, К.Абдракмановдор ушул эле китепке дагы башка мурда жарыяланбаган ырлардан толуктоолор киргизип, кайрадан жарыялашкан.

М.Мусулманкулов чыгармачылыктын үстүндө активдүү изденип, ар кандай жанрдагы оозеки чыгармаларды жатка айтуучулук өнөрдү кесип кылып, үй-бүлөсүн баккан. «Өзү абдан жарды бир киши болуп, ар кимдерди мактап, жамак айтып же болбосо ыр, жомоктор айтып жүрүп ошону менен кечинет» деп жазган К.Мифтаков[2]. Жардылык, жокчулук кыргыз фольклорундагы

[1] Алагушев Б. «Ак таңдай акын» // Ала-Тоо. – 1983. – № 9. – 114-б.

[2] Жаныш, Байыш. Кырг. Респ. УИА, кол жазмалар бөлүмү, инв. № 16. – 114-115-б.

таланттардын өмүр баянында жаңы тема эмес, кыргыз адабиятынын тарыхында М.Мусулманкулов сыяктуу чыгармачылыкты кесип кылып үй-бүлөсүн баккан өнөр адамдарынын бир тобу кездешет.

Кыргыз адабиятындагы акындар чыгармачылыгы боюнча көп эмгек сиңирген окумуштуу Ж.Таштемировдун: «Акындык поэзиянын аткара турган көп жактуу функциясынын бири анын оозеки эл чыгармачылыгы менен карым-катышы жана салттуулугу»[1] деп жазганындай, М.Мусулманкуловдун ырлары элдик оозеки чыгармачылыктын эпикалык жанры менен тыгыз карым-катышта болуп, ар бир сабында эпикалык дух сезилип турат. Мусулманкуловдун ырларында элдик лирикалуулук менен эпикалык салттуулук жуурулушат. Мисалы, анын «Баатырлар», «Уулума» деген ырларында:

Аксакал Бакай баштаган,
Эл үчүн топтоп эр Манас,
Эрлерди жоого маштаган[2]
Атаң Бакай, эр Манас,
Каныкейлер колдосун[3] –

деген саптарда көрүнүп тургандай акындын ырлары эпикалык сюжет менен бекем карым-катышта жазылган. Акындар чыгармачылыгынын кайсы гана өкүлү болбосун анын чыгармачылык казынасынын көрөңгөсүн, элдик оозеки көркөм сөз өнөрүндөгү эпос, дастан, уламыш, жомоктор түзөт. Акын, жазуучулардын чыгармачылык шыгынын ойгонушуна түрткү болгон өбөлгөлөр да түр-

---

[1] Таштемиров Ж. Токтогул жана акындык поэзия. – Фрунзе: Илим, 1980. – 7-б.

[2] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 40-б.

[3] Жогорудагы китеп, 68-б.

дүү жанрдагы фольклордук чыгармалар экени илимде таасын далилденип келген.

Акындар эл турмушундагы көргөн-билген окуяларды көркөм сөз өнөрүнүн асылдары менен шөкөттөп, поэтикалык материалдар менен байытып, поэзиянын тили менен кайра элге сунат. М.Мусулманкулов да акындар чыгармачылыгына мүнөздүү болгон угуу, үйрөнүү, тарбия алуу жолдорун басып өткөн. Анын ырчылык өнөрү менен «Манас» айтуучулук таланты бири-бирине тыгыз байланышта, б.а. бири экинчисинин пайда болушуна себеп болгон. Акындар чыгармачылыгынын тарыхы, табияты жана идеялык-тематикалык ал-абалы тууралуу изилдеген эмгектерде, мисалы, филология илимдеринин доктору М.Көлбаеванын изилдөөсүндө: «элдик оозеки чыгармачылык менен акындардын чыгармачылыгынын тыгыз байланышы – биринин жарылышы үчүн экинчисинин негизги булак болуп берген табигый түрдөгү эволюциялык өнүгүшү жүрүп отурары»[1] белгиленген. Мусулманкуловдун чыгармачылык дүйнөсүндөгү мындай эволюциялык кубулуш анын чыгармачылыгын мазмун, форма, тема жана идеялык жактан да жаңылоого алып келген. Ал жаштык кезиндеги элдик оюндарда кара сөздү жорголото элдик салттуу ашыктык темасындагы күйгөн, секетпай ырларын ырдап келген болсо, доор алмашканда советтик адабияттын идеологиясы менен оозеки салттуу поэзиянын тилин, дилин жуурулуштурууга аракет кылган. Бала кезинен ыр-күүгө жакын чоңойгон М.Мусулманкулов өзүнөн мурунку устаттардан уккан салттуу тематиканы пайдаланып, жаңыча импровизациялоо менен жамактатып ырдаган. Ал

[1] Көлбаева М. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы. – Бишкек: К.Карасаев атындагы БГУ, 2014. – 22-б.

өз аймагындагы көптөгөн аш-тойлордо ар түрдүү жанрдагы элдик оозеки чыгармаларды аткарып, күү чертип, эски нускалуу сөздөн сүйлөп, уккан элди эриктирбей тойдун көркүн ачкан. Жалпы адамзаттык ашыктык, өмүр, өлүм, жаратылыш жөнүндөгү салттуу поэзиянын үлгүсүндөгү ырлары манасчыны элдик лирик акын катары көрсөтөт. Ашыктык ырлары акындар чыгармачылыгындагы өлбөс, өчпөс темалардан болуп, кайсы гана мезгил болбосун актуалдуулугун жоготпой, кыргыз адабиятынын тарыхында ак таңдай Барпы, Жеңижок, Калык, Коргол, Осмонкул, Токтогул, Эшмамбет ж.б. көптөгөн төкмө жана жазгыч акындардын көркөм дүйнөсүндө да негизги орунду ээлеп келген.

Ашыктык, өмүр, өлүм сыяктуу акындар чыгармачылыгындагы салттуу темалар М.Мусулманкуловдун ырларынын негизги пафосун түзөт. Бир көргөндө ашык болуу, жүрөктө так калуу, сулууну айга, күнгө теңеп, ал үчүн күйүп-жануу, алоолонуп от болуу ж.б. өңдүү ашыктык сезимдерин чагылдырган. Мисалы:

Эл өйдө көчсө токтолуп,
Ээликкен жүрөк козголуп,
Ашыктык оту жалындап,
Акылдан чыгат октолуп[1].

Акындын мындай ырларын атай берсек арбын. М.Мусулманкулов «Күйгөн», «Кагылып», «Чок бойдон», «Айдайым» ж.б. ашыктык ырларында күйгөн ыр мотивиндеги туруктуу формулаларды кеңири колдонгон.

Өмүр, өлүм темасынан Коргоол, Токтогул, Эшмамбет ж.б. акындар чыгармачылыгынын алптарынан тартып

[1] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 56-б.

профессионалдык поэзиянын мурунку жана бүгүнкү ысымдары да кыйгап өтө алышпаган. «Асыресе акындык поэзиянын объектисиндеги эң көп жолуккан туруктуу темага айланганын танууга болбойт. Тээ орто кылымдарда өмүр сүргөн ысымдары бизге уламыш аркылуу жетип отурган Бука ырчы, Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Үмөт уулу Жайсаң сыяктуу эл акындарынан тартып, XVIII-XIX кылымдардагы андан берки бүгүнкү күнгө чейинки акындардын адабий мурастарынан өмүр, өлүм темасын арбын жолуктурууга болот»[1]. Мисалы, өмүрдүн ар кайсы жаш курактарынын бүтүндөй бир циклин жазган Коргоол акындын «Өмүрүм», «Карылык» деген ырлары төрөлүп, акыл-эске кирип, жаштык, орто курак, карылыкка чейинки турмушту ырга салуу менен ошол доордун да элесин көз алдыга тартат. Ал эми М.Мусулманкуловдун «Өмүргө», «Балдарым», «Карылык», «Дагы бир жолу карылык жөнүндө» деген ырлары жаштык – карылык, өмүрдү баалоо, барктоо – кордоо, кырчын курак – алдан таюу, күч-кубат – алсыздык, өмүр – өлүм, эмгектенүү – эмгекке жарамсыздык сыяктуу ар бир жаш куракка мүнөздүү сын-сыпат, түшүнүктөрдү образдуу чагылдырат. Өмүр өтүп кете электе кырчындай жаштыктын баркын сезе билүү, ал-күч барда эл-жерге кызмат кылуу идеяларын ортого салат. «Дагы бир жолу карылык жөнүндө» деген ырынан мисал келтирели:

Жаштыкка жакын жолотпой
Алысты карай тээп салды.
Көмүрдөй кара чачыма
Ак күмүштөн сээп салды[2].

---

[1] Турдугулов А. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты. филол. илим. д-ру ...дис. /. – Бишкек, 2010. – 62-б.

[2] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 63-б.

Өмүрдүн эң бак-дөөлөттүү мезгили болгон карылыкты акын таамай штрихтер менен элестүү сүрөттөгөн. Карылык дегенде «тиш түшүү, чачты ак басуу, уйкунун качышы» өңдүү белгилер эске келет. Тизилген аппак тишти – күрүчкө, кара чачты – көмүргө, чачтын агарышын – күмүшкө салыштыруу сыяктуу тилдик көркөм каражаттардын ыктуу колдонулганы ырдын поэтикалык көркөмдүк деңгээлин көтөрөт. Акын мындай ырларында өмүрдүн баалуулугун, мезгилдин шашмалыгын, убакытты туура пайдалана билүү керектигин билдирет. Өзү алдан тайып, ичер суусу түгөнүп, өлүмгө жакын калганына кейигени менен артында тукумун улаган уул-кыздары өмүрүн улантып келе жатканына кубанат. Мисалы, «Өмүргө», «Балдарым» ж.б. ырларында өлүмдүн арты өмүр же бири өлсө бири жаралып, адамзат тукуму уланып келген терең философиялык элементтерге сугарылган жашоо айлампасын чагылдырат:

Кырка тоону кыдырып,
Алтын табак ай барат.
Күн артынан ай өтүп,
Жер шары тынбай айланат[1].

Ал эми «Жаштарга», «Аталык кеңеш», «Баатырлар», «Жаштарга насаат», «Уулума», «Энемдей көрүп», «Конуп кет», «Кана эмесе», «Балдарым», «Балдарыма айтаарым», «Ала-Тоонун кыздары» ж.б. ырлары үгүт-насыят, моралдык-этикалык, тарбиялык маселелерди камтып, жаштарды ата-бабадан калган ата журтун көздүн карегиндей сактоого, талыкпай билим алууга, эл-жер үчүн ак кызмат өтөөгө үндөйт.

---

[1] Жогорудагы китеп, 75-б.

М.Мусулманкуловдун ырларында кыргыз элинин жашоо-турмушу, жүрөгү мекен деп соккон, ак эмгек, адал кызмат өтөгөн, адамдын таза пейли, Ала-Тоонун кооз, көркөм жаратылышы кыргыз жеринин сулуу табиятына параллел каралат. «Жайлоонун», «Жаз» ж.б. табият, мезгил темасындагы ырларында адам менен жаратылыштын ортосундагы гармонияны, табияттагы ар бир жандуу жана жансыз нерсе, көрүнүш же кубулуштардын кооздугун жар салып, мекенди, дүйнөнү сүйүү жана сактоо идеяларын билдирет. М.Мусулманкуловдун табият лирикалары жыл мезгилдерин жана тоо, токой, суу, айдың талаа, адыр, бел ж.б. жаратылыш компоненттерин көркөм сүрөттөйт. Мисалы «Көрк», «Ким сонун», «Терме», «Болобу», «Жайлоонун» деген ырлары акындар поэзиясынын салтуу санат-насыят, үлгү, терме түрүндө айтылып, улуу акын Токтогулдун термелери менен бирдей салттуу поэтикалык формулаларды колдонушканы байкалат. Мисалы, Т.Сатылгановдун «Үлгү ырлары» менен М.Мусулманкуловдун «Көрк» деген термелеринин айрым саптарын салыштырып карап көрөлү.

Т.Сатылганов:

Жылкынын сыны кулунда,
...Баланын көркү энеде,
...Бычактын көркү кынында,
...Сулуунун көркү калда бар[1]

Ал эми М.Мусулманкуловдо:

Күлүктүн көркү сынында,
...Ак эмчегин балкытса,

[1] Токтогул. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 44-б. – («Залкар акындар» сер. 5-т.)

Эненин көркү балада
...Кылычтын көркү кынында,
...Сулуунун көркү калында,[1]

Берилген мисалдарда көрүнүп тургандай Т.Сатылганов жылкынын сын-сыпаты кулун кезинде билинет десе, М.Мусулманкулов күлүктү туруш-турпатынан, мүчөсүнөн байкоого болорун билдирет. Т.Сатылганов бычактын көркү кынында десе, М.Мусулманкулов бычак эмес, кылыч деп манасчы катары ырга эпикалык түс берет. «Көркү эмнеде же кимде», «көркү болобу» деген туруктуу формуланы пайдаланган акындар бири экинчисин тыш көрүнүшү же ички мазмуну жагынан толуктап турган адамзат жашоосунун керемет сырларын тизмектеген. Эки акындын «Болобу» деген термелеринде да тематикалык окшоштук кездешет. Мисалы: Т.Сатылганов:

Жайылып малы толбосо,
Төрдүн көркү болобу?[2]

М.Мусулманкулов:

Шибер чөбү болбосо,
Малдын көркү болобу?[3]

Т.Сатылганов:

Бүрдөбөсө буралып,
Талдын көркү болобу?[4]

---

[1] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 105-106-б.

[2] Токтогул. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 17-б. – («Залкар акындар» сер. 5-т.)

[3] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 102-б.

[4] Токтогул. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 17-б. – («Залкар акындар» сер. 5-т.)

М.Мусулманкулов:

Жалбырагы болбосо,
Бактын көркү болобу?[1]

М.Мусулманкулов менен Т.Сатылгановдун философиялык мазмундагы терме ырларындагы тема, мазмун, форма жана стилдик жактан жалпылыгы – бул, экөө тең акындар чыгармачылыгындагы салттуу поэтикалык формулаларды колдонгондугунда. М.Мусулманкулов да, Т.Сатылганов да «көрк», «болобу?» деген туруктуу формуланы чеберчилик менен колдонуп, ар бири өз чыгармачылык дараметине, жеке көз карашына жараша ырдаган. Жаратылыштагы ар кандай кубулуштардын бул дүйнөдөгү ордун жана аткарган кызматын, канчалык даражада пайдалуу же тескери жактарын чечмелеп, аларды образдуу көтөрүп чыгып, касиет-сапаттарын мүнөздөөгө алган терме ыр формасы – кыргыз элинин оозеки казынасынын акындар чыгармачылыгында көп колдонулган формалардын бири. Акындар поэзиясында «Токтогулдун мурастары форма, мазмун, мотивдери боюнча элдик оозеки адабияттын үлгүсүндө»[2] ырдалганы белгиленген. Демек, Т.Сатылганов да, М.Мусулманкулов да элдик оозеки чыгармачылыктын салттуу үлгүлөрүнөн азыктанган, бирок эки инсандын чыгармачылык көрөңгөсү бири акындык (төкмөлүк өнөр), бири манасчылык өнөр (эпикалык жанр) багытында чыгармачылык «бактысын» тапкан (өнүккөн).

М.Мусулманкуловдун «Май айы», «Жаз», «Жаз келди», «Жаз көркөмү» ж.б. жаз жөнүндөгү ырлары анын

[1] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 102-б.

[2] Турдугулов А. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты. филол. илим. д-ру .. дис. /. – Бишкек, 2010. – 63-б.

сулуулук, жаңылануу, жашаруу, тазалануу, жашылдануну жакшы көргөн сезимдерин чагылдырат. «Кирген суу», «Көлүмө», «Көлүм ай», «Нарын дайра», «Соң-Көлдүн көркү» ж.б. ырлары дарыя жана көлдөрүнүн касиетин, сулуулугун, ыйыктыгын даңктайт. Акын «Нарын дайра» деген ырында:

**Кан тамырдай** туура суулар,
Туш тараптан биригип,
**Тоодой болгон ажыдаарлар**,
Келаткандай сүрүлүп.
Капчыгайдын ичин жарып,
Жинденесиң шаркырап.
Жээгиндеги карагай, тал,
**Корконунан** калтырап[1].

Адамдын кан тамырлары сымал Нарын дарыясына куйган куймалар жана суунун шарапатынан корккон кишидей калтыраган бак-дарактын ичке бутактары, оозунан көбүк чачылып аймап салчу ажыдаардай болгон дайранын агымы салыштырма, метафоралар сыяктуу көркөм каражаттар менен элестүү сүрөттөлгөн.

М.Мусулманкуловдун жалпы жарыяланган ырларын тематикалык жактан төмөндөгүдөй сегиз топко бөлүштүрүүгө болот:

1. Ашыктык ырлары.
2. Өмүр, өлүм темасындагы ырлар.
3. Терме ырлары.
4. Акыл-насаат, үлгү ырлары.
5. Жаратылыш жөнүндөгү ырлар.

[1] Мусулманкулов М. Молдобасан: ырлар жана дастан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 62-б.

6. Замандын талабына ылайык колхоздоштуруу, Ленин жана партияга арналган ырлар.

7. Арноо ырлары.

8. Ар кыл темадагы ырлар.

Жыйынтыктаганда, М.Мусулманкуловдун ырлары элдик салттуу ыр формасында лирика менен эпикалык жанрдын айкалышуусунда жаралган; анын чыгармаларынын негизги бөлүгүн ашыктык, жаратылыш, өмүр, өлүм темасындагы ырлары түзөт; ашыктык, өмүр, өлүм темасындагы ырлары адамзат жашоосундагы түбөлүктүүлүк, рухий баалуулукка байланышкан философиялык түшүнүктөрдү чечмелөөгө алат; үлгү, насыят, терме ыр формасындагы жаш муундарга арналган ырлары мекенди сүйүүгө, эмгекке, билим алууга, эл уулу болуп кызмат кылууга үндөп, таалим-тарбиялык, моралдык-этикалык жүрүш-туруш маселелерин чагылдырат. М.Мусулманкуловдун бала кезинен элдик оозеки чыгармачылыкты көп угушу ырчылык өнөрүнүн ачылышына көмөк берсе, ырчылыктагы импровизациялоо жөндөмдүүлүгү элдик эпикалык чыгармаларды өздөштүрүүгө түрткөн. М.Мусулманкулов эл ичинде манасчы катары таанылганга чейин мукам үндүү ырчы делип ардакталып келген. Ошондуктан М.Мусулманкуловдун манасчылыгын изилдөөдө анын акындык өнөрүн, ырчы, аткаруучулук талантынан аттап өтүүгө мүмкүн эмес.

## 3. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН МАНАСЧЫЛЫК ӨНӨРҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫ

Манасчылык өнөрдү аздектеп келген улуу инсандар бул касиетке кантип ээлик кылып калгандыгын көбүнчө кереметтүү аян түш көрүүгө байланыштырышат. Түш көрүү аркылуу манасчы болуп калгандыгын айтуу манасчылардын өмүр-таржымалында салтка айланып калгандыгы белгилүү. Ошондой болсо да, М.Мусулманкуловдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу жазылган булактарда анын түш көргөндүгү тууралуу маалымат кездешпейт. Арийне, манасчынын күнүбүздө жашап жаткан урпактарынын айтуусу боюнча М.Мусулманкулов жаш кезинде эпостун каармандары менен аралашып жүргөндөй аян түш көрөөрүн жана баатырлардын арбагы колдоорун көп айткан[1].

М.Мусулманкулов жогорудагы бөлүмдө айтылгандай алгач эл арасында мукам үндүү акын, ырчы катары таанылган болсо, кийинчерээк ыр түрүндө кара сөз аралашкан формадагы жөө жомок («Акылдуу кыз менен зулум хан»), поэма, кенже эпосторду айтуу деңгээлине көтөрүлгөн. Анын айтуусундагы «Күлбаарам менен Асан» жана «Осмон» деген ыр аралаш кара сөз түрүндө айтылган поэмалары «Эл адабияты» сериясынын 15- жана 17-томдорунда жарыяланган. Элдик поэмалардын тарыхый, типологиялык табиятын тыкыр изилдөөгө

---

[1] М.Мусулманкуловдун чөбөрөсү Данышманова Берметтин эскерүүсү боюнча (жазып алган Жанар Өмүралиева)

алган фольклорист Г.Орозова М.Мусулманкуловду «талант деңгээли күчтүү, чыныгы жаратуучу, өзүнөн мурункулардан укканын дароо өздөштүрүп, кайталап айтып койгон ышкыбоз айтуучулардын»[1] катарына кошот. М.Мусулманкулов чыгармачылыгынын эволюциялык өнүгүшүндө майда лирикалык жанрдан ири эпикалык жанрга өтүүдө дароо секирик жасаган эмес, ал алгач көлөмдүү сюжеттеги эпикалык чыгармаларды ыр түрүндө жана кара сөз менен айтылган жөө жомоктук форманы айкалыштырып айткан. Буга анын жогорудагы поэмалары мисал болот.

М.Мусулманкуловдун импровизациялоо жөндөмү бара-бара элдик чыгармаларды жалаң ыр түрүндө айтууга шык берип, «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Жаңыл Мырза» сыяктуу элдик баатырдык кенже эпосторду айта баштаган. К.Мифтаков 1922-жылы М.Мусулманкуловго жолугуп, андан «Курманбек» жана «Жаныш, Байышты» жазып алган. К.Мифтаков ошол материалдын аягында М.Мусулманкуловдун өмүрү тууралуу да кыскача маалымат берип өткөн. Бирок жыйноочу М.Мусулманкуловдун «Манас» эпосун же анын кайсы бир бөлүктөрүн айтаары жөнүндө маалымат берген эмес. Ал эми К.Рахматуллин М.Мусулманкуловду керемет үндүү ырчы жана семетейчи деп жазган. «Молдобасан стал известен как певец, владеющий прекрасным голосом, уже с 17 лет. К 25 годам своей жизни Молдобасан начал петь «Семетея». Его учителем были семетейчи Калыгул и Тоголок Молдо»[2]. М.Мусулманкулов «Семетей» эпосундагы өзгөчө Семетей

[1] Орозова Г. Кыргыз элдик поэмаларынын табияты. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 11-б.

[2] Рахматуллин К.А. Творчество манасчи. Китепте: «Манас» героич. эпос кирг. народа. – Фрунзе: Илим, – 1968. – 88-б.

менен Айчүрөктүн окуясын өтө бийик эргүү менен берилип, уккан аудиторияны муюта айтканын илимий, публицистикалык макалалардын авторлору Буудайбек Сабыр уулу, Балбай Алагушев ж.б. эскерет.

М.Мусулманкулов «Семетейди» 25 жашынан тартып айта баштаган болсо, ал эми эпостун биринчи бөлүгүн качан, канча жашынан тарта айта баштаган деген суроонун үстүндө хронологиялык анализ жүргүзүп көрөлү. Айтуучулук өнөр дээринде бар М.Мусулманкулов жаш кезинен эле дайыма чыгармачылык изденүүнүн артында талыкпай эл кыдырып, эпостун үзүндүлөрүн айтып, башка айтуучуларды да угуп, чыгармачылык өнөрдүн түрдүү багытындагы адамдар менен тыгыз байланышта болуп турган. Ал тянь-шандык жана көлдүк манасчылардын варианттары менен жакындан тааныш болуп, манасчылык өнөрүн калыптандырууда кайсы мектептин өкүлү болбосун аны угуп, туюп, үйрөнүүгө ынтызарланган. Ырчылык өнөр менен жер кыдырып жүргөндө башка манасчылардан уккан, көргөндөрү менен эпикалык көрөңгөсүн байытууга аракеттенген. М.Мусулманкуловдун үйүндө бир жылча чогуу жашап, он жылдай ата-баладай жылуу мамиледе болгон айыл чарба илимдеринин доктору, академик Жамин Акималиевдин эскерүүсү боюнча М.Мусулманкулов улуу манасчы С.Орозбаковду болжолдо 1928-29-жылдардын аралыгында Кочкордо көргөн. «Сагынбайдын тили укмуш, мен ошонун жолу менен кеттим»[1] – деп эскерген М.Мусулманкулов. М.Мусулманкуловдун замандаштарынын айткандарына караганда Молдобасан манасчы жылдыздуу, мүнөзү шайыр, жумшак, боорукер киши болуп, анын үйү келген

[1] Академик Жамин Акималиевдин эскерүүсү боюнча (жазып алган Жанар Өмүралиева)

кеткен коноктон куру болгон эмес. Анын үйүнө жердештери, кесиптештери, тууган-уругу, жоро-жолдоштору тынбай каттап турган (учурунда Ак-Талаадан Фрунзеге келген кишинин көбү М.Мусулманкуловдун үйүнө келген). Алардын арасында Молдобасандын эң жакшы көргөнү – атактуу манасчы С.Каралаев болгон. «С.Каралаев Молдобасан атанын үйүнө бат-бат келип турчу. Ал келген сайын экөө көпкө чейин кобурашып отуруп, Молдобасан ата Саякбайды «Манас» айттырмайынча кетирчү эмес. «Сагынбайдын сөзү күчтүү, Саякбайдын айтканы күчтүү» – деп, Молдобасан ата Сагынбай менен Саякбайды абдан жогору баалачу»[1]. Эскерүүгө караганда М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптанышына С.Орозбаковдун айтуучулук таланты жана С.Каралаев менен чыгармачылык пикир алмашуулары зор таасир тийгизген.

М.Мусулманкуловдун манасчы катары Кыргызстандын бардык аймагына таанылышына Кыргыз мамлекеттик филармониясы (азыркы Т.Сатылганов атындагы улуттук филармония) себеп болгон. Ал 1933-1952-жылдар аралыгында Кыргыз мамлекеттик филармониясында солист болуп эмгектенген. Жыйырма жылга жакын кыргыз элинин атактуу Алымкул Үсөнбаев, Атай Огонбаев, Калык Акиев, Карамолдо Орозов, Осмонкул Бөлөбалаев, Шаршен, Ыбрай сыяктуу элдик нукура таланттар – ырчы, төкмө акын, комузчулар менен кызматташ болгон. М.Мусулманкулов «манасчылык менен бирге комуз чертип, ыр ырдаган, обон чыгарган. Ушундай ар кыл чыгармачылыктагы талanttуу шайырлардын чыгармачылыгы филармониянын өз алдынча

[1] Академик Жамин Акималиевдин эскерүүсү боюнча (жазып алган Жанар Өмүралиева)

колоритин, улуттук жүзүн аныктоодо чечүүчү ролду ойногондугун» филармониянын илимий басылмалары тастыктайт[1]. М.Мусулманкулов 1939-жылдагы кыргыз искусствосунун Москвада өткөн декадасына катышкан. Манасчынын кыргыз маданиятынын өнүгүшүнө кошкон салымы жогору бааланып, ал Кыргыз ССРинин Эл артисти деген наамга татып, бир нече орден жана медаль менен сыйланган. Мунун өзү М.Мусулманкуловдун чыгармачылыгынын кыргыз фольклорунда орду бийик дегенди түшүндүрөт.

М.Мусулманкуловдун канча жашынан тарта эпостун биринчи бөлүгүн айта баштаганын так айтуу кыйын. К.Рахматуллин Молдобасан манасчыны семетейчи деп атап, 25 жашынан «Семетейди» айткан дейт, демек бул 1908-жылдан кийинки мезгилди камтыйт. Ал эми 1922-жылы манасчыга жолуккан К.Мифтаков М.Мусулманкуловдун «Манастын» кайсы бир бөлүгүн айтаарын укса жазбай коймок эмес, демек бул мезгилде анын манасчылык өнөрү бышып жетиле элек болгон. 1922-жыл менен филармонияга кабыл алынганга чейинки 1930-жылдын аралыгында М.Мусулманкулов семетейчи катары таанылган болсо, ал эми эпостун биринчи бөлүгүн толук болжол менен 30-жылдардан кийинки мезгилде айта баштаган. Ал мезгилде үчилтиктин биринчи бөлүгүнүн эпизоддорун жан дүйнөсүнө топтоп, сюжеттик структурасын иретке келтирип, эпикалык формулалардын үстүндө иштеген, С.Орозбаков сыяктуу улуу манасчылардын айткандарына таасирленген, артынан «ээрчиген», акырындап «Манасты» толук айта баштаган. Ошентип, М.Мусулманкулов эпостун үч бөлүгүн

---

[1] Кыргыз улуттук филармониясы: тарыхый очерк. – Бишкек: Бийиктик, 2006. – 134-б.

төң айткан чоң, такшалган манасчы катары 45-50 жаштын арасында көпчүлүктүн алдына чыккан деп жоромолдоого болот. Жыйынтыктаганда М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн толук калыптанып, өнүгүү мезгили филармонияда иштеп турган учурга туура келет. Буга чейин ал ырчы катары өзү туулуп өскөн аймакта гана белгилүү болсо, манасчылык өнөр менен бүтүндөй кыргыз жергесине таанылган.

«Манас» эпосун жаратып, өнүктүрүп аны жандуу айтып жүргөндөр – булар, элдик улуу таланттар, так айтканда манасчылар. М.Мусулманкулов манасчы болгонго чейин чыгармачылыктын бир нече тепкичин басып өткөн.

1. Айылдагы ыр-күү жаңырган, көпчүлүк чогулган жайларга көп барып, жан дүйнөсүнө түрдүү жанрдагы тексттерди, туруктуу айтылган формулаларды, ыргакты, обонду акырындап сиңирген. Чыгармачылыктагы алгачкы кадамы – ырчылык жамакчылык менен башталып, өз аймагына таанылган мыкты импровизатор акын болгон.

2. Чыгармачылыгына өтө этияттык менен мамиле кылып, жанрдык жактан кичинеден чоңго карай ирээти менен көтөрүлгөн. Ал бара-бара элдик поэмаларды, баатырдык кенже эпосторду айта баштаган. Эпостун негизги сюжеттик мазмунун терең өздөштүрүү менен мотивдерди колдонуу жагынан байыркылык негизин бузбастан жомоктотуп айтуучу катары таанылган.

3. Бул мезгилде ал эпикалык чыгармаларды айтуунун техникаларын үйрөнүп, ыргак, муун түзүлүшү, речитатив, көркөм каражаттарды, эпикалык формулаларды колдонууну өздөштүргөн. Эл аралап чоң таланттар менен таанышып С.Орозбаков, С.Каралаев сыяктуу

манасчылык өнөрдүн улуу корифейлеринен таалим алган, жаңы чыгармаларды кабыл алуу, эсте сактоо жана уккан-көргөндөрүн жан дүйнөсүнө сиңирип, аны кайра жаңыча иштеп чыгаруу процессин үйрөнгөн.

Устаттан тарбия алуу манасчылык өнөрдүн калыптанып, өнүгүшүндө маанилүү орунда турат. «Табият берген шык, жөндөмдөн сырткары болочок манасчы тексттин жалпы мазмунун өзүнөн мурунку устатынын айтуусунан угуп кабылдайт, ошол күчкө, өнөргө тартылат, тубаса шыгы, жөндөмү ага шыкак болуп, акырындап айтуучулукка каныга баштайт»[1]. М.Мусулманкулов манасчылык өнөрүн калыптандырууда С.Орозбаковду устаты катары туу тутуп, андан үйрөнгөндөрүнүн негизги гана өзөгүн сактап, ал эми сюжетти баяндоо, сүрөттөө, образдарды жаратуу, портреттерди түзүү, туруктуу эпикалык формула жана көркөм каражаттарды колдонуу, өнүктүрүү, ыр куроо жагынан жеке чыгармачылык, импровизациялык казынасына таянган. «Исполнитель не повторяет буква в букву того, что он слышал, а вносит в слышанное им свои изменения»[2] деп, В.Я. Пропптун белгилегениндей, М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосу устаты С.Орозбаковдун вариантына жакын болгону менен андан өзгөчөлөнүп турган айырмачылыктар да арбын жолугат. Кээ бир жерде С.Орозбаковдон да ашыра айткан көркөмдүк өзгөчөлүктөргө ээ саптар кездешип, айрым эпизоддор М.Мусулманкуловдун поэтикалык жөндөмдүүлүгүнө жараша өнүктүрүлүп, толукталып отурган. Бул өзгөчөлүктөр тууралуу алдыда атайын сөз болот.

---

[1] Орозобекова Ж.К. Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу: филол. илим. д-ру ... дис. – Бишкек, 2014. – 13-б.

[2] Пропп В. Я. Фольклор и действительность. – М.: Наука, 1976. – 23-б.

Музооке, Тоголок Молдо ж.б. көптөгөн таланттар чыккан аймакта төрөлгөн М.Мусулманкуловдун көркөм чыгармачылык шыгын ойготкон дагы бир себеп – Терек суусунун боюндагы Терек айылынын тактап айтканда туулган жердин касиеттүү суусу жана топурагы. Кыргыздын белгилүү композитору Калый Молдобасанов да ушул жерде туулган. Ал атасы Асанбектен эрте ажырап, чоң атасы Молдобасандын колунда, анын чыгармачылыгынын бышып турган мезгилинде ырчылык, манасчылык сыяктуу көркөм дүйнөдө тарбияланып, эр жеткен. Ал «атактуу элдик музыкант, манасчы М.Мусулманкуловдун үй-бүлөсүндө төрөлүп, өнөрү элге кеңири таанымал белгилүү манасчы, төкмө, ырчы, комузчу чоң атасынын өмүрү Калый үчүн адеп-ахлактын идеалы, ардактуу, асыл өнөр – музыкага кызмат өтөөнүн чыныгы үлгүсү болуп келген. Калый чоң атасынын замандаштары тез-тез каттап турган А.Малдыбаев, А.Огонбаев, Ж.Шералиев, К.Акиев, К.Орозов, М.Баетов, М.Күреңкеев, С.Бекмурадов, Ш.Термечиков сыяктуу өнөр адамдарынын чыгармачылык таасиринде чоңойгон жана Калый аларды «өзүмдүн өзгөчө бир үй-бүлөлүк музыкалык университетим»»[1] деп атаган. Мына ушул эскерүүлөрдүн өзү эле Калый Молдобасановдун чыгармачылык ийгиликке жетишишинде М.Мусулманкуловдун тийгизген таасири зор экендигин жана анын үй-бүлөдө ата, чоң ата катары үлгүлүү адамдык сапаттарын тастыктайт.

Манасчылардын эпосту айтып ооруган адамды же малды дарылап, боюнда бар аялдын толгоосун жеңилдеткени тууралуу эл арасындагы аңыз уламыштарда

---

[1] Уразгильдеев Р. Х. Калый Молдобасанов. – Бишкек: Технология, 1999. – 5-б.

айтылып келген. Молдобасан манасчы да балдардын тиши ооруганда Баатырдын арбагына жалынып, ырымдап, сууга дуба окуп дарылаган табыптык касиетке ээ болгон. Тууган-уругу манасчыга «Сенин тилиңдин мөөрү бар, балдарга жаман айтпа, сөзүң тийип калат!»[1] деп айтышчу. Кыргыз эл адабиятынын тарыхында «Манасчылардын ырчылык жана бакшы-шамандык кош кызматты аткарып келгенин»[2] изилдөөчүлөр да ырастайт. Ошондой эле, манасчылардын эпосту айтуу учурундагы угуучуга, айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жөнүндө илимий-практикалык тажрыйбалар да жүргүзүлгөн: «Результаты экспериментов и исследований в области социологии, психологии, нейрофизиологии, биохимии и биомагнетизма, мы пришли к следующему мнению, что сам процесс живого исполнения эпоса является не только эстетическим действием, но и имеет в себе ритуализированный характер и выполняет определенные функции: 1) гармонизирует духовную составляющую слушателя, вводя его в трансовое состояние; 2) воздействует на окружающую среду и погоду; 3) исцеляет слушателей от разных болезней»[3]. Элдик оозеки чыгармачылыкта айтуучулардын дарыгерлик касиетке ээ болушу кыргыз элинде гана эмес, дүйнө элдеринде да кездешет. Милмэн Пэрринин Югославиядагы эпикалык салттуулукту изилдөө учурундагы жыйнаган материалдарында Салих Углянин деген айтуучу «адамдардын

---

[1] М.Мусулманкуловдун чөбөрөсү Данышманова Берметтин эскерүүсү боюнча (Ж.Ө.)

[2] Нарынбаева Н.О. Ырчылык феномени. – Бишкек, 2016. – 8-т. – 5-б. – («Залкар акындар» сер. 8-т.)

[3] Бакчиев Т. Роль живого сказывания эпоса «Манас» в жизни общества // Вестн. Северо-Вост. федерал. ун-та им. М.К. Аммосова. Сер. Эпосоведение. – 2016. – № 4 (04) 2016. – 29-б.

буту сынса дарылап берем»[1] деп, дарыгерлик касиетин да баса белгилеген.

Жыйынтыктаганда, «Манас» эпосунун сюжетинин кеңейиши, көркөмдүк мазмунунун байышы, ошол эле учурда өзүнүн баштапкы көөнө формасын сактап калышында эң негизгиси муундан-муунга өтүп биздин заманга чейин жандуу жашап келишинде манасчылардын эмгеги сөз менен айтып бүткүс. Манасчылардын томуктай башына тоодой ыр саптарын, миңдеген каармандарды, бири-бирине чиеленишкен сюжеттик эпизоддорду батырган эс-тутумунун күчтүүлүгү, турган жерде жаңы бир окуяны импровизациялап жиберген жөндөмдүүлүгү бүгүнкү күнгө чейин жана бүгүн да окумуштуулардын эмгектериндеги изилденүүнү талап кылган, түрдүү көз караштты жараткан темалардын бири бойдон калууда. М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптаныш тарыхын төмөндөгүдөй бир нече пунктта корутундулоого болот: 1) Агасы Калыгулдун күү чертип, жомок айтып, сөз өнөрүнө жогору баа берген жан дүйнөсүнүн ыр-күүгө жакындыгы Молдобасандын каныңдагы тубаса чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн ойгонушуна себеп болгон; 2) Бала кезинде атасын, кээде агасын ээрчип аш-той ж.б. көп эл чогулган жайларга барып, улуулардын жомогун, жаштардын ыр-күүсүн угуп таасирленген, бара-бара өзү да колуна комуз алып ырдай баштаган; 3) Музооке, Тоголок Молдо ж.б. таланттар чыккан касиеттүү туулган жердин топурагы, суусу, абасы жана тегерегиндеги аймакта өнөр адамдарынын көптүгү М.Мусулманкуловго чыгармачылык шык, эргүү берген; 4) С.Орозбаков жана Тоголок Молдо сыяктуу улуу

[1] Лорд А.Б. Сказитель. Исследования по фольклору и мифологии востока. – М.: Вост. лит. РАН, 1994. – 30-б.

таланттардан айтуучулуктун сырларын, импровизаторлук чеберчиликти үйрөнгөн; 5) 20 жылга жакын Кыргыз мамлекеттик филармонияда солист болуп эмгектенип, кыргыздын көптөгөн чыгармачыл өнөр инсандары, алп манасчы С.Каралаев жана Осмонкул, Калыктай акындар менен замандаш болуп, чыгармачылык тажрыйбасын бекемдеген; 6) М.Мусулманкулов талбай изденүүчүлүк аракет менен өзүн өзү профессионалдык деңгээлде тарбиялаган. Ал өнөр адамдарынан алган чыгармачылык таасири менен манасчылык өнөрүн өркүндөтүүгө жетишкен. К.Рахматуллиндин изилдөөсүндө Мусулманкулов семетейчи Калыгул жана акын, жазгыч манасчы Тоголок Молдонун окуучусу болгону айтылат. Ал эми М.Мусулманкулов өзү С.Орозбаковду устаты катары эсептеген. С.Орозбаков жана Тоголок Молдо да улуу манасчы Тыныбектин шакирттеринен экенин эске алсак, М.Мусулманкуловду да Тыныбектин мектебинен чыккан, салттуу классикалык манасчылардын өкүлү деп баалоого болот.

# 4. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ КЕНЖЕ ЭПОСТОР: «ЖАҢЫЛ МЫРЗА», «ЖАНЫШ-БАЙЫШ» ЖАНА «КУРМАНБЕКТИН» КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ОРДУ

Абдыкалык Чоробаев, Тоголок Молдо жана Ыбырайым Абдрахмановдордун айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосунун тексттеринин ортосунда орчундуу сюжеттик айырмачылыктар байкалбайт, негизинен бирдей сюжеттик-структуралык түзүлүшкө ээ. Бул үчөөнүн ичинен эң көлөмдүүсү А.Чоробаевдин айтуусундагы текст, бирок «А.Чоробаевдин варианты бардык варианттардын ичинен көбүрөөк оңдоолорго, өзгөрүүлөргө дуушар болгон»[1]. Ал эми М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосу сюжеттик-композициялык жактан окуялардын ырааттуу айтылышы жана эпикалык көөнө формалардын чагылдырылышы жагынан башка айтуучулардын тексттеринен айырмаланат.

«Жаңыл Мырза» эпосу бүгүнкү күнгө чейин көптөгөн изилдөөчүлөр Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, Ж.Суванбеков, А.Жайнакова, Ж.Абдырасулова ж.б. тарабынан сюжеттик салыштыруулар, идеялык-тематикалык, тарыхый жактан, ошондой эле каармандардын образдар системасына, сүрөттөө, баяндоо көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө чейин синхрондук жана диахрондук илимий анализдер жүргүзүлүп келген. Төмөндө М.Мусулманкулов жана А.Чоробаевдин айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосунун

[1] Суванбеков Ж. Кыргыз элинин баатырдык кенже эпостору. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 188-б.

сюжеттик курулмасына системалуу түрдө кыскача илимий талдоо жасалат.

М.Мусулманкулов жана А.Чоробаевдин айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосунун эң негизги сюжеттик жалпылыктары төмөнкүлөр: Жаңылдын баатырдык иштерин даңазалоо; Үчүкө менен Түлкүнүн Жаңылдын жылкысына тийиши; Жаңылдын алардан өч алышы; Түлкүнүн кунун куу; Жаңылдын күйөөгө чыгышы; Жаңылдын качышы.

М.Мусулманкулов «Жаңыл Мырза» эпосун «Кашгарда жүргөндө Жээнбай деген кишиден уккан, бирок, кимден үйрөнгөндүгүн айткан эмес»[1]. Анын айтуусундагы «Жаңыл Мырза» эпосунда негизги сюжеттик окуялар толук камтылып, негизинен эпикалык багытта баатырдыкты даңазалоого көбүрөөк көңүл бурулганы байкалат. Жаңылдын бала кезинен тентек чыгышы, тез эле эр жетиши, өзгөчөлөнгөн баатырдык турпаты, сакралдуу колдоочуларынын болушу сыяктуу мотивдер эпоско баатырдык дух берет. Жанына кырк жигит топтоп, алышканы жоо болуп, атак-даңкы далайга дүң болот. Жаңыл башкалардан өзгөчөлөнгөн баатырдык сапаттарга ээ жана эч кимге көрүнбөгөн эки кыз колдоочусу анын касиеттүүлүгүн билдирет. Мындай мотив А.Чоробаевдин вариантында кездешпейт. Баатыр кыздын эрдигине, күчүнө күч кошкон анын минген аты – Казкара. Ал өз элинин кызыкчылыгын баарынан жогору койгон чыныгы баатыр:

> Ойроттон чыккан кыз болгон,
> Жоо жагына уз болгон,

---

[1] Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтические традиции в эпосе «Жаңыл Мырза». – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1960. – 8-б.

Жолуккан киши жүз болгон,
Баарысы мындан түз болгон,
Колдоочусу кыз болгон,
Түртүшкөн киши түз болгон.
Айтканы тирүү кайтпаган,
Ажалдан Жаңыл качпаган[1].

М.Мусулманкуловдун вариантындагы Жаңыл Мырзанын баатыр катары образында башка варианттарга салыштырмалуу байыркы белгилердин көбүрөөк пайдаланылышы, алсак кыздын колдоочулары, Кумайыктын табылышы, портреттик сүрөттөөлөрдүн эпикалык маанайда гиперболизацияланып берилгени бизге чейинки иликтөөлөрдө тастыкталган. Жаңыл Мырзанын тайганы Кумайык тууралуу айтылган сюжеттик окуя эпостун башка варианттарында кездешпейт. Күчүктүн ар кимдин эле колунда багылып ит боло бербестиги тууралуу мифтик ишеним Жаңылдын образындагы аялдык аруулук, билгичтик, акылдуулугун айкындайт.

М.Мусулманкуловдун вариантында А.Чоробаевдин вариантына салыштырмалуу согуштук иш-аракеттер күчтүү берилген. Өзгөчө Жаңыл менен Бурхуй баатырдын жекеге чыгышы, согуш талаасы, Жаңылдын көзгө атар мергендик дараметинин күчтүүлүгү элестүү чагылдырылган. Согуш талаасында толтосунан кан жайылып, башы кесилип жаткан өлүктөр, аны көргөндө кара жанынан безип качкандар көз алдыга тартылган экран сымал даана сүрөттөлөт.

М.Мусулманкуловдун вариантында башка варианттардан айырмаланган эң негизги сюжеттик өзгөчөлүк

[1] Жаңыл Мырза. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 280-б. – («Эл адабияты» сер. 9-т.)

– Жаңылдын өз баласын өлтүрүп таштап, качып кеткени. Жаңыл антка бекем, сөзгө терең маани берген, ар-намыс, абийир, адамкерчиликти баарынан жогору койгон, оозунан чыккан сөз үчүн өлүмдөн да кайра тартпаган чыныгы элдик баатыр. Ал баатырдыгы менен бирге аялзатына тиешелүү актык, абийир, аруулук сыяктуу сапаттарга да ээ. Жаңылдын ушул сапаттары эпостун башынан соңуна чейин бардык эпизоддордо туруктуу сакталат. Ал уят, ар-намыс, абийирди өлүмдөн да жогору коёт. Жеке адамдык сапаттарына, тегерегинде өзүнө тиешелүү жандуу жана жансыздардын беделине шек келтирген сөзгө чыдай албайт. Анын үй-бүлөсүн таштап качып кеткени бул дүйнөнүн көр жемесине, майда-барат, маанисиз, көңүл иренжиткен сөздөрдүн теңи эмес экендигин, аруулугун, бийиктигин түшүндүрөт. Ал эми баласын атып өлтүрүп кетиши эпостогу чыныгы баатырдык теманы өтө курч мүнөздө (пафос) далилдейт. Кээ бир изилдөөлөрдө «Жаңылдын аялдык трагедиясы»[1] деп бааланат. М.Мусулманкуловдун вариантындагы Жаңылдын образында кыз болуп кылыктануу, аял болуп жар күтүү жана мээримдүү эне болуп бала багуу сыяктуу аялдык сапаттар кездешпейт. Ал эркектик күчкө, эрктүүлүккө, баатырдыкка, эл четинде, жоо бетинде жүрүү сыяктуу адамдык мүнөздөргө ээ. Жаңылдын образы кыргыз кыздарына сабырдуулук, кайраттуулук, аруулук сыяктуу аял затына тиешелүү адамдык сапаттардын үлгүсүн чагылдырат. Эпостун жалпы мазмуну элдик баатырдык эпостордогу элдин ынтымагын, тынчтыгын, эркиндигин сактоо деген башкы идеяны көтөрөт. Ошондуктан Жаңылдын

[1] Абдрасулова Ж.С. Баатыр кыздардын образдары элдик чыгармаларда. («Кыз Сайкал», «Жаңыл Мырза» эпосторунун негизинде): филол. илим. канд. дис. – Бишкек, 2015. – 45-б.

баарынан да эркиндикти, элине кызмат кылууну тандап кеткени эпостун чыныгы баатырдык духун даңазалайт. Бул багытта окумуштуу Р.Кыдырбаеванын пикири ынанымдуу айтылган: «Вариант Мусульманкулова во многом расходится с выше указанными вариантами, у него эпос «Жаңыл Мырза», как нам кажется, сохранился в более древней форме; в этом варианте в большей мере сохранились эпические традиции; поэтому указанный эпос является ценным материалом для исследователя»[1]. Жыйынтыктап айтканда, М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Жаңыл Мырза» эпосунда негизги сюжеттик өзөк сакталган; башка варианттарда кездешпеген «Жаңылдын өз баласын өлтүрүп кетиши» деген сюжеттик окуя бар; башка варианттарга салыштырмалуу негизги каармандын образында көөнө мотивдер көбүрөөк колдонулган; баатырдык, эрдик, согуштук окуялар кенен сүрөттөлүп, жеке максаттарга караганда жалпы элдин кызыкчылыгы жогору турары таасирдүү чагылдырылган.

«Жаныш, Байыш» эпосунун кыргыз фольклорунда бир нече варианттары бар. Алардын эң көлөмдүүлөрү Калык Акыев, Сарыкунан Дыйканбаев, Жусубалы Жанаев жана Молдобасан Мусулманкуловдун айткан варианттары болуп саналат. Бул эпос боюнча да кыргыз фольклористикасында бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп келген[2]. Эпостун негизги сюжеттик

---

[1] Кыдырбаева Р. З. Народно-поэтические традиции в эпосе «Жаңыл Мырза». – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1960. – 6-б.

[2] Жаныш, Байыш. – Бишкек: Шам, 1998. – 468 б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.); Жаныш, Байыш. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 568 б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.); Мукасов М. Баш сөз. // Жаныш, Байыш. – Бишкек, 2015. – 3-30-б. – («Эл адабияты» сер.4-т.); Мукасов М. «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы [Текст]: филол. илим. канд. дисс. – Бишкек, 2000.

сызыгы бардык айтуучулардын варианттарында кездешет. Айырмачылыктары төмөнкүлөр: балдардын төрөлүшү жана баатырдык үйлөнүү мотивдеринин айтылышы; баатырлардын Ала-Көлгө келиш себептери жана Белкыска (Желкайыпка) байланыштуу окуялардын өнүгүшү, түйүндөлүшү, чечилиши жана жалпы поэтикалык ыр түзүлүштөрүндө учурайт.

«Жаныш, Байыш» эпосунун негизги эпизоддорунун баяндалышы, окуянын өнүгүшү жана каармандардын ысымдары менен алардын образдарын түзүүдө төрт айтуучунун эки-экиден бири-бирине окшошуп, эки мектепке бөлүнүп турганы байкалат. Биринчи «мектептин өкүлдөрү булар М.Мусулманкулов жана Ж.Жанаев, экинчи мектепке К.Акыев менен С.Дыйканбаевдер»[1] кирип, бул эки мектептин өкүлдөрүнүн варианттары өз ара бири-бирине сюжеттик жактан үндөшүп турат.

М.Мусулманкуловдон жазылып алынган бул эпос алгачкылардан болуп кагаз бетине түшкөндүгү менен баалуу. Бул вариантта башка варианттарда айтылбаган баланын төрөлүшүнө байланыштуу эпикалык салттуу мотивдер төмөнкүлөр: Асылкан падышанын баласыздыгы жана анын ыйык заттарга (кудайга) жалынып, арман кылышы; балдарга кайыптан келген белгисиз бир кишинин ат коюшу. К.Акиев менен Ж.Жанаевдин варианттарында балдардын ысымдарын ким койгондугу тууралуу маалымат айтылбайт. С.Дыйканбаевде Жаныштын атын чоң атасы Азирет хан коёт. М.Мусулманкуловдун вариантында ат коюуга өзгөчө маани берилип, эгиз төрөлгөн балдарга эч ким даап ат коё албай жатканда

[1] Жаныш, Байыш. – Бишкек: Шам, 1998. – 6-б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.)

белгисиз бир аксакал келип Жаныш, Байыш деп айтып көздөн кайым болот. Мусулманкулов балдардын башкалардан айырмаланган баатырдык сапаттарын көрсөтүү үчүн минген аттары, жоо кийимдерине (ак олпок) атайын басым жасайт. Алардын ок өтпөс, найза тешпес өзгөчө баатырдык касиеттерин ак олпоктору аркылуу берет, тактап айтканда, адамдын жаны денесинен башка бир жерде сакталгандыгы тууралуу анимисттик ишеним менен байланыштырылат. Мисалы:

Ал беттешкенди алган кул,
Миң бут ташты көтөргөн,
Жаанда жок балбан кул.
Ак олпогун кийбесин,
Аргымак атын минбесин,
Биз өңдөнгөн кулдардын
Куйкасын кармап тилбесин[1] –

деп, душмандары Жаныш, Байыштан сестенишет.

М.Мусулманкуловдун вариантында Баатырлар ак куу кебин кийген перинин кыздарына үйлөнгөнү кенен баяндалат. Ж.Жанаевде балдардын перинин кыздарына үйлөнгөндүгү бир сап менен эле эскертилет. Бул окуя К.Акиев менен С.Дыйканбаевдин варианттарында кездешпейт. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы Баатырдык үйлөнүүдөгү мифологиялык мотив ногой жана башкыр фольклорунда да айтылат. Ногойлордун «Эдиге» эпосунда көлдө балык уулап жүргөн Баркая ак куу кебин кийген кыздардын ичинен бирөөнө үйлөнөт. Эки башка географиялык аймакта жашаган түрдүү этностордун эпосторунун ортосундагы сюжеттик

[1] Жаныш, Байыш. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 325-б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.)

үндөштүктөр түбү тектүү элдердин тарыхый, маданий ж.б. жалпылыгын түшүндүрөт.

М.Мусулманкуловдун вариантында башка варианттарга салыштырмалуу айрыкча, балдардын төрөлүшүнө жана үйлөнүшүнө байланышкан көөнө мотивдер, ошондой эле эпостун жөө жомоктук байыркы формада айтылганы бизге чейинки илимий изилдөөлөрдө көрсөтүлгөн: «М.Мусулманкуловдун варианты чыгарманын алгачкы нускасынан болуп, байыркы окуянын изи көбүрөөк сакталган. Ириде жөө жомоктук баяндоо ыкмасынан толук ажырай электиги ачык байкалып турат»[1]. «М.Мусулманкуловдун варианты байыркы-мифтик-жомоктук түрүндө болуп, ал эми К.Акиевдин вариантында кийинки доордо гана баатырдык тарыхый эпоско трансформацияланган»[2].

М.Мусулманкуловдун айтуусунда Байыш колго түшкөндө Жаныштын таштын ичинде сакталып калышы башка варианттарда кездешпеген сюжеттик айырмачылык катары көрсөтүлөт. Байыш душманынын кызы тарабынан бошотулат. Байыш эпосто элдин идеал туткан каарманы, андан ашкан күчтүү баатырдын болушу мүмкүн эмес. Эгерде Байышты куткара турган андан артык күчкө ээ каарман бар болсо анда Байыштын идеалдуугу, баатырдыгы, өзгөчөлүүлүгү төгүнгө чыкмак. Баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон көөнө мотивдердин бири – бул, негизги идеалдуу каарман кыйынчылыкка туш болгондо өз күчү менен кутулат, болбосо минген аты же келечекте анын жубайы боло турган ага ашык болгон кыз тарабынан куткарылары башка изилдөөлөрдө да

[1] Жаныш, Байыш. – Бишкек: Шам, 1998. – 7-б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.)

[2] Мукасов М. «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы [Текст]: филол. илим. канд. дис. автореф. – Бишкек, 2000. – 9-б.

көрсөтүлгөн: «Герой сам должен выйти из трудного положения (плена, заточения), чтобы в будущем не получить от спасителя напоминаний о том, что благодаря ему остался жив»[1]. Мындай сюжеттик мотив түрк элдеринин «Кобланды батыр», «Алпамыш» ж.б. эпосторунда да кездешет. Демек, Байыштын куткарылышы салттуулуктун чегинде берилет. Ал эми Жаныштын таштын арасында сакталып калышы башка дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда да кездешкен символикалуу мотивдердин бири. Байыш туткундан кутулуп келгиче Жаныш таштын арасында таш болуп катып, душманга шек алдырбай, табигый, физикалык жандуулугун жоготпой сакталып турат. Каармандын жаратылыштын бир компоненти болгон ташка айланышы башка эпостордо да айтылат. Мисалы, армян элинин баатырдык эпосу «Давид Сасунскийде» Кичүү Мгер жакын адамдарынан ажырагандан кийин өзүн бул дүйнөдө бактысыз сезет. Ата-бабадан мураска калган кылычы менен асканы экиге бөлө чаап Жалал аты менен ичине кирип аскага айланып, бул дүйнөдөгү түбөлүктүүлүгүн сактап калат. Жаратылыш адам баласына эмне берсе ошону кайра ала турганы бул, анын мыйзам ченемдүү көрүнүшү болсо керек. Мгердин чоң аталары бир тууган Санасар менен Багдасар бир тамчы суудан жаралган баатырлар болсо алардын тукумун улаган Мгер акыры жаратылыштын бир бөлүгү – ташка айланды. «Давид Сасунскийдеги» бир туугандар (эгиздер) Санасар жана Багдасар менен Жаныш, Байыштын образдарында окшоштук байкалат. Санасар менен Байыш мүнөзү курч, каардуу, эр жүрөк, кандай гана иш болбосун

[1] Сикалиев А.И. Ногайский героический эпос (способы эпического изображения героев): автореф. дис. ... канд. филол. наук / – Черкесск, 2008. – 15-б.

эч токтоосуз аракетке кирген, шаптай, тобокелчил, намыс үчүн өлүмдөн да жалтанбаган баатырлар. Ал эми Багдасар менен Жаныш мүнөзү токтоо, күйүмдүү, акылкеңешчи, ар дайым бир тууганы үчүн кан, жанын берген, андан эч качан жардамын аябаган, кыйын кезде максатка жетүү үчүн өмүрүн тобокелге салган баатырлар. Ошондуктан бул эки элдин эпосторундагы эгиз баатырлардын образдарын дүйнөлүк фольклортаануудa параллель карап талдоого болот.

М.Мусулманкуловдун вариантында ислам дининин ишенимдери көбүрөөк сакталган. Мисалы, Асылкан падышанын баласыздыгына зар айтып Меке, Мединанын жолуна түшүшү, Белкыстын атасын мусулмандыкты кабыл алышын талап кылышы ж.б. исламга үндөө чакырыктары берилет. «Жаныш, Байыштагы» өз атасын өлтүрүүгө жардам берген жана бир тууганын өз колу менен жок кылган Белкыс менен казак эпосу «Кобланды батырдагы» Карлыганын образдары үндөшүп турат[1]. Кобландыны зындандан бошотуп, ал менен бирге качкан Карлыга артынан кууп келген атасынын денесиндеги өлөр жерин айтып берип, атасынын өлүмүнө себепчи болот. Артынан кун кууп келген бир тууганы Биршымбайды куулук менен барып, өз колу менен жайлайт. Эки эпостогу баатыр кыздардын образдары, иш-аракеттери буга чейинки илимий эмгектерде, диссертацияларда жеткиликтүү иликтенген.

М.Мусулманкуловдун варианты К.Акиев, С.Дыйканбаевдердин варианттарына салыштырмалуу стилдик жактан поэтикалык көркөмдүүлүгү, окуянын жалпы мазмуну ачык жана кенен баяндалышы жагынан да терең

[1] Кобланды батыр: казак эпосы. – Алматы: Казак ССР гылым акад., Тил ж-е адабиет ин-ты,1957. – 4-китап. – 187 б.

иштелбегени көрүнүп турат. «Стилдик курулмаларында турмуштук эпоско таандык баяндоо ыкмасы басымдуу. Көркөмдүгү да өйдө-ылдый»[1]. Жыйынтыктап айтканда, М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаныш, Байыш» эпосу айрым стилдик түзүлүшү, көркөмдүк иштелиши жагынан аксаганы болбосо, алгачкы кол жазма жана көөнө сюжеттик мотивдери менен кыргыз фольклористикасында илимий изилдөөлөр үчүн маанилүү орду бар деп атоого болот.

«Курманбек» эпосунун Молдобасан Мусулманкулов, Калык Акиев жана Сарыкунан Дыйканбаевдин айтуусундагы варианттары эң көлөмдүүлөрү болуп саналат. Эпостун негизги сюжеттик окуялары үч вариантта тең сакталат. «Курманбек» эпосу буга чейинки илимий талдоолордо идеялык-тематикалык, сюжеттик-композициялык түзүлүшү, көркөмдүгү, айтуучулардын импровизациялык таланты, сюжеттик өзгөчөлүктөрү боюнча далилдүү изилденип келген. Атап айтканда Б.Кебекова М.Мусулманкуловдун вариантынын тилдик көркөмдүүлүгү, стилдик жактан, образдар системасы, окуялардын сүрөттөлүшү, баяндалышы жагынан К.Акиевдин вариантына салыштырмалуу күңүрт, жеткиликсиз иштелгенин жана Г.Самариндин М.Мусулманкуловдун вариантына карата айткан «социалдык-турмуштук эпос деген пикирин четке кагып, тескерисинче бул вариант баатырдык эпоско көбүрөөк жакын»[2] экенин белгилеген.

М.Мусулманкуловдун вариантында К.Акиев жана С.Дыйканбаевдердин варианттарынан өзгөчөлөнгөн мотивдер – баланын төрөлүшүнө байланыштуу айтылат.

---

[1] Жаныш, Байыш. – Бишкек: Шам, 1998. – 8-б. – («Эл адабияты» сер. 4-т.)

[2] Кебекова Б. «Курманбек» эпосунун варианттары. – Фрунзе: КыргССР ИА бас., 1961. – 6-б.

Бул вариантта Курманбектин кайыптан табылышы, кийиктин сүтүн эмгени баатырдын образында байыркы тотемдик ишенимди көрсөтүп, мифтик белгилерди чагылдырат. Мындай мотив башка варианттарда кездешпейт. Курманбектин жылдап эмес, күн санап чоңоюшу, тентек чыгышы, бат эле эр жетиши анын эпикалык баатырларга мүнөздүү касиеттерин ачып көрсөтөт. Баланын ылдам эрезеге жетиши фольклордук тексттерде анын карапайым адамдардан айырмаланган өзгөчө баатырдык сапаттарын, сырттандыгын, адамдан артык касиеттерин ачып берүүчү туруктуу эпикалык формула болуп саналат. Курманбектин кайыптан табылып, эрте эр жетип, ак куу кебин кийген перинин кызына үйлөнүшү эпостун архаикалык белгилерди көбүрөөк пайдаланганын түшүндүрөт. «Такую супругу – духа хранителя – герой обычно получает, похитив ее одежду во время купания»[1] деген Е.М. Мелетинскийдин изилдөөсүндө негизги каармандын тотемдик жаныбарлар менен жакын байланышы алгачкы адамзат жашоосундагы күчтүүлүктүн жана ийгиликтин булагы катары эсептелген. Ал эми согуш талаасынын жана негизги каармандын согуштук курал-жарактарынын кенен сүрөттөлүшү М.Мусулманкуловдун вариантына баатырдык дем-күч берет.

М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Курманбек» эпосу учурунда советтик идеологиянын принциптерине ылайык келбей, бир жактуу тескери бааланып келген. Жогоруда айтылган Курманбектин кайыптан табылышы, баатырдык жомоктордогудай тез эле эр жетиши, «Ак эшен деп бакырып, Азирет деп чакырып» жортуулга аттанып, кудайга сыйынышы, диний

[1] Мелетинский Е.М. Герой волшебной сказки. – М.: Изд-во вост. лит., 1958. – 12-б.

ишенимдердин бекем сакталышы, баатырдын перинин кызына үйлөнүшү сыяктуу мотивдердин берилиши советтик идеологиянын көз карашына дал келген эмес. «М.Мусулманкуловдун вариантындагы айрым саптар, сүрөттөөлөр жана эпизоддор турмуштун ички мазмунун ачууга багытталбаган мифтик, фантазиялык диний жөрөлгөлөр, жеткилең берилбеген айрым эпизоддор эпостун реалисттик багытын бошоңдотуп, идеялык жана көркөмдүк жагын төмөндөткөн»[1] деген адабиятчы С.Байходжоевдин жана башка ушул сыяктуу М.Мусулманкуловдун вариантына карата айтылган пикирлер советтик доордун идеологиялык талаптарынын чен-өлчөмүнөн каралып келген. Эгемендүүлүктү алгандан кийинки фольклористика багытындагы илимий изилдөөлөрдө жогорудагыдай пикирлердин ордуна кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын мифологиясына так аныктама берүү үчүн М.Мусулманкуловдун тексттериндеги мифтик мотивдер эң негизги аныктоочу фактылардын бири болуп калды.

М.Мусулманкуловдун айтуусундагы үч эпоско илимий обзор жасоонун жыйынтыгында төмөндөгүдөй тыянактар чыкты: 1) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Курманбек» жана «Жаныш, Байыш» эпостору башка варианттардын ичинен эң алгач кагазга түшкөн; 2) «Жаңыл Мырза» эпосу кыргыз фольклорундагы бардык варианттардын ичинен сюжеттик-композициялык түзүлүшү, тилдик көркөмдүүлүгү, поэтикалык иштелиши жагынан өзгөчө орунду ээлейт; 3) Үч эпосто тең эпикалык чыгармаларга мүнөздүү көөнө мотивдер башка варианттарга салыштырмалуу көбүрөөк кездешет: карыган

[1] Курманбек. Кырг. Респ. УИА, кол жазмалар бөлүмү, инв. № 470. – 4-5-б.

ата-эненин баласыздыгына арман кылышы, бала тилеп улуу күчтөргө сыйынышы; Курманбектин кайыптан табылып, кийиктин сүтүн эмгени; Жаныш, Байышка белгисиз бир аксакалдын ат коюшу; Курманбек, Жаныш, Байыштын ак куу кебин кийген перинин кыздарына үйлөнүшү; Жаңылдын эч кимге көрүнбөгөн колдоочуларынын болушу ж.б.; 4) Бул варианттар башка варианттарга караганда турмуштук-социалдык окуяларга эмес, мифологиялык белгилерди жана баатырдык мотивдерди даңазалоого көбүрөөк көңүл бурат.

Жогорудагыдай өзгөчөлүктөрү менен М.Мусулманкуловдун айтуусундагы эпостун тексттери фольклортаанууда маанилүү кызматты аткаруу менен бирге табылгыс илимий булак болуп эсептелет.

# 5. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «МАНАС» ЭПОСУНДА САЛТТУУ СЮЖЕТТИК ӨЗӨКТҮН САКТАЛЫШЫ ЖАНА КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

## 5.1. Сюжеттик салттуулуктун сакталышы жана негизги каармандардын образдары

Эпостун конкреттүү бир вариантынын мурунтан уланып келе жаткан сюжеттик салттуулугун, эпикалык формулалардын эволюциялык өнүгүшүн, поэтикалык көркөмдүк элементтердин колдонулушуна илимий туура аныктама бериш үчүн эпостун башка толук деп эсептелген варианттары менен салыштырып, алардын ортосундагы типтүү сюжет, образ жана эпикалык формулаларга анализ жасоо зарылчылыгы турат. Бул бөлүмдө Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосундагы сюжеттик салттуулук, поэтикалык каражаттар жана эпикалык формулалардын колдонулушу залкар манасчылар С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варианттарына салыштырылып талдоого алынат. Төмөндө бул маселелердин М.Мусулманкуловдун вариантында канчалык деңгээлде сакталып, өнүгүп же өзгөрүү мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоого аракет жасалат.

«Манас» эпосунда: Манастын ата-теги; Баатырдын төрөлүшү; эр жетиши; Алтайдагы алгачкы эрдиктери: Эсенкандын жиберген соодагер-тыңчылары, 11 дууду, Нескара, Нуукер дөө, Жолойду жеңиши; Ала-Тоого

келиши: Шоорукка, Алоокеге каршы согушу; Алмамбеттин келиши; Көкөтөйдүн ашы; Каныкейге үйлөнүшү; Чоң казат; Манастын өлүмү. Негизинен ушул окуялар дээрлик бардык манасчыларда айтылган негизги өзөк болуп саналат. М.Мусулманкуловдун айтуусунда жогоруда саналган өзөктүү окуялардын бардыгы жолугат, айырмачылыгы С.Орозбаков же С.Каралаевге салыштырмалуу айрым сюжеттик окуялар кыска баяндалган ал эми айрым окуялар өнүктүрүлгөн. Ошондой эле, «Көкөтөйдүн ашы» «Манаста» эмес, «Семетейде» Толтой аркылуу эскерилет. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосунун сюжеттик структурасы төмөндөгүдөй тартипте айтылат:

**1. Жакыптын туугандарына таарынып Алтайга кетиши**;

**2. Манастын төрөлүшү жана эр жетиши**;

**3. Негизги каармандын алгачкы эрдиктери жана Манастын Алтайдагы согуштары** (Кортук менен Томобилди өлтүрүшү; Нескара менен Жолойдун Манастан жеңилиши);

**4. Манастын баатырдык курал-жарактарга ээ болушу** (Ажыбайдын Меккеге барышы; Бакайдын Манасты издеп Алтайга келиши);

**5. Кошойдун окуялары** (Билерикти куткарышы; Манаска жолугушу);

**6. Манастын Алтайдан аттанып чыгышы** (Манастын Кайыпканды жеңиши жана анын кызы Карабөркттү алышы; Күн батышты каратуусу; Ташкенди, Кашкарды, Алоокени алышы);

**7. Кыргыздардын Алайга көчүп келиши** (Манастын Шоорук хан менен урушу жана анын кызы Акылайды алышы);

**8. Манастын Самарканга көчкөнү** (хандарды чогултуп жыйын куруп, хандарды кайра шайлашы);

**9. Алмамбеттин келиши**;

**10. Манастын Таласка көчкөнү** жана Манас менен Кыз Сайкалдын эр сайышы;

**11. Манастын Каныкейге үйлөнүшү**;

**12. Манастын кийинки согуштары** (Манастын чүрчүттү чапканы; Айган канды каратышы);

**13. Көзкамандар окуясы**;

**14. Жети кандын кутуму – Чоң казат** (Чалгын; Алмамбет менен Чубактын жол талашы; жылкы тийүү; согуш – кыргын; жеңиш; мекенге кайтуу);

**15. Кичи казат** (Коңурбайдын кол курап келиши; Манастын Чет Бээжинде хан болушу; Манастын Коңурбайдан жарадар болушу; согуш; Алмамбет, Чубак, Сыргак, Серектердин шейит кетиши; Манастын Таласка келиши жана өлүмү; Каныкейдин күмбөз салдырганы).

Эпостун негизги өзөктүү эпизоддору канча мезгил өтсө да өз нугун, калыбын, стилин, идеясын жоготпой келет. Мисалы, негизги каармандын өзгөчө белгилер менен төрөлүшү, элдин биримдиги, ынтымагы үчүн жанын курман кылышы, ички жана сырткы душмандар менен согушу эпостун салттуу окуяларында устаттардын оозунда кандай айтылып келген болсо, бүгүнкү шакирттердин чыгармачылык казынасында ошондой айтылып келе жатат. Бул – салттуулуктун сакталышы. Ал эми, манасчы ушул салттуу эпизоддорду өздөштүрүү менен андан ары өнүктүрдүбү, ага канчалык даражада жеке чыгармачылык өң-түс бере алды, манасчы өз вариантын түзүүдө салттуулукка жана жекелик маселесине жасаган мамилеси манастаануудагы индивидуалдуу варианттардагы изилдөөнү талап кылган проблемалардын бири.

Манасчы салттуу өзөктүү окуялардын чегинен чыгып, жеке көз карашы, дүйнө таанымы, илим-билимине жараша ага жаңы кошумчаларды киргизиши мүмкүн, бирок салттуулукту таптакыр колдонбой коё албайт.

М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» да салттуулуктун чегинде Манастын ата-тегин баяндоо менен башталат. Манастын аталарынын ысымдары орун алмашылып айтылганы гана болбосо, негизинен С.Орозбаковдун вариантына окшошот. Жакыптын Алтайга айдалышы С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында сырттан келген душмандардын басып алуу саясатынын негизинде жүргүзүлгөн болсо, М.Мусулманкуловдо сырттан келген Алоокенин колтугуна кирип алып күн көргөн жергиликтүү ички душмандар: Кантемир, Музбурчак, Жүгөрү, Шооруk, жедигердин Багышы, агыштын Кожошу, акбайдын Мамбети жана Аккоён, Султан өңдүү хандар чогулуп, Алоокенин бийлигине баш ийбеген Жакыпты кодулашат. Эштектен Жамгырчы, казактан Көкчө, кыргыздан Сарбандын элин алып, Жакып бийлик, байлык үчүн өз тууганын саткан жердештерине таарынып Алтайга көчүп кетет. Кийинки окуялар Жакыптын Алтайда байыганы, баласыздыгына арман кылышы менен салттуулук уланат. Мамбет Чокморовдун вариантында Жакып сырткы баскынчы душмандардын кысымынынан эмес, ички туугандардын бийлик талашынан, тактап айтканда Көзкаман Жакыптан так талашып, натыйжада Жакыпты айдап жиберет. Бул жагынан М.Мусулманкуловдун варианты менен М.Чокморовдун вариантында Жакыптын айдалышына байланыштуу окуяда сюжеттик жалпылык көрүнөт.

М.Мусулманкуловдун вариантында да Манастын төрөлүшүндө баатырдык эпикалык чыгармаларга

мүнөздүү болгон кереметтүү мотивдер төмөндөгүдөй тартипте: баласыздык (карыган ата-эненин тилек тилеши, жалынуусу); түш көрүү; бойго бүтүү; талгак болуу; баатырдын өзгөчө төрөлүшү; балага ат коюу мотивдери менен берилет.

С.Орозбаковдун вариантында Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттүн түштөрү атайын аңгемелик мазмунда баяндалып, мында бойго бүтүү мотиви өтө кенен сүрөттөлөт. Бул вариантта Чыйырды түшүндө ажыдаар көрүп, «аяктай ак алма»[1] жейт. Багыш Сазановдун вариантында Чыйырды алманы түшүндө эмес, өңүндө жейт[2]. Эки вариантта тең Чыйырдынын боюна бала алманын символу менен бүткөнү айтылат. С.Орозбаковдун вариантында Жакып баласыздыгына арман кылып кудайга жалынат. Б.Сазановдо Жакып мазарларга сыйынып, Меккеге барып диний кейипкерлердин батасын алып, анан алар берген алманы Чыйырдыга жедирет. В.Я. Пропп «балага зар болгон каармандын ыйык нерселерге жалынып, сыйынып, ырым-жырымдарды жасап, шаман, ислам ж.б. диний ишенимдер менен коштолгон жөрөлгөлөрдө алма мөмөсүнүн аялдын кош бойлуу болушуна алып келген символикалык ролу бар»[3] экенин көрсөтөт. Ал эми С.Каралаевдин вариантында Чыйырдынын түш көргөнү деталдуу баяндалбайт, мында Жакыптын түшү символикалык элементтер менен берилет. Жакып түшүндө бала барчын бүркүт кармап, кылыч таап жана оң

---

[1] Манас: баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-т. – 89-б.

[2] Манас: баатырдык эпос: Б.Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 22-б.

[3] Пропп В.Я. Фольклор и действительность. – М.: Наука, 1976. – 210-б.

колуна күн, сол колуна айды кармап алат[1]. Мында манасчы эпикалык салттуулуктагы солярдык жана лунардык культтук элементтерди колдонот. С.Каралаевдин вариантында ай менен күндү Жакып кармап алса, ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында Жакып менен Чыйырды уктап жаткан үйгө ай менен күн көктөн түшүп кирет:

Ак жибектей жуулуп,
**Ай** менен **Күн** асмандан
Бай Жакыптын үйүнө
Түшүптүр көктөн бурулуп[2].

Демек, М.Мусулманкуловдун вариантында да Чыйырдынын боюна ай менен күндөн бүткөндүгүн тастыктаган архаикалык катмардын культтук элементтери айтылат. «Мифтин түп нускасында Манас Ай менен Күндүн уулу болгон деген түшүнүк жашаган»[3]. Мындай эпикалык типтүү мотивдер дүйнө элдеринин эпосторунда көп кездешет. Мисалы, «Грек мифологиясында атасы мунаранын башына камап койгон Данаяга Зевс алтын жаан болуп келет. Индустардын «Махабхаратада» Сурья (Күн кудайы) кызга нур болуп келип кошулат»[4]. Ошентип, М.Мусулманкуловдун айтуусунда Чыйырды түшүндө башынан күн, аягынан айды көрүп, жолборстун жүрөгүн сууруп жейт, жыландын башын жара жанчыйт.

---

[1] Манас: баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 58-б.

[2] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 87-б.

[3] Борбугулов М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы. – Бишкек: Айат, 2004. – 21-б.

[4] Жогорудагы китеп, 20-б.

Өрттөй өткүр, жүрөгү курч баланын төрөлө турганы жөнүндө аян берилет:

Этегимден өрт көрдүм,
Этектен чыккан жалынга,
Ааламдын баарын өрттөдүм[5].

Түшүндө ааламды каптаган өрт байыркы грек мифологиясында да айтылат. Троя падышасынын аялы Гекуба Паристи (Александр) төрөрдүн алдында «түшүндө Трояны жалындап каптаган өрттү көрөт»[6]. Бирок Чыйырдынын түшүндөгү өрт менен Гекуба көргөн түштөгү өрттүн көркөм функциясы эки башка чечмеленет. Гректерде өрт түш көргөн кишинин өзүнө карай багытталып, өзүн өлтүрүп жок кылуучу кызмат аткарса, ал эми М.Мусулманкуловдун вариантындагы өрт сыртка, өзгөгө карай багытталып, душманын багынтып, дүйнөнү бийлеп, атак-даңкка жеткирүүчү функцияны аркалайт. М.Мусулманкулов өз вариантында от, өрт, кызыл жалынды негизги баатырдын образын жаратууда жана согуштук эпизоддордо символ катары көп пайдаланган. Күн, ай – бойго бүтүрүүчү символдук белги; жылан-ажыдар, жолборс – тотемдик колдоочулар; өрт – төрөлө турган баланын образын чагылдыруучу көркөм каражат. Булардын баары Манастын образындагы мифологиялык көз караштты тереңдетет.

Бата берүү, тилек тилөө жалпы эле элдик оозеки чыгармачылыкта узак мезгилдер бою жашап, байыркылык мүнөзгө ээ болгон, бир катар окумуштуулар

---

[5] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 15-б.

[6] Кун Н.А. Легенды и мифы древней Греции. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – 233-б.

тарабынан изилдөөгө алынган жанр. Бата, тилек, алкыш айтуунун көөнөлүгү, келип чыгышы, изилдениши, функциясы, классификацияланышы боюнча жалпы түрк элдеринде бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөн[1]. Кыргыздарда да «Манас» эпосу баштаган элдик оозеки чыгармалардын ичинде кездешкен бата, тилек тилөө, жалынуу сөздөрү анын байыркы көөнө жанр экенин көрсөтөт. «Батанын орундалышы өзгөчө. Ал айрым учурда калктын көйгөйүн чечүүчү күчкө ээ»[2]. Эпостун классикалык үлгүлөрүндө түшүн жоруткан кишиге жалпы элдин бата бериши салттуу мотивдердин бири. М.Мусулманкуловдун вариантында да батага өзгөчө көңүл бурулат. Жакып менен Чыйырды түш жорутуп элден бата алат. Семетей салттуу варианттарда Кошойдун батасынан бүтөт, М.Мусулманкуловдо Каныкейге Кошой жана кырк чоро да бата берет, ал эми Күлчоро Бакайдын батасынан бойго бүтөт. Кырк чоронун Каныкейге бата бериши Б.Сазановдун вариантында да «Кан баласы Каныкей, Кырк чородон дуба алып» – деп айтылат[3].

Баланын маңдайында багы бар, жолборстон сүрдүү үнү бар, алаканына кан уучтап түшүшү, келечекте мине турган атынын бала менен бир күндө туулушу сыяктуу салттуу мотивдер М.Мусулманкуловдо С.Орозбаковдун вариантына окшош айтылат. С.Каралаевдин вариантында Баатыр эрезеге жеткенде аны менен бир учурда

---

[1] Умбеталина З. Казак бата сөздөрүнүн көркөмдүк өзгөчөлүктөрү : филол. илим. канд. … дис. /. – Алматы, 2003. – 129 б.; Капаган Э. Кыргыз-түрк фольклорундагы ак бата, тилек, алкыштардын айырмачылыктар жана окшоштуктары: филол. илим. канд. … дис. /. – Бишкек, 2013. – 174 б.

[2] Капаган Э. Кыргыз-түрк фольклорундагы ак бата, тилек, алкыштардын айырмачылыктар жана окшоштуктары: филол. илим. канд. … дис. /. – Бишкек, 2013. – 56-б.

[3] Манас: баатырдык эпос: Б. Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 125-б.

туулган ат жөнүндө эскерилбей калат да, ал эми Аккуланы болсо Манас буудайга айырбаштап алат. С.Каралаевде бул байыркы сюжеттик салттуу мотив манасчынын жеке ой жүгүртүүсүнө жараша трансформацияланган.

Ат коюу жөрөлгөсү «Манас» эпосунун варианттарында түрдүүчө айтылат. С.Орозбаковдо баланын атын аса таяк кармаган думана, С.Каралаевде Жакыптын түшүнө кирген ак сакалчан Кызыр Илияс, Б.Сазановдо Жакыптын көзүнө көрүнүп, кайра кайып болуп жүрчү бир касиеттүү-сыйкырдуу абышка коёт. Жогоруда варианттардагы балага ат коюу мотивдеринде шамандык жана исламдык ишенимдердин айкалышуусу көрүнүп турат. М.Мусулманкуловдо Меңдибай тарабынан кырк чилтендин «Манастаган» урааны эске алынат. Меңдибайдын кырк чилтенге жолукканы С.Орозбаковдун вариантында да айтылат. Бирок С.Орозбаков балага ат коюу учурунда кырк чилтендин «Манастаган» урааны жөнүндө эскербейт. Эки манасчынын вариантындагы бул сюжеттик окуяны изилдөөчү Р.Сарыпбеков мындайча талдоого алган: «Адатта, С.Орозбаков андай жерде өзүнүн түшүндүрмөсүн, эскерүүлөрүн кошо берерин анын вариантынын жалпы текстинен жакшы билебиз. Кебетеси бул жерде айтуучунун өзү да анын эмне экенин жакшы түшүнө албагандыктан, билбегендиктен айланып өткөн. М.Мусулманкулов ал кырк бала Манастын жана анын кырк чоросунун периштеси деп кыргыз элинин түшүнүгүнө эң кийинки учурда кирген мусулман дининин духунда түшүндүрүүгө аракет жасайт»[1]. Р.Сарыпбеков Меңдибайга жолуккан кырк чилтен – бул, Манастын духу. Манастын төрөлүшү – ал духтун кайрадан

[1] Сарыпбеков Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. – Фрунзе: Илим,1987. – 41-б.

төрөлүшү жөнүндөгү эң байыркы ишенимге байланышкан көөнө мотив экенин, М.Мусулманкуловдун варианты бул мотивди сактап калганын, ал эми С.Орозбаковдун вариантында катмарланып кеткенин билдирет. С.Орозбаковдун вариантында Манастап ураан чакырган кырк чилтен балага ат коюу учурунда экинчи планда калып, баланын ысымын күтүүсүз пайда болгон думана, ал эми М.Мусулманкуловдо балага Манас деген ысымды түздөн-түз баланын колдоочусу кырк чилтен коёт. М.Мусулманкуловдо кырк чилтен Манастын колдоочусу катары дайыма жигердүү катышат. Кээде каармандардын арасында Манастан башка да каармандардын көзүнө көрүнөт. Бул тууралуу В.М. Жирмунскийдин изилдөөлөрүндө да айтылат: «Сорок чилтанов в мифологии и фольклоре мусульманских народов – сорок святых, таинственных руководителей мировой и человеческой жизни, которые призываются верующими в качестве заступников и в образе человеческом могут присутствовать среди людей»[1].

М.Мусулманкуловдун вариантында Манастын балалык чагы: баланын бат эле чоңоюшу, тентек чыгышы жана Ошпурга койчулукка (тарбиялануууга) берилиши деген салттуу сюжеттик өзөк сакталат. Баатырдын алгачкы эрдиктери: калмактын каны Кортукту өлтүрүшү, Эсенкандын Манасты кармап келүүгө жиберген Нескара менен аскерлеринин Манастан жеңилип качышы, сегиз жүз балбан менен келген Нөкөр дөөнүн Манастан өлүшү М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаковдун вариантынан айырмаланган олуттуу сюжеттик өзгөчөлүктөр байкалбайт.

---

[1] Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. – Л.: Наука, 1947. – 84-б.

Улуу манасчылар С.Орозбаков же С.Каралаев кээ бир сюжеттик мотивдерди кеңейтип, көлөмдүү баяндап отуруп чоң бир эпизоддук деңгээлине жеткирсе, кээ бир манасчылар салттуу, олуттуу сюжеттик эпизоддорду чакан, кыска сюжет же бир-эки сүйлөм түрүндө баяндап өтүшү мүмкүн. Бул жагдай эпостун кылымдан кылым карытып, оаздон оозго өтүп, өзгөрүүлөргө же өнүгүүгө дуушар болгонун, узак убакытты баштан өткөргөнүн, айтуучунун интерпретациясына жараша башкача бир өзүнчөлүккө ээ болгонун кабарлайт. Мисалы, Манастын хан шайланышы С.Орозбаковдо хандыкка талапкер боло ала турган Көкчө баштаган баатырлар саналып келип отуруп, Манас гана татыктуу экени кенен баяндалат. Ал эми М.Мусулманкуловдо Манастын алгачкы эрдиктеринен кийин:

Эл чогулду жер жайнап,
Жандын баары кудайлап,
Эр Манасты хан шайлап,
Кырк күндө тоюн өткөрүп,
Ак кийизге салышып,
Хан кылышты көтөрүп[1] –

деген төрт сап менен Манас 14 жашка чыкканда хан шайланганы жана хан шайлоо расмиси баяндалат. Айтуучулук өнөр боюнча А.Б. Лорддун изилдөөсүндө айтуучу бир темадан экинчи темага өткөндө мурунку менен кийинки теманын ортосунда маанилик байланыш болушу керек, тактап айтканда окуянын жүрүшү мазмундук жактан үзгүлтүккө учурабастан кыймыл-аракеттин андан ары өнүгүшүн камсыз кылышы шарт деп айткан: «Обычно сказитель вынужден переходить от одной темы к другой

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 62-б.

по мере того, как в связи с развитием темы возникает необходимость дальнейшего развития действия»[1]. М.Мусулманкулов Манастын хан шайланышы деген окуяны баяндоого келгенде күтүүсүздөн секирик жасаган өңдүү туюлат.

Манастын курал-жарактарга ээ болушу эпосто туруктуу сюжеттерден болуп, бирок ар бир вариантта түрдүүчө вариацияланат. С.Орозбаковдун вариантында Ачалбарс менен Аккелтени Манаска беш жүз элүү жаштагы Айкожо пайгамбардын аманаты деп тапшырат:

«Казатка боюң сал – деди,
Байгамбар берген аманат
Белегиңди ал!» – деди.
Бир мылтык асты жонуна,
Бир кылыч берди колуна,[2]

С.Каралаевдин вариантында Манастын кылычы асмандан түшкөн алты курчтун бири – Зулпукорду кайыптан табылган ак сакалчан дубана берет:

Кудай сүйгөн алты курч,
Асмандан түштү атайын.
Арслан сенин өзүңө
Берейин деп келгемин[3].

Аккелтени болсо Кара уста жасаган деп айтылып, аны Манаска Бакай тартуулайт.

[1] Лорд А.Б. Сказитель. Исследования по фольклору и мифологии востока. – М.: Вост. лит. РАН, 1994. – 111-б.

[2] Манас: баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-т. – 338-б.

[3] Манас баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 358-б.

М.Мусулманкуловдун вариантында Манасты хан көтөргөндөн кийин «Ажыбайдын Меккеге барышы» деген эпизоддо Ажыбай Айкожонун колундагы кайыптан табылып, пайгамбардын аманат калтырган Ачалбарс кылычты Манаска алып келип берет.

Ачалбарсты Манаска,
Аманат кылып кайтканы[1].
Адамзат кылбай кылычты,
Кайыптан келип табылган[2].

С.Орозбаков жана М.Мусулманкуловдун варианттарында Манастын кылычка пайгамбардын аманаты катары ээ болушу кийинчерээк ислам дини менен кошо кирген мотивдердин бири. «Манастагы» ислам динине тиешелүү мотивдер «эпостун калыптануу тарыхынын соңку доорлорунда кошулган тарыхый катмар»[3] болуп саналат. Баатырдык доордо баатырлардын эң негизги куралы – кылыч. Ал эми исламдын эң негизги максаты динди жайылтуу жана баш ийбегендерге каршы күрөшүү болуп эсептелсе, бул казатта эң негизги курал кылыч пайдаланылганы айдан ачык. Динге ишеними күчтүү манасчылардын варианттарындагы Манастын кылычынын табылышынын исламдык мотивдер менен катмарланууга учурашынын себебин ушундай жоромолдоого болот. Манасчылардын варианттарына исламдык мотивдердин кириши жөнүндө М.Мамыров мындай деген:

---

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 67-б.

[2] Жогорудагы китеп, 68-б.

[3] Жамгырчиева Г.Т Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча). – Ош: [б-сыз], 2015. – 3-б.

«Кыргыздар «Манас» жомогун бирден-бир касиеттүү чыгарма катары сыйынып, барктап келгендиктен ислам динине, Мухаммедге болгон ишенүүнү анын деңгээлине көтөрүүнү бийлөөчү таптар, динчилдер атайы максат кылып койгон. Ислам динин «Манас» эпосуна киргизип, ал аркылуу аны элге таратууну көздөгөн»[1]. Ислам désнинин күчтүү таасири манасчылардын жан дүйнөсүндөгү рухий казынасына да терең сиңип кеткен. Ошол себептүү айтуучулар эпостун каармандарын Меккеге жиберип, согушта жеңген элди исламга үндөп, негизги каармандын курал-жарактарын да исламдык мотивге таяп айтып жатат.

«Манас» эпосундагы каармандардын Меккеге барышы М.Мусулманкуловдо гана кездешкен сюжет эмес, мисалы, М.Мусулманкуловдо Ажыбай, С.Орозбаковдун вариантында Манас, С.Каралаевде Алмамбет, Мажик, Б.Сазановдо Жакыптын Меккеге барышы айтылат. Варианттардагы Меккеге баруу – манасчылардын импровизациясы, дүйнө таанымы, көз карашы менен эпоско индивидуалдуу кошулган сюжеттер. Окумуштуу Б.Юнусалиев бул боюнча мындай деген: «С.Орозбаковдун вариантындагы элдик идеялар менен катар исламдык, ал тургай панисламдык мотивировкаларды, Манастын Мекеге жиберилиши сыяктуу эпизоддорду, С.Каралаевдин вариантындагы Чубактын Мекеге жиберилиши сыяктуу эпизоддорду «Манас» эпосунун негизги духуна, сюжеттик негизине байланышпаган, жасалма кошумчалар, катмарлар деп кароого тийишпиз. Ал эми

[1] Мамыров М. «Манастын» эпос катары калыптаныш маселелери // «Манас» үчилтиги боюнча классикалык изилдөөлөр. – Бишкек: KIRLand, 2017. – 141-б.

М.Мусулманкуловдун Манасты бүт дүйнөгө ислам динин таратуучу бирден-бир пайгамбар кылып көрсөтүүгө аракет кылышы элдик чыгарманы бузгандыкка жатат»[1].

М.Мусулманкуловдун вариантындагы Ажыбайдын Мекеге барышы Манасты Ачалбарс кылычка ээ кылуу максатында пайдаланылган. Эпосто кыргыздар Ала-Тоону душмандардан бошотуу учурунда каратып алган элди ислам дининин шарияттары менен тааныштырып, мусулман болууга үндөйт. Мындай саптар же исламий мотивдер жеке эле Мусулманкуловдун вариантына тиешелүү эмес, С.Орозбаков, М.Чокморов, Б.Сазанов жана «Манас» тууралуу алгачкы тарыхый материал «Маджму ат-таварихте» да берилет: «Подобное близкое соприкосновение эпического материала с историческим наблюдается и в собрании историй «Маджму ат-таварих», где говорится, что воины Манаса в борьбе с калмацким богатырем Джолоем «множество калмаков захватили, предлагали (им) принять веру (ислама). Некоторые калмаки просили пощады, мусульманами стали. Некоторые не соглашались, их убили». Такие мотивы проскальзывают и в варианте С.Орозбакова»[2]. М.Мусулманкуловдун вариантына карата айтылган Б.Юнусалиевдин жогорудагы пикири далилдүү фактылар менен көрсөтүлгөн эмес. Биздин оюбузча окумуштуу төмөндөгүдөй саптардан улам ушундай тыянак чыгарган болуу керек. Мисалы, М.Мусулманкуловдун вариантында кездешкен:

[1] Юнусалиев Б. Манас жомогу // Классикалык изилдөөлөр. «Манас» эпосу боюнча. – Бишкек, 2017. – 73-б.

[2] Кыдырбаева Р.З. «Манас» эпосунун варианттары / Р.Кыдырбаева, К.Кырбашев, А.Жайнакова. – Фрунзе: Илим, 1988. – 18-б.

Казат кылып эр Манас,
Мусулмандын дини үчүн,
Мустапа Аалы пири үчүн[1] –

деген саптар С.Орозбаковдун вариантында да арбын кездешет:

Кайнап жаткан Каканга,
Барып казат кылалы,
Капкараңгы тозоктон,
Жаныңды азат кылалы!
Кел Бээжинге баралы,
Өлүп калсак капырдан,
Бейиштен талап алалы!
Учмакты көздөп учарсың,
Урушуп өлсөң кытайдан,
Нурдун кызын кучарсың.
...Алда салган карыз үчүн,
Байгамбар айткан парыз үчүн,[2]
М.Мусулманкуловдо:
Кайнап жаткан кытайга,
Барып казат кылалы,
Капкараңгы тозоктон,
Жаныңды азат кылалы[3] –

Текстте берилген «бейиш, нурдун кызы, карыз, парыз үчүн» деген сөздөр катышкан саптарды эпостун бүтүндөй композициясынан бөлүп алып, өзүнчө

---

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 666-б.

[2] Манас: баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 239-б.

[3] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 500-б.

контекстте талдабастан, тексттин жалпы мазмуну менен тыгыз байланышта кароо зарыл. Тактап айтканда, мындай ыр саптарынын негизги идеясы эмне дегенде, окуянын тээ башынан бери айтылып келе жаткан бүтүндөй элдин үмүт-тилеги, эркиндиги, көз карандысыздыгы үчүн күрөшү, жалпы эле эпостун идеясын эске салсак, ата-бабадан өткөн өчтү, абалкы кекти алуу деген үлкөн идеянын камтылып жатканы унутта калбашы керек. Албетте, буга кошумча манасчылар бири-биринин айткан чыгармаларын уккан, таасирленген, үйрөнгөн, тажрыйба алмашкан. Булар фольклордогу устат-шакирт, эпостун сюжеттик өнүгүшү же өзгөрүшү, поэтикасы, тили, стили ж.б. проблемалардын ичинде талдоого алынып келет. М.Мусулманкулов С.Орозбаковдон жана С.Каралаевден да чыгармачылык таасир алган салттуу классикалык вариантты улантуучу чоң манасчы. Ал биринчиден, «Манастагы» исламий мотивдерди устаты С.Орозбаковдон угуп, катуу таасирленген, бала кезинен эпостун мазмуну менен чогуу жашаган, экинчиден, өзү да арбак, пайгамбар, Кызыр Илияс, кырк чилтен ж.б. диний жана мифтик ыйык каарман колдоочуларга, түшүнүктөргө терең ишенгени ал айткан тексттердин саптарында сезилип турат. Ушунун натыйжасында манасчы Манасты касиеттүү, ыйык, улуу каарман катары көрсөтүп, анын курал-жарактарын да сакралдуулук менен байланыштырып жатат.

Диний ишенимдер жыш кездешкен эпикалык чыгармалардын көпчүлүгү советтик идеологиянын тушунда оор тагдырга туш болгон. Материалисттик көз карашты жактаган советтик доордо ой эркиндигине чек коюлуп, кыргыздын көптөгөн байыркы көз караштары, ишеними кысымга алынганы оозеки чыгармачылыкка жана

көркөм адабиятка да таасир эткен. Чыгармачылыкта өзгөчө ой-чабыттын эркиндигине, кыял-сезимдерине чек коё албаган акын-жазуучулардын талант-жөндөмү мындай рамканын ичинде «сыгылып» өзүнүн айтайын деген оюн, берейин деген идеясын толук ишке ашыра албай калган учурлар да кездешет. Же болбосо акын-импровизатор, манасчы же жазуучу мейли ал чыгармачылыктын кайсы тармагынын өкүлү болбосун өз оюн, билгенин ачык айтканы менен окурмандын калың катмарына жарыяланып жаткан учурда советтик цензуранын элегинен өтпөй, айрым саптарынан ажырап, колу-бутунан айрылган майып, мунжу сымал отоп-бутоого кабылган. Мындай тагдырга манастаануу чөйрөсүндө С.Орозбаковдун варианты да туш болгон. 1935-45-жылдарда эле кагаз бетине түшкөндүгүнө карабастан М.Мусулманкуловдун варианты да өз учурунда китеп болуп басылып чыкпай катылып жатканынын эң чоң себеби да ушул болгонунда шек жок. Анткени М.Мусулманкуловдун айткан эпостун бардык варианттарында исламдык ж.б. диний түшүнүктөр кеңири кездешет. Ал жан дүйнөсүнөн оргуштап чыккан эпостун саптарын ошол мезгилдин идеологиялык саясатына туура келтирип жамап-түзөп, кошумчалап, өзгөрткөн эмес. Социалисттик мамлекеттин түзүлүшү бир жагынан көптөгөн акын, жазуучулардын «багын» ачса, экинчи жагынан алардын импровизатордук талантына саясий-идеологиялык чектөөлөрдү коюп, кишинин чыгармачылык эркиндигине суук колун салып, жашырынып, коркунуч (страх) менен жашоого мажбур кылган. Бул абал чыгармачыл адамдын шыктануусуна терс таасирин тийгизээри бышык. Ошого карабастан М.Мусулманкулов өзүнүн айтуусундагы эпостун текстгерине мейли ал кенже эпос болсун, мейли

көлөмдүү «Манас» эпосу болсун анын өзөктүү окуяларына же өздүк жеке кошумчаларына ашыкча көркөмдөөлөр киргизип же ошол доордун саясий көз караштарын кошуп жибергенден оолак болгон. Албетте, окумуштуу Б.Юнусалиевдин М.Мусулманкуловдун вариантына карата айткан сыны ошол мезгилдин идеологиялык чегинде айтылганы анык. Б.Юнусалиевдин пикири боюнча М.Мусулманкулов Манасты пайгамбар катары көрсөтүп эпосту бузган болсо демек, улуу манасчы С.Орозбаков дагы мындай сындан четте калбайт. Бүгүнкү күндө илимдин талабы элдик оозеки баалуу мурастарды таптакыр жаратпай салуу эмес, ага татыктуу илимий баа берүү. Исламдын эпоско тийгизген таасири манастаануудагы изилдене турган чоң темалардын бири. Эпостогу исламдык мотивдер бүгүнкү күндүн жаңыча көз карашы менен атайын адистер тарабынан каралып, өзүнчө изилденип, кеңири талдоо жүргүзүлүшү керек.

М.Мусулманкуловдун вариантында Манастын Алтайдан чыгып Ала-Тоону сырткы душмандардан бошотушу С.Орозбаковдун вариантынан айырмаланып башкача согуштук тактика менен башталат. Алгач Манас Акбалта менен Эдигени Ата мекенден кабар алып келүү үчүн чалгынга жиберет. Ошол учурда Бакай Манасты түшүндө көрөт. Бакайдын кеңеши менен Манастын жоокерлери чоро аталып, ар биринин кызматтык орду белгиленет.

Кошойдун Канкожонун уулу Билерикти куткарышы, Кошой менен Манастын жолугушу, Манастын Кайып канды каратышы, Карабөркkө үйлөнүшү, Илеп канды караткaны, Текес канды чапканы, Алоокенин ажайыпканасы, Панус кандын окуясы, Шоорукту алганы, Акылайга үйлөнүшү, Алмамбеттин келиши, Каныкейге үйлөнүшү М.Мусулманкуловдо негизинен С.Орозбаковдун

вариантына көркөмдүк жактан, сюжеттик окуялардын жана согуштук эпизоддордун кенен баяндалышы жагынан тең келе албаса да мазмуну боюнча жакын айтылат.

Согуш эпизоддору баатырдык эпостордун сюжеттик пафосун түзүү менен негизги каармандардын чыныгы портреттерин жаратат. М.Мусулманкуловдун вариантындагы Манастын жортуулдарын чагылдырган согуштук эпизоддордун чыгыш себеби жана максатына карап төмөндөгүдөй үч түргө бөлүп кароого болот:

**1. Ата мекенди сырткы душмандардан бошотуу**

**а)** Ала-Тоодогу сырткы душмандар ээлеп алган жерлерди кайра кайтарып алуу (Кырмуз шаа, Кайып кан, Панус кан, Текес кандар менен болгон согуш).

**б)** Өзү катылган душмандарды каратып алуу (Кашкардагы Алакун, Маргалаңда Алооке, Шоорук кандарды каратуу).

**в)** тынчтык келишими менен ыктыярдуу түрдө кыргыздарга кошулган элдер (Алтайдагы Кортуктун уулу жана Жайсаң бай баштаган калмактар, ооган каны Акундун эли).

**2. Ата-бабадан калган кекти алуу (Чоң казат, Кичи казат)**

**3. Ички душмандар менен күрөш** (Көзкамандар окуясы, Абыке, Көбөш алты арам, жети кандын чатагы). М.Мусулманкуловдун вариантында Манас элдин жашоошартына терс таасирин тийгизе турган себепсиз казаттарга чыккан эмес. Биринчиден, ал баатырдык доордун талабына ылайык ата-бабадан калган абалкы өчтү алуу үчүн согушка аттанса, экинчиден күнөөсүз элди талаптоногон мыкаачы душмандарга каршы согушуп турган. Бири-бирин басып алып, олжолоп, жылкы тийип, өмүрдү кылычтын мизине байлап күн өткөргөн эпикалык

чыгармалардагы согуштарга бүгүнкү күндүн көз карашы менен эмес, баатырдык доордун кадыресе талабы катары талдоо максатка ылайык.

Манастын Ала-Тоодогу сырткы душмандар менен согушу эки максатты көздөйт. Биринчиси, кыргыздарды туш тарапка чачыратып, тууган-урукту бири-биринен ажыраткан жана алардын ички уруулар аралык ыркынын бузулушуна түрткү болгон сырткы душмандардан өч алуу; Экинчиси, башка диндеги элди мусулманчылыкка үндөө болгон. Кыргыз аскерлери каратып алган элге өздөрүнүн ичинен хан шайлап, ал жерде жашаган бардык улуттагы адамдарды ынтымакка чакырып, биримдикке, биргелешип жашоого үндөө менен ошол эле учурда мусулман болууга буйрук берген. Баатырлар жортуулга атанар алдында жогорудагы биринчи максат гана айтылып, ал эми экинчиси таптакыр эске алынбайт. Экинчи максат согушкан элди каратып алгандан кийин гана айтылып өтөт. С.Орозбаковдун вариантында да согушта каратып алган ар бир элге ислам дининин эрежелери түшүндүрүлүп, мусулман болууга чакырылат. Эки вариантта тең согуштан кийин ислам динин жайылтуу идеясы ишке ашырылат.

Калмак менен кыргыздар,
Аралаша консун деп,
Кайыр болуп жүрбөстөн,
Ак мусулман болсун деп[1].

Манастын чүрчүттөргө согушу С.Орозбаковдун вариантында «*Ойдо жаткан **чүрчүттү**, Деңиздин Ноор*

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 155-б.

*көлүнө, Тегерете үркүттү*»[1] деген үч сап менен гана эскерилет. С.Каралаевдин вариантында эки сап менен айтылат: «*Орус менен **чүрчүттүн**, Олжолоп кызын ыйлаттык*»[2]. М.Мусулманкуловдун вариантында Алмамбеттин сунушу менен кыйла жерди ыйлаткан чүрчүттөргө каршы казат С.Орозбаков жана С.Каралаевге салыштырмалуу кенен баяндалат. «Чүрчүт – туңгус-манжур тукумунан чыккан эл. Өтмө мааниде дини, тили башка»[3] дегенди да түшүндүрөт. Манастын чүрчүттөргө каршы согушка чыгышы С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варианттарында 2-3 сап менен болсо да эскерилет. Демек, кыргыздардын чүрчүттөргө согушу эпостун салттуу өзөгүндө айтылып келген окуяларынын бири. М.Мусулманкулов ушул окуяны кененирээк баяндоо менен өз вариантына өзгөчөлүк киргизе алган.

С.Орозбаков жана С.Каралаевдердин варианттарында согуштук ар кандай тактикалар: айыгышкан кармаштар, жекеге чыгуулар, эр сайыш, аламан согуш, олжолоо ж.б. кенен баяндалып, поэтикалык көркөм сөз каражаттары менен элестүү чагылдырылса, М.Мусулманкуловдо аламан согуш көбүрөөк баяндалат:

Арстан төрө шилтесе,
Алтымыш башты кескени.
Кырк чоро кирди бакырып,
Кырк жагынан жапырып.

---

[1] Манас. баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-т. – 171- б.

[2] Манас. баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 589-б.

[3] Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Бишкек: Салам, 2016. – 1-бөлүк. – 678-б.

Бакай чыкты бакырып,
Баш жагынан жапырып.
Аламандар ат коюп,
Ар тараптан качырып,[1]

М.Мусулманкуловдо баатырлардын жекеме-жеке согушу, аярлардын кармашы жогорудагы эки манасчынын вариантына салыштырмалуу аз учурайт.

Баатырдын үйлөнүшү – эпикалык чыгармалардагы салттуу сюжеттик мотивдердин бири. Эпостун байыркы сюжеттик мотивдеринде баатыр өзүнө ылайыктуу болгон идеалдуу өмүрлүк жарга үйлөнүү үчүн көптөгөн сыноолордон өтөт. Бул учурда негизги каармандын баатырдык сапаттары, чыныгы жигиттик кулк-мүнөзү даңазаланат. С.Орозбаков менен М.Мусулманкуловдун варианттарында уулунун колуктусу үчүн алгач баатырдын атасы сыноолорго кабылат. Жакыптын кыз издеп узак жолго чыгышы, алыс жактарга чейин барып, сурамжылап жүрүп Манастын даңкын чыгара турган колуктуну таап кайтышы, М.Мусулманкуловдо мазмундук жактан С.Орозбаковдун вариантына үндөшүп турат. С.Каралаевдин вариантында Каныкейдин Манаска ылайыктуу жар экендиги Чубактын окуясында айтылып, Жакыптын кыз издеп чыгышы кездешпейт. Эпикалык чыгармада күйөө жигиттин үйлөнө турган кыз менен күч сынашып көрүшүүсү типтүү байыркы мотивдерден болуп саналат. Мисалы, Манас Каныкейдин өргөөсүнө капыстан кирип келип, колун канжар менен тилдирип чыгат. Кыздан мындайды күтпөгөн Манас жооп кылып Каныкейдин кабыргасын сындыра тебет. Манастын

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 237-б.

акыреттик жары Сайкал менен найзалашып күч сынашуусу да бул байыркы мотивдин өрнөгү. Манас менен Сайкалдын акыреттик жар болушунун түрдүү варианттардагы чагылдырылышы алдыда айтылат. Баатырдык үйлөнүү С.Орозбаков менен М.Мусулманкуловдун варианттарында Жакыптын уулуна колукту издеши, кызга калың төлөшү ата-эненин баласынын алдындагы парзы болуп, кыргыз элинин улуттук каада-салтын чагылдырып турат. Той учурунда күйөөлөп барган Манастын сынга кабылышы, мисалы, анын унутулуп ач калышы, колуктунун канжары согулуп жараланышы сыяктуу көрүнүштөр, кыздын өз көңүлүнө жаккан жигитке гана турмушка чыгышы жөнүндөгү энелик доорго тиешелүү байыркы мотивдин трансформацияланганын чагылдырат.

Баатырдык эпостордо негизги каармандын атайын өзүнө арналган атынын коюлушу; өзгөчө жасалган курал-жарактарынын болушу; ага татыктуу өмүрлүк жар табылышы өңдүү мотивировкалар байыркы архаикалык элементтер менен коштолуп жүрүп отурат. Буга кошо баатырдык доордун талабы болгон согуштук оор заманда анын эң жакын жолдошу, досу, сырдашар кишиси болушу да эпостун урунттуу мотивдеринен. Мындай популярдуу сюжеттик мотивдер достук, бир туугандык, ишеним, берилгендикти чагылдыруу менен патриоттук духту көтөргөн идеяны билдирет. Ошол эле мезгилде чагымчылдык, саткындык, көрө албастык, кызганыч сыяктуу адамдарга таандык терс сапаттарды да айкын көрсөтөт. Алмамбет Манастын күтүп жүрүп тапкан эң ишенимдүү досу, эмчектеш бир тууганы. Алмамбеттин төрөлүшү, эр жетиши, тууган-уругу менен согушуп, эли-жерин таштап чыгышы ар бир манасчыда ар башкача

вариацияланат. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында адилеттик, актык, чындык, ишенимди исламдан издеген Алмамбеттин өз элинен кетиши диний мотивге таянат. С.Каралаевде Алмамбет Коңурбай менен жер талашып касташат, сураган кандыгын ала албай, теңсиздикке учурайт, ал эми жактырган кызы динин алмаштырыуусун талап кылат. Бул вариантта Алмамбеттин кетиши диний жана саясий конфликттерден улам келип чыгат. М.Мусулманкуловдун вариантында Алмамбет төрөлгөндө сүннөтү кесилүү түшөт, эр жеткенде Кожожош ага өз элинин эмес, өзгө элдин бактысына жаралган каарман экенин, Турнага үйлөнгөн түнү периштелер келип капырга үйлөнүүдөн баш тартышын эскертишет. Көкчөгө жолукканда чындык, тазалык, ишеним, берилгендикти исламдан табарын түшүнөт:

Мусулмандын дини үчүн,
Мен берилип качтым жашымда[1] –

М.Мусулманкуловдо Алмамбеттин өз элин таштап чыгышы тикелей диний ишенимге байланыштырылат. Анын атасы Асылкандын карыганча бала көрбөй зар болушу, аян түш көрүшү, түп аталары Айтууган, Күнтууган аталышы сыяктуу мотивдер Алмамбеттин өзгөчө керемет каарман экенин далилдейт. Ал Манастын түмөндөгөн колунун башында турган согуштук тактиканы мыкты өздөштүргөн аскер башчы, жол билген чалгынчы өңдүү сапаттары менен барктуу болгон. Манастын кээ бир жортуулдары өз демилгеси менен болгон эмес, мисалы, анын Үрүмчүдөгү Кункар шааны каратышы анын

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 579-б.

кайнатасы Кайып кандын абалкы өчүн алып берүү максатында Карабөрктүн өтүнүчү менен болсо, Манастын чүрчүттү чабышы Алмамбеттин сунушу менен ишке ашкан.

М.Мусулманкулов чыгармачылык фантазиясына жараша импровизациялык шыгы менен окуяларды коюлантып, устаттарынан уккан-көргөнүнө карата өркүндөтүп, эпостун нугуна эпикалык жоокердик доорго ылайыктуу эпизоддорду кошуп айтып, мазмунду тереңдетүүгө аракет жасаган. Мисалы, «Чоң Казатта» чалгынга барганда Алмамбеттин элиндеги адамдын акылы жеткис түрдүү архитектуралык курулуш материалдары менен салынган кереметтүү үйдүн сырткы жана ички түзүлүшү майда-баратына чейин кенен баяндалат. Алмамбет менен Сыргак кытайдын чек арасында турган эки тыйтайды өлтүрүп, узун чачтуусунун баш терисин сыйрып алып, кытайга окшоштуруш үчүн аны Сыргактын башына кийгизишет:

Эт бышымдын ичинде,
Эки калмак союшуп,
Кулагын өөдө чоюшуп,
Башын туюк оюшуп,
Чачы менен куйкасын,
Быякка алып коюшуп,[1].

Адамдын чачын сыйрып алуу – дүйнөлүк термин менен «скальп» деп аталып, Геродоттун тарыхый жазмаларында байыркы скиф жана перстерде согушта жеңген тарап жеңилгендин чачын териси менен сыйрып алуу

---

[1] Манас: баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 605-б.

салтка айланып калган жөрөлгөлөрдүн бири болуп, жеңиштин белгисин аныктаган. Скальп – өлгөн душмандын кээде тирүү адамдын да башындагы чачын сыйрып алуу дегенди түшүндүрүп, душмандардын жеңилгенин же багынганын далилдеген согуштун эң баалуу олжосу катары жеңиштин символу болуп эсептелинген. М.Мусулманкуловдун вариантындагы бул окуя Алмамбет менен Сыргактын чалгынга баргандагы жеңишин чагылдырат жана манасчынын эпоско кошкон тарыхый-баалуу сюжеттик өзгөчөлүгү катары кароого болот.

«Олуя» – классикалык варианттарда Кошой, Бакай сыяктуу каармандардын образында алардын акылмандыгын, даанышмандыгын түшүндүргөн эпитет катары колдонулат. Ал эми кээ бир манасчылардын варианттарында мисалы, Б.Сазановдун жана М.Мусулманкуловдун айтуусундагы тексттерде Олуя чал же Олуят чал деп энчилүү ат катары айтылат. Б.Сазановдун вариантында Олуя чал тууралуу окуя эки сап менен гана эскерилет: «*Ополдун тоосун түптөдү, Олуя чалды бүктөдү*»[1]. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында Ополдун тоосун жердеген Олуят чал жөнүндө Б.Сазановго салыштырмалуу кыйла кенен баяндалат. Олуят чал өзүнүн айланасына кожо, молдо, эшендерди чогултуп алып, ары-бери өткөн элдин малын-мүлкүн талап-тоноп, бирөөнүн эсебинен байып күн көрүп келген реалдуу адамдын образындагы каарман. Анын образы аркылуу манасчы өзүн билимдүүсүнгөн, динге жамынып алып, карапайым калкты алдап жүргөн чала молдо дин бузарлардын айыбын ачкысы келгени ачык байкалат. Бүтүндөй кеңири бир аймакты ээлеп жатып, ары-бери өткөндөрдүн

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: Б.Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 88-б.

малын тоноп, өздөрүн кулга айландырган Олуят чалды Манастын аскерлери жеңип, туткундарды бошотушат.

Дөө сыяктуу жалгыз чал
Жалгыз жарым өткөндү
Жан адамга билгизбей,
Койчу кылып далайды,
Кул ордуна жумшаган
Олуят күттү малайды[1].

Манасчы Олуят чалдын окуясы аркылуу феодалдык доордун элесин чагылдырууну көздөгөн.

Сюжеттик сызыктын андан аркы өнүгүшүндө Көзкамандардын келиши, Манастын аларга кылган жакшылыгы, Манас жана анын кырк чоросунун ууланышы салттуу варианттарда айтылган мазмунга үндөшүп турат. С.Орозбаковдо ууланган Манастын окуясы эпостун архаикалык баскычында сүрөттөлүп, Баатырды кырк чилтен жана колдоочу жаныбарлар айыктырат. С.Каралаевдин вариантында Манасты Каныкей бир үңкүрдө дарылайт. М.Мусулманкуловдун вариантында эпизоддун негизги мотиви сакталат да С.Орозбаков менен С.Каралаевден айырмаланып, мында ууланган Манаска алгачкы жардамды Кошой баатыр көрсөтөт. Манасчы импровизаторлугу менен бул эпизодду андан ары дагы тереңдетип, Манасты кырк чоросу менен Кыдыр Илияс, кырк чилтен алып кетип, алардын кайып болуп кеткени айтылат. Кырк чилтендин колунан айыккан Манас Каныкейдин түшүнө кирип, Каныкей намаз окуп жаткан жерде Манасты жолуктурат. Манастын

1 Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 184-б.

колдоочуларынын жардамы менен кайып болуп кетиши каармандын образындагы мифтик мүнөзүн чагылдырып, бул жагынан С.Орозбаковдун вариантына үндөшөт. Ал эми Каныкейдин намаз окуп жатканда Манаска жолукканы ислам дининин парздары менен параллел коюлат.

«Манас» үчилтигиндеги «Көкөтөйдүн ашы» көлөмдүү эпизод С.Орозбаковдун вариантында кенен айтылса, М.Мусулманкуловдо түздөн-түз баяндалбастан кээ бир эпизоддордо, мисалы, согуш эпизоддорунда же баатырлардын диалогдорунда, жети кандын Манаска каршы чыгуусунда эскерүү түрүндө айтылат. М.Мусулманкуловдо «Чоң казатка» аттануу эпостун салттуу варианттарындагыдай эле жети кандын Манаска каршы чыгышынын негизинде келип чыгат. Жети кандын окуясы жана Чоң казат эпизоддору салттуу сюжеттик окуялар менен уланат. Өзгөчөлүгү М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында кездешпеген Төштүктүн аялы Кенжекенин түшүн көрсөтүүгө болот. Төштүктүн аялы Кенжеке жети кан Таласка жол тартар алдында аян түш көрөт. Күйөөсүнүн узак жолго чыгарында башына түшө турган мүшкүлдү алдын ала сезген жана жолдошунун бул сапардан баш тартуусун өтүнгөн аял-каармандар кыргыз элинин эпикалык чыгармаларында Каныкей, Айчүрөктүн да образдарында кездешкен типтүү көрүнүш.

Селдей кылып кызыл кан
Аккан жерге барасың,
Акыр заман башыңа
Салган жерге барасың,
Курттай кайнап кыжылдап,

Толгон жерге барасың,
Каалгалуу боз дубал
Коргон жерге барасың[1] –

деген Кенжеке Төштүктү Манаска каршы чыккан оюнан баш тартуусун суранат. Кенжеке «Эр Төштүк» эпосунда тогуз кыздын кенжеси, сулуулугу менен кошо акылы, келечекте боло турган окуяны алдын ала билген көрөгөчтүгү менен таанылган аял. Төштүктүн Манаска каршы чыгышында Кенжекенин күйөөсүн токтотууга аракеттениши жөнүндөгү сюжеттик окуя башка манасчылардын варианттарында кездешпейт. Бул – М.Мусулманкуловдун жети кандын окуясына кошкон импровизаторлук табылгасы. Албетте, кыргыз элинин кенже эпостору жана бай фольклордук казынасы менен жакындан тааныш болгон М.Мусулманкулов үчүн Кенжекенин Каныкей, Айчүрөк сыяктуу көрөгөчтүк, олуялык, шамандык духтук касиетке ээ каарман экени белгилүү болгон. М.Мусулманкулов Кенжекенин жогоруда мисалда берилгендей мазмундагы образын «Жети кандын окуясына» өзгөчө билгичтик менен киргизген.

«Чоң казатта» М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаковдун вариантынан өзгөчөлөнгөн дагы бир сюжеттик окуя – ордо оюнундагы чыккан чоролордун чыры. Манасчылардын варианттарында негизинен Алмамбет менен Чубактын чырынын чыгыш себеби эки жол менен ишке ашат. Биринчиси, Чубак түздөн-түз ордо оюнуна катышат. Экинчиси, Чубак оюнга катышпайт, ортого чагым салган башка үчүнчү бир жактын көкүтүүсү менен кыйыр түрдө чыр башталат. С.Орозбаковдун вариантында чырдын чыгышы экинчи жол менен

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 479-б.

аткарылат тактап айтканда, Чубак ордо оюнуна катышпайт. Оюн учурунда Алмамбеттин жолдошу Бозуул менен Чубактын жолдошу Ырчыуул чырдашып, Бозуулга кыжырланып, ачууланган Ырчыуул, кошунда өз иштери менен алек болуп жаткан Чубакка барып, ачуусун андан чыгарып, сен экөөбүздү Бозуул кордоду, кемсинтти деп Алмамбетке каршы көкүтөт. Ордо оюнунан чыккан чыр Бозуул менен Ырчыуулдун ортосунда башталып, оюнга таптакыр тиешеси жок Чубак менен Алмамбеттин ортосунда өнүгөт. М.Мусулманкуловдун вариантында биринчи жол менен ишке ашат. Ордо ойноп жатып Чубак менен Ырчыуулдун ортосунда чыр чыгат. Чырдын чыгышына Ырчыуулдун кайра-кайра Чубакты Алмамбеттин бучкагына да тең эмессиң деп көкүткөнү себеп болот. Манасчы Чубактын таарынычын жана Алмамбетке карата кызганычын, ачуусун конкреттүү майда деталдарына чейин ачык жана так баяндап берет.

М.Мусулманкуловдун вариантындагы кээ бир эпизоддордо С.Орозбаковдун вариантына сөзмө-сөз дал келген саптар да кездешет. Мисалы, Манастын Чоң казатка аттанар алдындагы хандарга, жалпы аскерлерге айткан сөзү С.Орозбаковдун вариантында:

Кандар сизге жол болсун,
Катылба десем болбойсуң,
Ар качандан бир качан,
Камаганың койбойсуң,
...Кандай акыл ойлойсуң,
Кай түрлүү оюн ойнойсуң,
Каар кылсам, кандарым,
Капилет өлүп сойлойсуң,
Атым Манас болгону,

Арбагым башка конгону,
Албай жоону койбодум,
Ичип канга тойбодум,
Ойдон алдым Ооганды,
Оңойсунтуп катылып,
Оңуп кайсы жоо калды[1].

Бул саптар С.Орозбаковдо кандай айтылса М.Мусулманкуловдун вариантынын 499-бетинде да дал ушундай сөзмө-сөз кайталанып берилет[2]. Манасчылардын варианттарында поэтикалык саптардын сапма-сап окшош жолуккан учурлары кездешет. Оозеки айтууда мындай саптар көөдөндө жатка сакталып калат. Кээде манасчылар мындай саптарды калька катары сактап калып, ойду улантып андан ары сүрөттөп кетүүнүн өзү, оозеки айтуу салтынын уланышы катары белгиленет. Мусулманкуловдун вариантында да жогорудагы мисалда берилген ушул саптардан кийинки ыр жолдорунда акырындап барып анан айырмачылыктар орун алат.

Кытайлардын көзгө атар мергени Кожожаш С.Каралаевдин вариантында «Чоң казат» окуясында Манастын чоролорунун өлүмүнө байланыштуу эпизоддо активдүү катышат. Көзгө атар мерген Кожожаш Манастын негизги баатыр-чоролору Алмамбет, Сыргакты жана Көкчө менен Музбурчакты атып өлтүрөт. Чубак жарадар болуп дайынсыз кетет. Манастын негизги чоролору М.Мусулманкуловдун вариантында Кожожаш менен Алмамбеттен да ашык окуган, артык амалга ээ, сагызгандын тилин жеген, жер астында жети жыл ажайыптан

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 237-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 499-б.

окуган, канаттуунун тилин билген, жылан менен чаяндын жөнүн билген Шыпшайдардын огунан каза табат.

Алмамбетке башынан,
Жигит болгон Шыпшайдар,
Өлтүрсөм деп, кас кылып,
Илим билген Шыпшайдар[1]. –

М.Мусулманкуловдун вариантында Алмамбет кытайда жүргөн мезгилде Шыпшайдар анын кол алдындагы жигити болот. Алмамбет кытайдан кеткенде ага ишенип, берилип жүргөн Шыпшайдардын жүрөгү сууп, жек көрүп, аны өлтүрүүнү ойлойт. Алмамбетти өлтүрүү үчүн жер астында жети жыл ажайыптан окуп келет.

С.Орозбаковдо Манастын душмандарынын негизги баатырлары менен согушу башкача нукта баяндалат. Мында жалгыз ок тууралуу окуя эскерилбейт. С.Каралаевде Манаска жалгыз окту касиеттүү думана, М.Мусулманкуловдо кырк чилтен менен кайберен берет. Манас жалгыз окту Ак келтеге дүрмөттөп чоролорун өлтүргөн душмандарды жок кылат. М.Мусулманкулов менен С.Каралаевдин варианттарындагы мындай сюжеттик үндөштүк М.Мусулманкуловдун тянь-шандык да, көлдүк да манасчылардын варианттары менен тааныш болгон жана өз ара таасирленген деген жыйынтыкка алып келет.

Манастын өлүмүнө байланыштуу эпизоддо баатырдын коюлушу М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаков менен С.Каралаевдин вариантына салыштырмалуу башкача планда өтөт. С.Орозбаков менен С.Каралаевде Каныкей атайын киши жалдап, эч кимге билгизбей күмбөз салдырып, Баатырдын сөөгүн ошол жерге койдурат.

[1] Жогорудагы китеп, 707-б.

М.Мусулманкуловдо да Каныкей атайын Манаска арнап жай каздырып, кадырлап коёт, бирок Манастын акыреттик жары Сайкал эч кимге билгизбей Баатырдын жайын ачтырып, сөөктү уурдап барып аркар баспас зоосу бар, агындуу дайра суусу бар Жылаңач-Бугу тоосуна жашырып келет. Салттуу варианттарда айтылгандай М.Мусулманкуловдун вариантында да Манас Коңурбайдын чапкан айбалтасынан ырбаган жарадан өлөт. С.Орозбаковдо Коңурбай Манасты согуш учурунда атсыз жөө калганынан пайдаланып, ал эми С.Каралаевде Манас Чет Бээжинде такта отурган мезгилде таңга маал азан айтып жатканда айбалта менен шилиге чабат. «Манас» эпосунда жана башка дүйнөлүк эпостордо негизги каарман-баатыр кылыч кеспес, найза тешпес, ок өтпөс, өлбөс болуп өзгөчө жаралат. Мисалы, «Илиядада» Ахиллес, «Нибелунгдар жөнүндө ырда» Зигфрид, «Алпамышта» Алпамыш ж.б. алардын баатырдык соот кийимдерин эсепке албаганда да, алар ушундай магиялык коргонууга ээ. Мындай баатырлардын жаны денесинин белгилүү бир жеринде же башка бир нерседе сактала тургандыгы жөнүндөгү мотив М.Мусулманкуловдун вариантында да айтылат. Алсак, Манастын төрөлүшүндө баланын далысынын үстү жагындагы (кара кушунда) алакандай жериндеги түгү жөнүндө манасчы бекеринен эскербейт:

Байбиче белин буудуруп,
Кирintип бала жуудуруп,
**Айдалынын үстүндө**
**Алакандай түгү бар,**
Бала жайы момундай[1] –

1 Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 26-б.

Манастын талуу жери тактап айтканда жаны ушул жерде болгон. М.Мусулманкуловдун вариантында Манас Бээжиндеги согушта эки жолу жеңишке жетишет. Биринчиси, Чоң казатта эпикалык душмандарын жеңген кыргыздар көп олжо менен мекенге кайтат. Манастан жеңилип ызаланган Коңурбай ден соолугун чыңап, Кожожаштын бир тууганы Байкал дөөнү үгүттөп кыргыздарга согуш ачат. Бул согуш Кичи казат деп аталып, Манас мында ийгиликке жетип, Чет Бээжинде бир нече убакыт такка отурат. Чет Бээжинде хан болуп турганда жайылып, тарап кеткен аскерин чогулта албай «Манас өлдү» деп жар салдырат. Муну уккан Коңурбайдын акылмандары өзүн өзү өлтүргөн Манастын башынан куту учту эми өлтүрөсүң дейт. Шерденген Коңурбай таңга маал дааратка чыккан Манасты айбалта менен кара кушка чаап жарадар кылат. Тексттин жүрүшүндө Коңурбайга Манастын талуу жери (далысынын үстүндөгү алакандай түгү) жөнүндө кабар берилбейт бирок, «Манас баатыр өлдү» деген сапты берүү менен сөздүн кудурети канчалык күчтүү экенине басым жасалат.

М.Мусулманкуловдун вариантындагы каармандардын образдарын талдоодо эпостун негизги кыймылдаткыч күчү болгон Манас баатырдын жана анын тегерегиндеги башкы каармандарга токтолобуз. М.Мусулманкуловдун вариантындагы эпостун негизги каармандарынын образдарын ачып берүүдө айрыкча С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варианттарынан айырмаланган портреттик сүрөттөөлөргө жана мүнөздөргө көңүл бурулат.

Жакыптын образынан баштасак, С.Каралаевдин вариантында Жакып менен Манастын ортосунда карама-каршылыктуу мамиле курч деңгээлде, агрессивдүү маанайда сүрөттөлөт. Кыргыздар Ала-Тоого көчүп

келгенден кийинки «Манастын өзүнө ылайыктуу ат тандашы», «Каныкейге үйлөнүшү» деген эпизоддордо Жакыптын уулуна кайдыгер мамиле жасагандыгы баяндалат. Манас Каныкейге үйлөнөөрдө калың бербей, тескери карайт. Манас Жакыптын зар какшап, кудайга жалынып жүрүп көргөн баласы, бирок, Каралаевдин вариантында Жакыптын ата катары мамилеси серт, мүнөзү корс, ачуулу, айтканынан кайтпаган, мээримсиз, дүнүйөкор, зулум катары чагылдырылган:

«Уулум Манас, өлсөңчү!
Өрттөй уулум өлдү, – деп,
Өмөлтө кырып малымды
Ушу жерге көмсөмчү!
Кетирдиң далай алымды,
Ичкиликке жоготтуң,
Сан карадай малымды.
Укпай койдуң сөзүмдү
Көп малымды түгөтүп,
Көммөй болдуң өзүмдү[1] –

деген Жакыптын ата катары образы С.Каралаевдин вариантында реалдуу ачылбай, көңүлдүн борбору негизги каарман Манаска гана бурулуп, атасы уулунун билинбеген ички душманы катары бир жактуу гана терс мүнөздө көрсөтүлүп калган.

С.Орозбаковдун вариантында С.Каралаевге салыштырмалуу Жакыптын образындагы оң, терс мүнөздөр кырдаалга жараша бир кыйла тең салмактуу баяндалат. Малын чачып, тапкан олжосун карапайым калкка тең бөлүп берген Манастын кылыгына ачуусу келсе да Жакып

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 334-б.

Манаска жар тандап берүүдө ата катары өзүнүн милдетин жакшы билет. Ал баласынын алдындагы аталык милдетин аткаруу үчүн жер кыдырып, эл аралап, кыздын калыңын төлөп Манасты үйлөндүрөт. Жакып Манастын ар бир кылган ишине кийлигише бербейт, ылайыктуу жерде өз кеңешин берет, кара ниеттенип бузукулук иштерди жасабайт.

Ал эми М.Мусулманкуловдун айтуусундагы вариантта Жакып менен Манастын ортосундагы ата-бала мамилеси жогорудагы манасчыларга салыштырмалуу бир кыйла жумшартылган формада берилген. Мында Жакып камкор, баласаак, мээримдүү ата экени айтылат. Ал Манастын балалыгындагы тентектигине, мал-мүлктү чачкан ысырапкорчулугуна ачууланганы менен уулу согушка аттанса анын амандыгын тилеп, батасын берип, келер жолун күтүп кабатырланат.

Манас түштү бастырып,
Бай Жакыптын үйүнө,
Бай Жакыптын көзүнө
Көрүнгөн жок дүнүйө[1] –

Жакып уулу Манас душманды жеңип келгенде садагасын чаптырып, карапайым калктын батасын алып түлөө өткөрөт. Жакып Манастын балалыгындагы шоктугуна капа болуп, ачууланып, жаны ачыганы менен Манаска кара ниеттик кылбайт. Уулга ылайыктуу жар тандап берүү, үйлөндүрүү атанын милдети деп түшүнүп, жер кезип жүрүп Каныкейди тандап, калыңын төлөп келин киргизет.

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 166-б.

М.Мусулманкуловдун вариантында отко, өрткө жана анын түсү – кызыл түскө өзгөчө басым жасалат. Каармандар алдын ала боло турган окуя тууралуу аян түшүндө негизинен жалындаган өрттү көрөт. Мисалы, Чыйырдынын боюна бүтөрдө көргөн түшүндө:

Этегимден өрт көрдүм,
Этектен чыккан жалынга,
Ааламдын баарын өрттөдүм[1].

Панус кандын Манастын колу келер алдындагы көргөн түшүндө:

Жерди-сууну өрттөдү,
Өрт Ааламды каптады,
Өчүрөр киши таппады[2].

Шооруктун кызы Акылайдын көргөн түшүндө:

Төр жагымдын баарысы,
Кызыл жалын өрт болуп[3].

Жети хандын окуясында Төштүктүн аялы Кенжеке түш көрөт:

Кызыл өрткө саласың,
Кырааным Төштүк жаныңды,
Дүнүйөнү өрт алып,
Түшүмдө көрдүм жалынды[4].

---

[1] Жогорудагы китеп, 15-б.
[2] Жогорудагы китеп, 169-б.
[3] Жогорудагы китеп, 232-б.
[4] Жогорудагы китеп, 478-б.

Мисалдардын баарында Манастын эр жүрөктүүлүгү жана анын баатырдык иш-аракеттери аллегориялык түрдө жалындаган өрткө салыштырылат. Молдобасан манасчы Баатырдын сырткы турпатын, ички жан-дүйнөсүн же окуяга карата анын реакциясын, эмоциясын билдирүүдө өрттү, чагылганды, кызыл түстү көбүрөөк пайдаланган. Мисалы, каармандардын Манаска байланыштуу көргөн аян түштөрүндө өрттү, чагылганды көрүшү, алты кандын кутумунда каарданган Манастын кызыл кийиниши ж.б. Бул абал фольклористикада адамдын сырткы көрүнүшү менен анын ички дүйнөсүнүн (ачуулануу, каардануу) ортосундагы параллелдүүлүктү түшүндүрөт. С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин тексттеринде да кызыл жалын от баатырдын сын-сыпатын, абалын айкындоодо көркөм каражат катары колдонулат. М.Мусулманкуловдун вариантында да жогорудагыдай жана төмөндөгүдөй саптар ушундай эле көркөм милдет аткарып, башка манасчыларга караганда бул вариантта кызыл түс бир кыйла жыш колдонулган:

Өрттөй көзү жайнаган,
...Кан чеңгелдеп туулган,
Кызыл кийсе белгиси,
Качырган жагы чуулган[1].
...Кызылды Манас кийгенде,
Кылым жандан түңүлүп[2] – ж.б.

Манастын образындагы анын баатырдыгын, эр жүрөктүүлүгүн, кенебестигин айгинелеген саптар М.Мусулманкуловдун вариантында да салттуулугун сактайт.

---

[1] Жогорудагы китеп, 496-б.
[2] Жогорудагы китеп, 495-б.

Эпос оозеки жашоосунда узак мезгилдерди башынан өткөрүп, сюжеттик катмарланууга дуушар болуп, эволюциялык баскычтардан өтүп келсе да негизги каармандын образындагы байыркылык белгилер сакталып калган. Мисалы, Манас, Коңурбай, Жолой сыяктуу негизги баатырлар ж.б. алп дөөлөрдүн образдарындагы портретик сүрөттөөдөгү архаикалык белгилер эпостун көп варианттарында туруктуу кездешет. Манастын образындагы магиялык, сакралдуу колдоочуларынын болушу, анын башкалардан өзгөчөлөнгөн алп уйкусу, сүрдүү, коркунучтуу, гиперболикалык портрети сыяктуу типтүү белгилери М.Мусулманкуловдун вариантында да айрым майда деталдык айырмачылыктары менен сакталган. Мисалы, С.Каралаевдин вариантында Коңурбай, Жолой, Малгундун портреттери «Көзү көлдүн быткылдай, көрүнгөндү жуткудай» деген поэтикалык салыштыруу менен сүрөттөлөт. Бул портреттик сүрөттөө М.Мусулманкуловдо Коңурбай жана Манастын образдарында пайдаланылып, баатырлардын сүрдүү, каардуу, жүрөктүн үшүн алган коркунучтуу өң-келбети чагылдырылат:

Муруну тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Ар мүнөзүн караса,
Ажыдаар болсо туткудай.
Сакалы саадак кабындай,
Муруту Букар шабындай,
Көзүнөн чыккан ызгаары,

Көрүктүү оттун жалындай[1].
Коңурбайдын образында:
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Сакалы көлдүн камыштай,
Жакжайылып каштары,
Муруту чөлдүн камыштай,
Тик сайылып алыптыр,
Мурундарын карасаң,
Ар муруттун бир кылы
Айбалтанын сабындай[2].

Манастын физикалык дене мүчөсү, сырткы турпаты, жүз көрүнүшүнүн элесин сүрөттөгөн туруктуу портреттик мүнөздөмө, мисалы, С.Орозбаковдун вариантында:

Маңдайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү калча, көзү тик,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Жаагы жазы, ээги узун,
Ээрди калың, көзү үңкүр –
Эр мүнөзү көрүнөт,[3].
М.Мусулманкуловдо:
Алагар көзү алайып,
Астыңкы эрди шалайып,
Жалаяк ооз, жар кабак,

---

[1] Жогорудагы китеп, 219-б.
[2] Жогорудагы китеп, 143-б.
[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 160-б.

Жазы маңдай, кең далы,
Жаратканда кудурет
Артык болгон арбагы.
Өчөт десе өөрчүгөн,
Өзүн кыдыр ээрчиген,[1].

С.Каралаевдин вариантында:

Орто бойлуу, кең далы,
Жалаяк ооз, жар кабак,
Артык балбан, ары шер,
Таап алсаң жан жолдош[2].

«*Жалаяк ооз, жар кабак*» деген типтүү мүнөздөөнү пайдаланган манасчылардын варианттарында Манастын бет түзүлүшүнөн баштап, жалпы туруш турпаты, баатырлык, алптык өзгөчөлүктөрү көз алдыга тартылат. С.Орозбаковдо Манастын оозу, мурду, ээги, көз карашы, каш, кирпигине чейин элестүү сүрөттөлөт. Буга кошумча М.Мусулманкуловдо Манастын колдоочуларына басым жасалып байыркылык формасын коруса, С.Каралаевде баатырлыгы менен бирге достукка бекемдиги көрсөтүлөт.

Манастын бөрү, кабылан, жолборс, арстан, алпкаракуш, ажыдаар сыяктуу байыркы тотемдик ишенимди чагылдырган колдоочулары эпостун мазмунунун көркөмдүк деңгээлин жана Баатырдын образындагы өзгөчө адамдык касиеттерин ачууга да таасирин тийгизет. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында Манастын колдоочу жаныбарлары:

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 159-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 378-б.

Жолборс болду жолуна,
Ажыдаар болуп акырып,
Кырк чилтендин бирөөсү
Кабылан болуп бакырып,
Шер болуп бири күркүрөп,
Алпкаракуш арбайып,
Асмандан буту сарбайып,
Манаска жолдош болуптур,
Айбаттуунун баарысы
Ар тушуна толуптур[1].

М.Мусулманкуловдун вариантында:

Аркасында ак жолборс
...Алпкаракуш үстүндө
Ала турган өңдөнүп,
Ажыдаар белинде
Чыга турган өңдөнүп[2].
Эр Манастын жанында
Кырк карышкыр кабышат[3].
Кызыры бар башында,
Кырк чилтен жүрөт кашында[4].

Манастын негизги колдоочулары эки вариантта бирдей айтылып, баатырдын образындагы касиеттерин ачып берет. Жолборс, кабылан, ажыдаар (тотем жаныбарлар) – эр жүрөк, күчтүү, өжөр, сүрдүү, каардуу, жеңилбес башкаруучу. Ал эми алпкаракуш – эгемендик, эркиндиктин кабарчысы экенин чагылдырат.

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-т. – 308-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 75-б.

[3] Жогорудагы китеп, 109-б.

[4] Жогорудагы китеп, 115-б.

Манастын образы ар түрдүү кырдаалдарда ачылат. 1.Баатырдын өз иш-аракеттери: Ата мекенди душмандардан бошотушу, үзүлгөндү улап, чачылганды жыйнап, элдин эркиндигин камсыз кылышы аркылуу; 2. Сынчы, төлгөчүлөрдүн сын көз-караштары аркылуу ачыкталат. Мисалы, Тейиштин кан шайланышы деген эпизоддо баатырды көрөбүз деп келген сынчылардын байкоолору Манасты жолборско, ажыдаарга салыштыруулары анын ааламга жеткен күчүн, эрдигин эң идеалдуу касиет-сапаттарын аныктайт:

Арт жагына караса,
Ак жолборстун түрү бар.
Маңдайынан караса,
Ажыдаардын сүрү бар.
Кыйкырганда эр Манас
Кырк миң шердин үнү бар.
Кылчайып артын караса,
Ааламды бузчу түрү бар[1].

М.Мусулманкуловдун вариантында Алмамбет төрөлгөндө өзгөчө белгилеринин бири анын көкүлчөн төрөлгөндүгү айтылат. «Чачтын магиялык касиетке ээ болушу эң байыркы түшүнүккө барып такалат. Ал түшүнүктө чач менен жан тыкыз байланыштуу болуп эсептелинет»[2]. Бирок, Алмамбеттин көкүлү анын жаны менен карымкатышта каралган эмес, жөн гана символдук белги катары анын башкалардан өзгөчөлүүлүгүн көрсөтүү үчүн гана колдонулган. Себеби, тексттин жүрүшүндө согуштук эпизоддордо болсун же жөнөкөй турмушта болсун ар

[1] Жогорудагы китеп, 319-б.

[2] Мукасов М. «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы: филол. илим. канд. дис. автореф. – Бишкек, 2000. – 7-б.

кандай оор кырдаалдарга туш болгонунда да анын көкүлү тууралуу сөз козголбойт.

Алмамбеттин эл-жеринен айрылган татаал трагедиялуу тагдыры анын образына таасирин тийгизет. Мисалы, ал мекен темасында ар дайым кайгы, капага чөгөт, алсыздыгын билдирет. Анын өкүнүч менен муңга толгон жүрөгү эл-жер жөнүндө сөз болгондо ар дайым сезимталдашат. Чалгында жол талашкан Чубак экөөнүн окуясында Алмамбет өзүнүн мекенге болгон сүйүү, уят, ар-намыс, достук, ишеним, берилгендик өңдүү сапаттарын ачып берет. Ал коомдо болуп жаткан ар бир окуяга кылдаттык менен баам салып, жоодо зөөкүр, жан аябас баатыр, ал эми үй-бүлөдө аяр, назик, мээримдүү мамиле керектигин иш-аракети менен жана башка каармандар менен диалогдорунда көрсөтөт. «Чоң казат» окуясында Алмамбет хан шайлангандан кийинки аскердик тартипти бекем кармагандыгы ал эми казатка аттанар алдындагы Манас менен Каныкейди көрүштүрүүгө мүмкүнчүлүк түзгөндүгү анын бул сапаттарын айкындайт. Алмамбеттин сырткы портреттик мүнөздөмөсү Көкчөдөн келе жаткандагы сюжеттик окуяда даана ачылат. Мисалы, Алмамбет С.Орозбаковдун вариантында:

Кең көкүрөк, сом далы,
Туткандын чыгар далдалы,
...Азуусу албарс, уу тырмак,
Арстандардын бири экен,
...Качыргандан токтобос
Камандан алган мүнөзү,
Кайгырып жоодон шашпаган
Жолборстон алган мүнөзү,[1]

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 402-б.

М.Мусулманкуловдо:

Ала-Тоодой бою бар,
Эңчер бойлуу, кең далы,
Чалкайыңкы кызылдуу,
Отузга чыккан жашы бар,
Ойротту бузган каркыбар.
Бетинен нуру төгүлөт,
Бериштелүү көрүнөт[1].
Каармандай түрү бар,
Кабыландай сүрү бар,[2] –

Алмамбеттин портреттик сүрөттөөсүндө жогорудагы эки манасчынын варианттарындагы жалпылыктар: анын Манастан кем калбаган күчү, сүрү, эрдиги тотемдик жаныбарлар жолборс, кабыланга салыштырылып анын тайманбас баатырдыгын көрсөткөндүгүндө. М.Мусулманкуловдо Сагынбай манасчыдан айырмаланып, Алмамбеттин түп аталары Айтууган, Күнтууган аталып, жүзүнөн нуру төгүлгөн мифтик түшүнүккө жакын образы кошо чагылдырылат. Алмамбеттин нурдан жаралганы С.Каралаевдин вариантында да «*Орою актан жаралган, Нурдун уулу сен элең*»[3] деп берилет.

М.Мусулманкуловдун вариантындагы төмөнкү саптар Алмамбеттин ички ал-абалын, башынан өткөргөн кайгылуу турмушун, маанайын билдирет:

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 313-б.

[2] Жогорудагы китеп, 341-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 620-б.

Адам көрбөй бир далай,
Жапа болгон жери бар.
Азап тартып алыстан,
Капа болгон жери бар[1].
Учаарын билип Алманбет,
Коноорун билбей калганы[2] –

деген образдуу акыркы эки сап Алмамбеттин жашоодогу аягына чыкпай жарым калган ишин – окуусун толук бүтпөй калышын тактап айтканда Кожожаштан бир жыл кем окуганын (С.Каралаевдин вариантында), Шыпшайдардан аз илим үйрөнгөнүн (М.Мусулманкуловдун вариантында. М.Мусулманкуловдун вариантында Кожожаш менен Шыпшайдар экөө эки башка кейипкер) чагылдырат. «Чоң казаттагы» Сыргак менен диалогунда Алмамбеттин туулган жеринен, элинен ажырагандагы кусалыгы, сагынычы, таарынычы, жүрөгүнүн түпкүрүндө бир бөксөлүк бар экени тереңирээк ачылат.

Ар түрдүү кырдаалдарда адамдын башына оор тагдыр туш болгонун, азапка батып, кыйынчылыкка кабылганын анын колдонгон буюму аркылуу билүүгө боло тургандыгы жөнүндөгү мотив дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда көп кездешет. Карело-фин элдеринин «Калеваласында» мергенчи Ильмаринен өзүнө өмүрлүк жар издеп алыска аттанып жатып, энесине колдонуп жүргөн чач тарагын, эгерде ушул тарактан кан чыкса мени өлдү деп бил, деп эскертип таштап кетет. Уулун төрт көздөп күткөн энеси бир күнү тарактан кан чыгып жатканын көрүп, Ильмаринендин өлгөнүн түшүнөт. Ушуга окшош сюжеттик мотив башкыр элинин «Урал

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 314-б.

[2] Жогорудагы китеп, 672-б.

батыр» жомогунда да айтылат. Өлүмгө каршы булактын суусун издеп жолго чыккан Урал, Карагаш аттуу кызга жолугат. Баатыр Карагашка колундагы өзү жасап алган үйлөмө аспабы курайды берип, эгерде ушул курайдан сүт акса анда мени жеңишке жетти деп, а эгерде кан чыкса анда мени өлдү деп бил, деп тогуз баштуу дөөгө каршы согушка аттанат. Карагаш курай аркылуу баатырдын өлүү же тирүү экенин билип турат. Ал эми «Манас» эпосунда Алмамбеттин башына мүшкүл иш түшкөнүн Манаска өзүнүн аты, курал-жарактары түшүндүрөт:

Тулпардын баары тер болуп,

Кылычтын баары кан болуп,[1] Манас согуштук куралжарактарынын турган ордунан козголуп, урушка барып келгендей канга боёлуп, мамыда байланган аттар алыстан чарчап келгендей тер басып, мурдунан буу чыгып турганын көрүп, Алмамбеттин башына келген кыйынчылыкты жана өзүнүн да жаны-руху согушка катышып келгенин түшүнөт. Бул сюжеттик окуя классик манасчылардын көпчүлүгүндө жана М.Мусулманкуловдо да кездешет. «Калевала» жана «Урал батырда» бул мотив каармандын өзү колдонгон буюму аркылуу байыркылык формасында берилген болсо, «Манаста» Алмамбеттин эң жакын досу Манастын колдонгон буюмдары аркылуу билинип, трансформацияланган түрдө кездешет. «Алмамбеттин окуясында» душманга каршы Алмамбетти колдоп чыккан Баатырлардын арбактары жөнүндөгү эпизод шамандык ишенимден бери карай келе жаткан арбак колдоо ишеними менен чечмеленет. «Арбак – касиеттүү күч жалаң өлгөн адамдарга гана таандык сапат эмес, ар бир адамда боло турган белги,

[1] Жогорудагы китеп, 308-б.

бирок ал сапаттын көрүнүшү үчүн ошол адамдын сөз болуп жаткан жерде жок болуусу сөзсүз шарт»[1].

Кылымдын карт тарыхында эпостун катмарларына сиңип келген ажыдаар түрдөнгөн, кан жыттанган, жаткан иттей кашы, жан казандай башы бар Жолой, Коңурбай сыяктуу эпикалык баатырларга мүнөздүү болгон портреттик мүнөздөгү сүрөттөөлөр М.Мусулманкуловдун вариантында да туруктуу сакталат. Коңурбай Манастын душмандарынын эң башкысы жана типтүү образдардын бири. Мисалы, С.Орозбаковдо Коңурбайдын портреттик сүрөттөлүшү:

Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалдары туу куйрук
Сараптан тешип өткөндөй.
Көзү өгөгөн темирдей,
Муруну бар капырдын
Бузулган тоонун сеңирдей.
Түлөгөн жору каштанып,
Өгүздөй болгон чоң доңуз
Өрттөнгөн дөңгөч баштанып.
Мурдун көрсөң бородой,
Эки көздүн чуңкуру
Казып койгон ородой,
Кирпигинин чылпагы
Мергендердин шородой.
Көк күбө тонун жамынып,
Арстандай чамынып,[2]

[1] Жайнакова А. «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи (С. Каралаевдин варианты боюнча). – Фрунзе: Илим, 1982. – 19-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 93-б.

М.Мусулманкуловдун вариантында:

Баары түрү үрпөйүп,
Чачы типтик үксөйүп,
...Көзү кызыл бөрүдөй,
Көкүрөк чалкар керүүдөй,
Эки ийнинин ортосу
Аска зоонун бийиктей,
Кирпиги типтик ийнедей,
Эки буту далбаңдап,
Сүйрөтүп жүргөн чийнедей.
Таманынын узуну
Алты карыш, алты эли,
Салаасынын арасы
Өлтүргөндөй төрт эли.
Беш колунун узуну
Бешиликтей көрүнөт,[1]
С.Каралаевдин вариантында:
Мурутунун бир талы
Айбалтанын сабындай,
Мурду тоонун сеңирдей,
Булкушканды жегидей.
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткудай.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайдын кеңдиги
Жайлоодогу төргө окшоп,[2] –

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 640-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 693-б.

Коңурбайдын портрети мисалдарда көрүнүп тургандай баатырдык айбаты, ачуулуу, жан кечтилик сүрү менен бирге анын турпаты, кабак-кашы, өң келбети эпикалык душмандарды сүрөттөөдө салыштырма түрүндө колдонулган *бузулган, кырылган, сынган, алжайган, жакжайган, капкара, кир* деген түшүнүктү берген терс сын-сыпаттар менен түзүлгөн. С.Орозбаков менен М.Мусулманкуловдун варианттарында олуттуу айырмачылыксыз Коңурбайдын туруш тупаты жана келбетин сүрөттөө стили окшош: көзү, кашы, кирпиги, чачынан бармагына чейин элестүү берилип, устат менен шакирттин ортосундагы таасирленүү байкалат. Орозбаков жана Каралаевде Коңурбайдын жүз келбети сүрөттөлсө, Мусулманкуловдо жүзү, колу, буту бүтүндөй физикалык дене мүчөсү көзгө элестүү тартылат.

М.Мусулманкуловдун вариантында каармандардын сырткы портреттик сүрөттөөлөрү менен бирге ички жан дүйнөсү, окуяга карата мамилесине да көңүл бурулган. Мисалы, Манас менен кармаша албай качып кеткен Жолойдун окуясы салттуу эпизоддордун бири. Жеңишке жете албай, ойлогон ою ордунан чыкпай арданган Жолойдун ички сезимдери бизге белгилүү болгон көпчүлүк варианттарда үстүртөн гана сыйдамдап айтылып, толук ачылып берилген эмес. Мисалы С.Каралаевдин вариантында жеңилерин сезген Жолойдун күндү бүркөлтүп, туман түшүрүп качып кетиши, анын жайчылык сыпаты менен түшүндүрүлүп байыркылык образын сактайт. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантындагы ушул окуяда Жолойдун образы кыйла реалдуу адамдын мүнөзүнө жакындаштырылып, эпикалык чектен бир аз алыстап, профессионалдык адабияттын чегинде сүрөттөлгөнү байкалат. Жолойдун уятына чыдабай жаны ачыган

ички дүйнөсү түстүү боёктор менен ачык жана психологиялык жактан терең чагылдырылган. М.Мусулманкулов окуяны баяндоодо негизги көңүлдү каармандардын образдарына буруп, алардын сырткы турпаты менен бирге ички дүйнөсүндөгү сезимдерин, толгонууларын сүрөттөө жагынан жогорку чеберчилигин көрсөткөн. Мисалы, Жолой, Манасты тирүү байлап кетем деп келип, ойлогон ою ишке ашпай, кайра өзү артка качып барып жашынып отурган жеринде ызаланып, жол ортосунда кыйналганы, элине кетейин десе өз элинде кадыр-барктын үстүндө баатыр, балбан Жолой деген атакты алып жүрүп Манас менен кармашууга алы келбей артын карабай качканына өзүнө-өзү нааразы болуп, кайрылып барып кайра согушайын десе Манастын сүрүнөн коркуп, намыс менен коркуу деген эки сезимдин ортосунда айласын таппай куруйт. Манасчы Жолойдун жан дүйнөсүндөгү өлүм менен намыс, уяттын ортосундагы тирешүүнү, жана анын образындагы ички психологиялык толгонуусун терең драматизмде чагылдырган:

Эптеп качып келатам,
Эл чогулуп сураса,
Не түрлүү кылып кеп айтам?
Же бир сайышып көрбөсөм,
Же беттешип жоодон өлбөсөм,
...Бир беттешип сайышпай,
Бу качканым эминем,
...Кантип айтам качтым деп,[1] –

М. Мусулманкуловдун вариантында ар кандай кырдаалдарга туш болгон каармандын ички туюму, жан-

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 79-б.

дүйнөсүндө уйгу-туйгу болгон ой-сезимдери даана көрүнүп турат. Бул жагынан манасчы эпостун каармандарынын ички психологиялык абалын сүрөттөөдө чебер экенин көрсөткөн. Буга жогорудагы Жолойдун образы күбө.

М.Мусулманкулов каармандардын мүнөзүн түзүүдө пайдаланган айрым майда деталдарды тулпарлардын образында да колдонгон. Мисалы, чалгынга барбай калганына арданган Чубак таарынып кеткенде артынан Бакай Аккуланы тартууга жетелеп жөнөйт. Ошондо Аккула тартууга кетип баратам деп кайгырып, күйгөн шамым өчтү, багым байланды, Алгара менен жол талашып жүгүрө албайм, андан кем болдум деп бышкырып, убайым тартат. Бээжинди көрбөй, Алгара менен алышып, өз күчүн, күлүктүгүн көрсөтө албай тартууга кетип бараткан Аккуланын образын манасчы анын жан дүйнөсүндөгү намыс, уят, өкүнүчкө толгон ички сезимдери аркылуу ачып берет. Бүтүндөй уруунун, жети кандын алдында өз туугандары Манасты уятка калтырып, согуш алдында таарынып, дердеңдеп, алды-артын ойлонбой кетип калган Чубакка тартууга баргысы келбей, кыйыктанып, арданган аттын ой-жүгүртүүсү аркылуу манасчы Аккуланын айбан да болсо адамдан артык мал экенин дагы тереңирээк чагылдырып берген.

Бул вариантта баатыр кыздардын образдарына да көңүл бөлүнөт. С.Орозбаковдун вариантында Манас менен Кыз Сайкалдын жолугушуусу – Тейиш кандын тоюнда эр сайыш оюну учурундагы кыска бир сюжеттик окуя. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында Сайкалдын образына бир элдин баатыры, эл-жердин коргоочусу катары айрыкча басым жасалып, Манас менен Сайкалдын жекеге чыгышы атайын эпизод түрүндө айтылат. Кыз Сайкал бул вариантта калмактын каны Каткалаңдын

талаадан таап алган «*Энесинин айбы жок, Атасынын дайны жок*»[1] кайыптан бүткөн, өзгөчө, керемettүү жаралган кызы. Ал Манас, Алмамбет сыяктуу эле ашкан эр жүрөк, элин-жерин душмандардан коргогон эл четинде жоо бетиндеги баатыр. Манас менен Сайкалдын жекеге чыгышы манасчылардын варианттарында кездешкен салттуу эпизод. Ал эми бөтөнчөлүгү ар кайсы варианттарда алардын жекеге чыгышына түрткү болгон мотивдин ар түрдүүчө берилиши. С.Орозбаковдо жогоруда айтканыбыздай Манас Каныкейге үйлөнгөнгө чейин, Тейиш кандын тоюнда көңүл ачуу максатында эр сайыш оюну ойнолуп калмактардан Сайкал, кыргыздардан Манас чыгат. С.Каралаевде Манас Каныкейге үйлөнгөндөн кийин Сайкалдын баатырдыгын угуп аны сынап көрүү үчүн, эби келсе аялдыкка алуу үчүн чоролору менен атайын барып, баатыр кыздын жылкысына тиет. М.Мусулманкуловдун вариантында Манас Каныкейге үйлөнгөнгө чейин алгач Манастын даңкын алыстан уккан Сайкал өзү барып кыргыздын жылкысына тийип, Манас менен чабышып, күч сынашмакка, ажал жетсе өлмөккө жөнөйт. Ошол мезгилде айылдагы бир аксакал карыя «Манас сага өзү келет» деп, Сайкалды бул жортуулга жибербей токтотуп калат. Эпизоддун мындан аркы өнүгүшү С.Каралаевдин вариантына үндөшүп турат. С.Орозбаков менен М.Мусулманкуловдун варианттарында Манас менен Сайкалдын эр сайышы Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө чейин айтылат. Бирок Орозбаковдун вариантында эки баатырдын акыреттик жар болушу ошол замат эмес, кийин Манастын өлүмүнө жакын эскерилет. Сайкалдын эмне себептен Манаска турмушка чыгуудан баш тарткандыгын С.Орозбаков айткан эмес. Ал эми

---

[1] Жогорудагы китеп, 362-б.

М.Мусулманкулов Сайкалдын Манаска акыреттик жар болушунун себебин баатыр кыздын эл-жер үчүн кызмат кылып, дүнүйөдөн так өтөм деп өзүнө өзү ант берип койгондугу менен түшүндүрөт. С.Каралаевдин вариантында бул мотив башкача өңүттө чечмеленет. Баатырдыгы эле эмес, акылдуулугу менен да бааланган Сайкал калк энеси Каныкейдин төшөгүн тепсеп үстүнө токол болуп баруудан баш тартып, Манаска о дүйнөлүк жарың болоюн деп билдирет. С.Каралаевде Сайкалдын Манаска акыреттик болушу баатыр кыздын аялдык акылдуулугуна, кыргыздын ырым-жырымына байланыштырылса, М.Мусулманкуловдо Сайкалга эркектик мүнөз берилет, ал антка бек турат, элинин тынчтыгын коргоо, эл үчүн кызмат кылууну баарынан артык көрөт.

М.Мусулманкуловдо Сайкалдан сырткары Карабөрктүн образы да баатыр кыздардын катарын толуктайт. Ал Манаска тийгенге чейин атасы Кайып кандын аскерлеринин арасында жоо кийимин кийинип, эркектерден кем калышпай жаа атып, найза сайып, кылыч чабышкан баатырдык аракеттери көрүнөт. Кайып кан Манаска багынып берип, Карабөрк Манаска жар болгондон кийин Карабөрктүн баатырдык иштери пассивдешип (ал тургай жок болуп) жөнөкөй аялдын образына өтүп кетет. Ал эми С.Каралаевдин вариантында Манастын Карабөрккө үйлөнүшү айтылбайт, бул вариантта Каныкейдин баатырдык образы буга мисал болот. Атасынын төрүндө эркелеп жүргөн баатыр кыздардын образы турмушка чыккандан кийин алар баатырдык сыпатынан айрылып жөнөкөй эле үй кожойкесине айланганы башка дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда да кездешет. Герман элинин «Нибелунгдар жөнүндө ырда» Гунтердун аялы Брюнхильданын образы буга толук мисал болот.

Эпосто ар бир жортуулдагы жеңиштин негизги өзөгүн кырк чоро түзүп турганы белгилүү. «Атактуу Келдибек, Балык өңдүү өз доорунун алп манасчыларынын түшүнө Манастын кырк чоросу киргени айтылат. Келдибек манасчынын түшүнө Манастын кырк чоросу кирип анын үйүндө түнөп өтөрүн ал эми С.Орозбаковдун үйүндө түштөнүп өтөрүн айтышат. Кырк чоро түштөнүп эле өткөн С.Орозбаковдун манасчылык жогорку талантка ээгедер экени маалым, ал эми түнөп өткөн Келдибектики андан да жогору болсо керек»[1]. Берилген шилтемеде кырк чоронун манасчыларды колдоочулук касиети жөнүндө айтылып жатат. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы эпостун сюжеттик линиясында Манастын кырк чоросу эр жүрөк баатырлар болуп, согуштагы чоролору катары гана сүрөттөлбөстөн оозунда мөөрү бар, айткан сөзү кабыл болгон олуя катары да баяндалат. Мисалы, Семетей салттуу эпикалык сюжетте Кошойдун берген батадан туулган бала деп билинет. М.Мусулманкуловдо Каныкейге Көкөтөйдүн ашында Кошой жана Чоң казатка аттанып бараткан кырк чоро да бата берет:

Артын кудай жалгасын,
Ак элечек жубандын,
Аркасында калбасын,
Бата берип баарыбыз,
Кабыл кылса кудурет,
Эркек бала кармасын,
Эч арманы калбасын[2]

---

[1] Кыдырбаева Р.З. Мезгилдер, муундар жана манасчы. – Бишкек: Манастаануу ж-а көркөм маданияттын улуттук борбору, 2004. – 15-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 529-б.

Манас жана анын кырк чоросуна Каныкейдин камдаган сарамжалы чоролорду эле эмес, бүтүндөй журтту ыраазы кылат.

## 5. 2. Туруктуу поэтикалык формулалардын жана көркөм каражаттардын колдонулушу

Эпостун сюжеттик көлөмү манасчылардын билимине, импровизациясына жараша өсүп-өнүккөн. Бирок канчалык таланттуу манасчы болсо да ал өзүнөн мурунку манасчылардын айткандарын угуп, тарбияланган, эпостун негизги өзөктүү окуяларын өздөштүрүп андан соң ага өзүнүн жаңы кошулмаларын киргизген. Манасчы таланты күчтүү айтуучу, куйма кулак болсо да, сюжеттик окуядагы негизги идеялык мазмунду берүүдө автоматтык түрдө өзүнөн мурунку манасчылардын оозунан уккан туруктуу эпикалык көркөм каражаттарды даяр формулалар катары пайдаланган. М.Пэрринин изилдөөсүндө бул даяр көркөм каражаттар «формула»[1] деп аталып, ооздон-оозго, устаттан шакиртке өткөн эпикалык поэзиянын негизги элементи болуп, фольклористикада кеңири изилденип келген. Эпикалык формулалар эпостун сюжеттик окуяларынын ireттүү, логикалык жактан ырааттуулукта, системалуу айтылышына көмөктөшүп, салттуу сюжеттик окуяларды бузбай айтууга ошондой эле жеке жаратуучулук мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга үйрөткөн. «Эпостун формулалык көркөм тили сюжетти түзүүнүн, өстүрүүнүн маанилүү каражаттарынын бири, башкача айтканда, көркөм өзөгү»[2]. Мындай формулалар

[1] Лорд А.Б. Сказитель. Исследования по фольклору и мифологии востока. – М.: Вост. лит. РАН, 1994. – 33-б.

[2] Жайнакова А. Манасчылар. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 162-б.

эпостун тексттеринде маанисин өзгөртпөстөн туруктуу сакталып, манасчылардын эсте тутуу жана импровизациялоо жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө негиз болот.

Манасчылар тексттин көркөмдүк деңгээлин жогорулатуу үчүн поэтикалык формулаларды кеңири пайдаланган. Эпикалык чыгармалардагы поэтикалык синтаксис маселеси фольклордо актуалдуу талдоого алынган темалардын бири болуп бул тууралуу бир катар илимий изилдөөлөр жазылып келген. Изилдөөчү А.Сыдыков «Поэтикалык каражаттардын угуучуну заматта эпос дүйнөсүнө алып кирип кетүүгө мүмкүндүк бере турган»[1] күчтүү эпикалык касиетин белгилеген. Туруктуу поэтикалык формулалардын бир нече түрлөрү М.Мусулманкуловдун вариантында да кездешип, негизги каармандардын портреттик, кийим-кече, курал-жарак, минген аттарын сүрөттөөлөрдө жана согуштук эпизоддордо кеңири пайдаланылган. Формулалар боюнча атайын классификациялык изилдөөлөр бар. Алсак, окумуштуу Г.Жамгырчиева поэтикалык формулаларды төмөндөгүдөй структуралык бөлүктөргө ажыратып, ар бир формуланын жеке өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Алар: 1.Баяндагыч формулалар; 2.Портреттик мүнөздөмөдөгү формулалар; 3.Атрибутивдик формулалар; 4.Формула-сентециялар; 5.Жардамчы же өткөөл формулалар; 6.Каармандардын речиндеги кайрылуу иретиндеги формулалар[2]. М.Мусулманкуловдун вариантында да мындай поэтикалык формулалар негизги каармандардын образдарын ачып берүүдө жана алардын

---

[1] Сыдыков А. Традиционные формулы в творчестве киргизских народных сказителей. // Сов. тюркология. – 1974. – № 4. – С. 64.

[2] Жамгырчиева Г.Т. «Манас» эпосундагы салттуу эпикалык формула. филол. илим. канд. дис. автореф.. – Бишкек, 1995. – 12-б.

түрдүү иш-аракеттерин, согуштук эпизоддорду, курал-жарактарды сүрөттөөлөрдө дайыма колдонулган.

Негизги каармандар Манас, Кошой, Бакай, Жолой, Коңурбай сыяктуу баатырлардын образдарын ачып берген баштапкы эпикалык формулалар контекстке же окуянын өнүгүшүнө жараша айрым сөздөрдөн гана айырмачылыктар көрсөтпөсө, негизинен С.Орозбаков менен М.Мусулманкуловдун варианттарында бири-бирине өтө жакын айтылат. Мисалы, Бакайдын «Астыда жүрсө ак жолтой, Артта жүрсө сан колдой» акылман-билгичтиги, Манас менен Кошойдун «Үзүлгөндү улаган, Чачылганды жыйнаган» баатырдык-патриоттугу, Жолойдун «Алты батман буудай жеп, Алты калмак бир сойгон» соргоктугу, зөөкүрдүгү, Коңурбайдын амалкөйлүгүн чагылдырган саптар салттуу өзөктүү окуяларды айтуучу манасчылардын дээрлик бардыгында кездешет. М.Мусулманкуловдун вариантындагы каармандардын образдарындагы айрым туруктуу пайдаланылган поэтикалык формулалар буга чейин да Р.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков ж.б. окумуштуулардын илимий эмгектеринде талданып келген.

Баатырдык эпостордун эң негизги сюжеттик өзөгү болгон **согуш көрүнүштөрүн сүрөттөөчү поэтикалык формулалар** М.Мусулманкуловдун вариантында да көп кездешет. Согуш талаасындагы жоокерлердин курал-жарактары, мисалы, айбалта, найзалардын башка, төшкө тийип шакылдаган добуш чыгарган аламан урушу С.Орозбаковдо:

Айбалта башка шак тийип,
Найза төшкө так тийип,[1].

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 616-б.

М.Мусулманкуловдо:

Найза төшкө така-так,
Айбалта башка шака-шак[1].

С.Каралаевде:

Айза төшкө такылдап,
Айбалта башка шакылдап[2] –

бул ыр саптарында кездешкен согуш көрүнүштөрүн сүрөттөөчү поэтикалык формуладагы негизги уюштуруучу «шак», «так» деген туураңды сөздөр. Согуш талаасындагы курал-жарактардын башка (туулга), төшкө (соот) тийгенде чыккан үндөрү кандуу кармаштын картинасын жараткан жана бул поэтикалык формула үч вариантта тең олуттуу өзгөртүүсүз пайдаланылган. Согуш учурундагы процесстин жүрүшүн түшүндүргөн дагы бир көрүнүш М.Мусулманкуловдун вариантында:

Бурут салды бузукту,
Тийип алып жылкыны
Бизге кылды кызыкты[3].

С.Каралаевде:

Чиймек болду сызыкты,
Кармалашкан душманга
Кылмак болду кызыкты[4] –

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 144-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 431-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 636-б.

[4] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 454-б.

«кызыкты кылуу» деген поэтикалык формуланы уюштурган сөздү пайдаланып, манасчылар согуш учурундагы эпикалык душмандардын башына түшкөн мүшкүл тууралуу баяндашат. «Согуш көрүнүштөрүн сүрөттөөчү формулалар белгилүү деңгээлде баяндагыч формулалар менен окшош»[1]. М.Мусулманкуловдун вариантында бул поэтикалык формула согушту баштоонун бир ыкмасы болгон жылкы тийүү менен чогуу айтылып, кыргыздардын кылган иши эпикалык душмандардын сөзү менен баяндалат. Ал эми С.Каралаевде душмандашкан тараптардын бири-бирине көрсөтө турган согуштук иштери манасчы тарабынан айтылат. Мусулманкулов да Каралаев да бул поэтикалык формуланы каршылашкан эки тараптын бири-бирине күтүүсүздөн кол салган согуштук «сюрприз тактикаларын» баяндоодо пайдаланышкан.

Согуш көрүнүштөрүн баяндаган «кылкылдап», «былкылдап», «жаркылдап», «тарсылдап», «жылтылдап», «чабышып», «кагышып» ж.б. туруктуу сөздөрдүн негизинде түзүлгөн саптар С.Орозбаковдо:

Найзанын учу чабышып,
Аскердин башы кагышып,
Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,[2]

С.Каралаевде:

Аттар араң былкылдап,
Азаматтын көздөрү

---

[1] Жамгырчиева Г.Т. «Манас» эпосундагы салттуу эпикалык формула: филол. илим. канд. дис. автореф. – Бишкек, 1995. – 17-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 276-б.

Араӊ чыгып жылтылдап,
Кандуу канга батышып,
...Качпай жатып атышып,[1]
Айзалары кылкылдап,
Каптап калды былкылдап,[2]

М.Мусулманкуловдо:

Желектин баары кылкылдап,
Жер козголуп былкылдап,
Аттардын башы кагышып,
Найзанын баары кагышып.
Баатыр, балбан таңдалып,
Баарысы чогуу камданып,
Замбиреги тарсылдап,
Доолбашы барсылдап[3] –

согуш учурундагы аламан согушту чагылдырат. Ал эми «оюп», «союп» деген негизги сөздөрдү манасчылар кырчылдашкан кандуу согуш картинасын баяндоодо колдонушкан. Мисалы, С.Орозбаковдо:

Айбалталап чокусун
Оюп кетип баратыр,
Алты, бештен ар жерге
Союп кетип баратыр,[4]

С.Каралаевде:

Ойрон кылып ар жанды
Оюп Манас турганда,

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 829-б.

[2] Жогорудагы китеп, 838-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 513-б.

[4] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 101-б.

Оӊ менен солду кыйратып,
Союп Манас турганда[1]

М.Мусулманкуловдо:

Орто жерин шер Манас
Оюп кетип баратат,
Эки четин кыраандар
Союп кетип баратат[2].

М.Мусулманкуловдун вариантында согуш талааларын, боталдык сценаларды сүрөттөгөндө колдонулган поэтикалык формулалар С.Орозбаковдун вариантына жакын үндөшүп турат.

Көпчүлүк манасчылардын варианттарында учурай турган Манастын мүнөзүндөгү көп күлбөгөн, кээде бир күлсө эч кимдикине окшобогон маӊдайкы тиши жөнүндөгү **портреттик-мүнөздөмөгө мисал болгон поэтикалык формула** С.Орозбаковдун вариантында:

Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,[3]

М.Мусулманкуловдо:

Кашкая күлүп карк этип,
Кашка тиши жарк этип,[4]

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 832-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 237-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 80-б.

[4] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 318-б.

С.Каралаевде:

Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,[1].

Бул поэтикалык формуладагы өзөктүү сөз – тиш. Көрүнүп тургандай Орозбаков менен Каралаевдин варианттарында бул формула өзгөртүүсүз берилип, башкалардыкына окшобогон Баатырдын тишинин көлөмүнүн чоңдугу жөнүндө айтылса, М.Мусулманкуловдун вариантында тиштин түсүнө, анын тазалыгына, жаркырактыгына көңүл бурулат.

Манастын образындагы баштаган ишинен артка кайтпаган өткүрлүгүн, өлдү десе кайра тирилип катылгандын катыгын берген эрдигин сүрөттөгөн портреттик образды мүнөздөөчү поэтикалык формула М.Мусулманкуловдун вариантында мындайча айтылат:

Түгөнөт десе түтөгөн,
Түртүшкөн жоосу жүдөгөн
Өлөт десе өөрчүгөн,[2]

Ал эми С.Каралаевде:

Түгөнгөн сайын түтөгөн
Түптүү Манас шер ошол,
Өлгөн сайын өөрчүгөн
Өткүр Манас эр ошол[3].

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 204-б.

2 Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 652-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 365-б.

Мындай формула С.Орозбаковдун вариантында кездешпейт. Бул поэтикалык формула карама-каршы маанидеги (антитеза) «түгөнүү – түтөө», «өлүү – өөрчүү» деген сөздөрдөн куралып, манасчылар Манастын образындагы баатырдык сапаттарын тереңдетүүдө бул сөздөрдү жардамчы поэтикалык формула катары бирдей пайдаланышкан.

Салыштыруулар менен айкашып, каармандардын сырткы портреттик көрүнүшүн сүрөттөгөн:

Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,[1].

Бул поэтикалык формула С.Каралаевдин вариантында Манастын портретин сүрөттөөдө айтылат. М.Мусулманкуловдун вариантында болсо Алмамбеттин образын жаратууда колдонулган:

Майлаган буудай жүздөнгөн,
Бала ителги көздөнгөн[2]

Ал эми эпикалык душмандардын портреттик сүрөттөөлөрүндө колдонулган туруктуу поэтикалык формулага башын казанга, кашын жаткан итке салыштырып сүрөттөө туруктуу пайдаланылган. Мисалы, С.Орозбаковдо:

Даш казандай башы бар,
Комдонгон кара дөбөттөй
Эки кара кашы бар[3]

---

[1] Жогорудагы китеп, 378-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 597-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 560-б.

М.Мусулманкуловдо:

Жаткан иттей каштары,
Жан казандай баштары,[1] –

гиперболалык салыштыруу менен айтылган бул туруктуу поэтикалык формула «жан казандай баш», «жаткан иттей каш» деген сөз айкаштарынын жардамында түзүлгөн.

Манастын портретин сыпаттоодо С.Орозбаковдун вариантындагы «алтын, күмүштүн ширөөсүнөн, асман, жердин тирөөсүнөн, ай, күндүн бир өзүнөн» бүткөн деген поэтикалык формуланы пайдаланган М.Мусулманкулов бул формуланы андан ары өнүктүргөн.

Жети кабат кара жер
Салмагынан бүткөндөй,
Жети дайра деңиздин
Жаркынынан бүткөндөй,
Аңырайган капчыгай
Алкымынан бүткөндөй,
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй,
Дайрадагы жайсаңдын
Каарынан бүткөндөй,
Ажыдар, жыландын
Заарынан бүткөндөй,
Кышкы чилде сууктун
Каарынан бүткөндөй,
Бейиштеги мөмөнүн
Чынарынан бүткөндөй,[2]

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 54-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 320-б.

Р.Кыдырбаева муну манасчынын салттуу формулага киргизген жаңыча сүрөттөөлөрү экенин белгилеген: «Ученик С.Орозбакова М.Мусулманкулов, воспринимает замечательную портретную характеристику Манаса как традиционный формульный стиль. Продолжая традицию Сагымбая, он дополняет описание величавого образа богатыря Манаса другими родственными сравнениями»[1]. Бул саптарды окумуштуу Р.Сарыпбеков да М.Мусулманкуловдун «Манаска традициялык ыр жолунда жолукпаган кошумча мүнөз, түс берүүгө далалаттанган» деп баалаган[2].

Каармандардын образдарын мүнөздөгөн поэтикалык формуланын бул түрүнө баатырлардын бири-бирине берген антын да кошууга болот. Берген антына туруу – чыныгы достук, жолдоштук мамилеге болгон көз карашынын бекемдигин, ишенимдүүлүгүн ал эми анттан таюу – ал каармандын мүнөзүндөгү чечкинсиздик, ээрчиме, сатып кетүүчүлүк ж.б. терс мүнөздөрүн чагылдырат. Мисалы, мындай поэтикалык туруктуу формуланы уюштурган өзөктүү сөздөр – «ок урсун», «чок урсун», «көк урсун», «жер урсун» деп айтылып анимисттик ишенимдер менен тыгыз байланышат. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында:

Төбөсү ачык көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Ак бараңдын огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун![3]

---

[1] Кыдырбаева Р.З. Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство. – Бишкек: Шам, 1996. – 356-б.

[2] Кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек: Шам, 2004. – 2-т.: «Манас» жана манасчылар. – 319-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 204-б.

С.Каралаевде:

Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Ак келтенин огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун![1]

М.Мусулманкуловдун вариантында:

Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун!
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун![2]

Бул формула манасчыларда өзгөртүүсүз колдонулган.

Акылмандык, даанышмандыктын символу болуп, каармандын образында көптү көрүп, көптү билген, ар кандай чоң-кичине маселелерди чечүүдө иштин көзүн таба алган портреттик мүнөздөрдү көрсөткөн салттуу поэтикалык формулалардын бири – «ак жолтой, сан колдой» деген салыштырма түрүндөгү туруктуу формула бардык манасчыларда Бакайдын образын жаратууда колдонулган.

Шиберге чапса өрттөгөн, шилтегени мүрт кеткен Манастын кылычынын сүрөттөлүшүндөгү «шибер», «өрт», «шилте», «мүрт» деген негизги жардамчы сөздөрдөн түзүлгөн **атрибутивдик поэтикалык формулалардын** бир үлгүсү Манастын кылычын сүрөттөөдө колдонулат. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында:

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 447-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 521-б.

Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен[1] –

деп башталып, мында кылычты көөрүкчү Каратаз менен бирге кырк алты уста жасаганы айтылып, негизинен кылычтын жасалышына көңүл бурулат. Ал эми М.Мусулманкуловдо:

Шиберге койсоң өрт кетет,
Шилтеген киши мүрт кетет[2] –

деген түрдө өзгөртүүсүз колдонулган бул поэтикалык формула кылычтын жасалышына эмес, түзүлүшүнө жана аткарган миссиясына кошумча өнүктүрүүлөрдү киргизип, Баатырдын өзгөчөлүүлүгү сымал кылычы да кадимки адамзат колунан жасалбастан кайыптан табылганы атайын белгиленет:

Караңгыда сууруса,
Кадимки чоктой кызарат,
Шилтегенде бу кылыч,
Аркан бою узарат.
...Душманга эчен чабылган,
Адамзат кылбай кылычты,
Кайыптан келип табылган[3]

Манастын ак олпогу да согуштук кийимдердин эң негизгиси болуп, муну сүрөттөөдө да М.Мусулманкулов туруктуу поэтикалык формулаларга таянган. Бул формуланы «жез», «көз», «бөз», «жакасы алтын» деген өзөктүү

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 454-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 68-б.

[3] Жогорудагы китеп, 68-б.

сөздөр уюштуруп, тондун ок өтпөс, кылыч кеспес, найза тешпес өзгөчө белгилери көрсөтүлгөн. Ак олпок М.Мусулманкуловдун вариантында:

Кайрыма алтын жакалуу,
Тегерете сырдаган,
Этегин алтын кырдаган,
Найза сайса тажаган,
Топчусун жакут кадаган,
Бирине бирин матаган,
...Боюн узун ченеген,
Ичине болот эгеген,
Ичи жибек тышы буу,
Эт бадана торгой көз,
Бараңдын огу батпаган,
Каныкей жазап олпокту
Хан Манаска сактаган.
Кылыч чапса кеспеген,
Найза сайса тешпеген,[1] –

мында манасчы ак олпоктун жасалышына жана Каныкейдин уз, чебердик сапатына басым жасайт. С.Орозбаковдун вариантында:

Сайса найза тешпеген,
Чапса кылыч кеспеген,
Мылтык атса ок өтпөс,
От жандырса чок өтпөс
Ак күбө жаап тонуну,[2]
Ичти-тышы сегиз тон,

---

[1] Жогорудагы китеп, 526-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 6-7-т. – 356-б.

Жака, жеңи тегиз тон,
Ичи кадек, тышы бөз,
Тышы торгун атилес,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Калыңдыгы жарым кез.[1]

С.Каралаевде:

Ок өтпөгөн ак олпок,
...Тиштеп жатып Каныкей
Кашка тиши жоюлган,
Тиктеп жатып ак олпок
Кара көзү оюлган.
...Анжиянды чалдырган
Ак була жибек алдырган.
Курч темирден өгөндү
Устадан жыйып алдырган,
Арасына салдырган.
...Ок өтпөсүн деп койгон,
Он эки бөлүп толгогон,
...Он эки жылда оңдогон[2]

Б.Сазановдо:

Чыпчын алтын, чыны жез,
Чын бадана торгой көз.
Этеги алтын, жеңи жез,
Ак күрөкө торгой көз.
Тышы кадек ичи бөз,
Калыңдыгы жарым кез.
Барandын огу батпаган,
Каранын огу өтпөгөн.

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 264-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 565-б.

Келтенин огу жетпеген,
Ичи-тышы сегиз тон,
Көпкөк темир тегиз тон.
Отко салса чок өтпөйт,
Мылтык атса ок өтпөйт.[1]

С.Орозбаков жана Б.Сазановдордун варианттарында тондун жасалышында колдонулган материалдарга жана анын көркөм функциясына көңүл бурулат. Ал эми М.Мусулманкулов менен С.Каралаевдин варианттарында ак олпокту сүрөттөп жатып, тондун сын-сыпаты аны жасаган Каныкейдин ишмердүүлүгү, уздугу менен бирге баяндалат.

Манастын алысты жакындаткан дүрбүсү да өзүнчө туруктуу поэтикалык формулалардын жардамында түзүлгөн. Мисалы, С.Орозбаковдун вариантында дүрбүнүн сүрөттөлүшү мындай башталат:

Болжолу жок дүрбүнүн
Боосун албай мойнунан,
Сууруп алып койнунан,[2]

Андан ары дүрбүнүн кандай материалдардан, кимдер, кантип жасаганы, түзүлүшү жөнүндө маалымат берилет. Ушул эле туруктуу поэтикалык формула М.Мусулманкуловдо да айтылып, бирок бул вариантта негизги ой дүрбүнүн жасалышына, түзүлүшүнө караганда анын аткарган кызматына бурулат:

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: Б.Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 483-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 298-б.

Боосун албай мойнунан,
Болжолу жок дүрбүнү
Сууруп алды койнунан.
Алты күндүк жол болсо
Адамдын өңү көрүнгөн.
Түнүндө салса дүрбүнү,
Ай ичинде жандардан
Алтымыш түрлүү көрүнгөн.
Күндү карай салганда,
Күн жаркырап келүүчү,
Күн эсебин билүүчү,[1] –

мында дүрбүнүн алты күндүк жолдогу адамдын өңүн ажыратып көрсөткөн, Айдагы адамдарды айырмалап, күн эсебин берүүчү функциялары мифтик түшүнүктүн чегинде сүрөттөлөт. Бул формула С.Каралаевде да колдонулат:

Боосун албай мойнунан,
Болк дедирип дүрбүнү
Сууруп алды койнунан[2] –

бул вариантта Бөлөкбай устанын дүрбүнү кантип жасаганы тууралуу айтылат. Каралаевдин вариантында дүрбүнүн кереметтүү көп функционалдуулугу, Талас менен Бээжиндин ортосунда туруп караса эки жактын тең коён жатагына чейин даана көрүнүп, адамдардын сүйлөгөн сөздөрүнө чейин угулганы сүрөттөлөт. Мисалы, Манас Бээжинге аттанган жолдо Таластан кырк күнчөлүк алыс узап, Тал-Чокуда дүрбү салып отуруп Абыке, Көбөштүн арамдык иштерин көрөт. Бул жагынан С.Каралаев менен

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 574-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 593-б.

М.Мусулманкуловдун варианттарындагы дүрбүнүн аткарган кызматы бири-бирине жакын сүрөттөлөт. Үч вариантта тең Манастын дүрбүсүн сүрөттөөдө «мойнунан», «койнунан» деген сөздөрдүн жардамы менен куралган туруктуу поэтикалык формула башталгыч чекит катары пайдаланылган.

М.Мусулманкуловдун вариантынын поэтикалык системасынын көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныкташ үчүн башка манасчылардын варианттары менен салыштырып кароо эпикалык салттуу көркөм каражаттарынын колдонулушу, туруктуулугу, өзгөрүүгө учураганын айырмалоо мүмкүнчүлүгүн берет. Эпикалык чыгармаларда көркөм сөз каражаттарынан троптун түрлөрүнүн ичинен салыштыруу жана салыштыруу-метафора, эпитеттер, жана аллегория көбүрөөк колдонулары белгилүү. Булар өзгөчө баатырлардын образдары менен бир бүтүндүктө айтылып, алардын ченде жок баатырдыгын, күчтүүлүгүн, алптыгын күчөтүп көрсөтөт. Көркөмдөө каражаттары эпостун тилин, поэтикасын байытып, манасчынын айтуучулук жөндөмдүүлүгүнүн деңгээлин да аныктап берет. Өзгөчө эпикалык чыгармалардын көркөмдүк даражасын көтөрүп, эпостун негизги сюжеттик канвасын айланасына топтоп турган башкы каармандын образын жана жалпы түшүнүктөрдү сын-сыпаты менен элестүү ачып берүүдө эпитеттин аткарган кызматы чоң. Эпостун идеялык-тематикалык мазмунуна жараша көп колдонулган жалпы түшүнүктөргө курал-жарактар: кылыч, чокмор, мылтык, жаа, найза ж.б.; баатырдын негизги кийим-кече жана буюмдары: тон, өтүк, кемер (кур), дүрбү, камчы, желек (туу) ж.б.; жаныбарлар: баатырдын эң жакын жолдошу болгон ат, төө, ит ж.б.; жаратылыш темасында: жер-суу, тоо, аска-зоо ж.б. алсак

булар өз алдынча турганда кадимки биз көрүп, билип жүргөн зат же кубулуш катары жөнөкөй гана маанини берет. Ал эми «Манаста» булар эпитеттер менен бирге айтылганда гана ар бир сөз өзүнө кандайдыр бир сын-сыпат камтып, көзгө элестүү көрүнүү менен бирге тексттин көркөмдүк поэтикалуулугун да арттырат. Мисалы, М.Мусулманкуловдун вариантында «болот кылыч колунда», «албарс кылыч байланып», «алмаз кылыч белинде», «сыр найзаны көтөрүп», «түпөктүү найза аштады», «желектүү найза, жээрде ат», «бөрү тилдүү сыр найза», «он эки батман чокморун», «алтын жаа, сыр жебе», «туу бээ, тукур ат», «аргымак атын байлатып», «аргымак буудан арыбас», «көк темирден тон кийген», «болоттон тандап тон кийип», «кызыл кымкап тон кийип», «кайырма жака чоң өтүк», «алтындан кемер жаркылдап», «болжолу жок чоң дүрбү», «айнектүү дүрбү салыптыр», «абалак саптуу чоң камчы», «кызыл желек кылкылдап», «кызыл желек, алтын туу», «агыны катуу суу келди», «шар аккан тунук суу болуп», «аркайган тоонун бийиги», «аркар жүрбөс тоо менен», «аркар ашпас кара тоо, аркайган бийик аска-зоо» ж.б. мисалдарда көрүнүп тургандай, ар бир сөз маанилик жактан өзүнө төп келген көркөм каражаттар менен туюндурулуп, мындагы троптун түрлөрү баяндалып жаткан сюжеттик окуяларды көзгө элестүү көрсөтүүгө жардам берет. Изилдөөчү Э.Абдылдаев эпитеттин «Көркөм чыгармалардагы көрүнүштөрдү, кубулуштарды өзүнө таандык негизги сапаттуу белгилерин көрсөтүү менен аларды элестүү туюндурууда маанилүү поэтикалык функция аткарарын»[1] далилдүү аныктаган.

---

[1] Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. – Бишкек: Шам, 1997. – 76-б.

«Манас» эпосунун поэтикасында кеңири кездешип, манасчылардын варианттарында колдонулушу жагынан салттуулуктун деңгээлине көтөрүлгөн эпитеттер мисалы, Манастын образында «арстан», «жолборс», «кабылан», «шер», «көк жал, бөрү», «шумкар», «сырттан», «кыраан» деген тотемдик колдоочу жырткыч жаныбарлар жана алгыр куштардын аттары менен бирдикте тутумдашкан эпитеттер М.Мусулманкуловдун вариантында да кеңири жолугат:

**Арстан** Манас баатырдын,
Ааламга калды тарыхы,[1]
**Кабылан** Манас баатырдын,
Тең келбейт пенде ченине[2]
**Көк жал** Манас баатырдан
Көрүп калба кордукту[3]
Сынчы сынай кеп айтат:
**Кыраан** Манас эр болуп,
Кылымды бузган шер болуп,[4] ж.б.

«Эр», «алп», «бөкө», «балбан», «баатыр», «күлүк» деген эпитеттер М.Мусулманкуловдун вариантында да кездешет. Алар негизги баатырлардын ысымдары менен бирге берилип, баатырлардын кара күчүн, жигитке таандык эр азаматтыгын, башка каармандарга окшобогон физикалык көлөмүнүн чоңдугун, алптыгын, баатырлыгын, балбандыгын туюндурат. Мисалы:

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 29-б.
[2] Жогорудагы китеп, 117-б.
[3] Жогорудагы китеп, 478-б.
[4] Жогорудагы китеп, 113-б.

Бээжинди көздөй жөнөдү
**Эр** Алмамбет балбаны.
**Эр** Сыргакты кошчу алып,[1]

«Алп» деген эпитет эпосто Чоюн алп, Каман алп, Китен алп сыяктуу мифтик каармандардын ысымдарынын бир компоненти катары жуурулушуп, ал эми негизги баатырлардын ичинен бул эпитет манасчылардын салттуу варианттарында Жолойдун образында айтылып калган. Мисалы М.Мусулманкуловдун вариантында алп деген эпитет Жолойдун портретин сүрөттөөдө чоң деген синоним менен алмашкан. Мында «чоң» менен «алп» бирдей маанide кездешип, «чоң Жолой» же «алп Жолой» деген рефрен менен айтылат. Мисалы С.Орозбаковдун вариантындагы:

Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой!
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой![2]

С.Каралаевде:

Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган кул элең.
Жетимиш алп өлтүрүп,
Кан жыттанган кул элең[3]

---

[1] Жогорудагы китеп, 557-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 88-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 210-б.

М.Мусулманкуловдо:

Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой[1] –

Жолойдун образын ачып берүүдө колдонулган бул строфалык параллелизм М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаковдун варианты менен сапма-сап окшошот.

М.Мусулманкуловдун вариантында байыркы түрк-монгол тилдерине таандык болгон (мисалы, Бөге Будрач, Бөге Жабгуси), күнүбүздө архаикалык катмарга сиңип кеткен «бөкө» – баатыр, балбан деген маанидеги эпитет жолугат. ««Бөкө» деген сөз байыркы кыргыз тилинде активдүү колдонулуп келген жана кийинчерээк семантикалык жактан «балбан» деген сөзгө орун берип, фольклордук чыгармалардын поэтикалык тексттериндеги көркөм каражаттын бир элементи катары сакталып калган»[2]. Мусулманкуловдо архаикалык бул көркөм элемент негизги каармандын сырткы душмандарына карата айтылат. Мисалы, Шыпшайдардын ата-тегин баяндоодо жана байыркы мифтик, коркунучтуу каармандарга жакын мүнөздөмөгө ээ Жолойдун портретинде:

Энеси бар нике жок,
Элде мындай **бөкө** жок[3]–

деп сүрөттөлөт.

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 287-б.

[2] Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. – Бишкек: Шам, 1997. – 90-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 287-б.

С.Орозбаковдун вариантында да бул эпитет Жолойго карата айтылат:

Энесинде нике жок,
Элде мындай **бөкө** жок[1]

Бүгүнкү күндө аттардын сын-сыпатын билдирген мааниге өтүп, бирок, М.Мусулманкуловдун вариантында адамдарга карата айтылган «күлүк» деген дагы бир байыркы сөз жолугат. ««Күлүк» деген сөз байыркы түрк доорунда «атактуу», «даңктуу», «белгилүү»[2] деген мааниде колдонулуп, көркөм эпитеттик милдет аткарып келген. Мисалы, М.Мусулманкуловдо «күлүк» кишиге карата айтылат:

Кытайдан келген **күлүк** кул,
Устара тийбес бүрүк кул,[3]

Ал эми С.Орозбаковдун вариантында тулпарларга карата айтылат:

Ашка чапкан **күлүк** көп,
Манаста жарак мүлүк көп,[4].

М.Мусулманкуловдун вариантында С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варианттарындагыдай эле эпостун негизги каармандарынын мансаптык даражасын, титулдук

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 24-б.

[2] Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. – Бишкек: Шам, 1997. – 90-б.

[3] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 389-б.

[4] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 119-б.

наамдарын билдирген «хан же кан», «төрө», «оён же ноён», «бек», «султан», «падыша» ж.б. эпитеттер да туруктуу сакталган. Мисалы:

Кара жерден башкасы
**Хан** Манаска түтпөдү[1]
**Оён** Манас баатырың
Оң муруту олк этип,[2]
**Төрө** Алооке ойлонду,[3]
**Султан** Алмаң чыңданып,[4]
**Падыша** баатыр Манас – деп,[5] ж.б.

Кээде бир нече көркөм эпитеттин түрлөрүнүн жанаша колдонулушу, б.а. татаал эпитеттин үлгүсүн көрүүгө болот. Мисалы:

Эламандын эркеси,
**Тогуз уулдун кенжеси**,[6]
**Кара жаак** эр Үрбү[7]
**Кырктын башы** Кыргыл чал[8]

ж.б. мисал болот.

Көркөм эпитеттердин спецификалык функциясы баатырлардын образын идеалдаштыруу болуп саналат. «Элдик оозеки чыгармаларда негизги каармандарды эл жакшы көрөт же жаман көрөт, аларда орто сезим

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 220-б.

[2] Жогорудагы китеп, 218-б.

[3] Жогорудагы китеп, 220-б.

[4] Жогорудагы китеп, 283-б.

[5] Жогорудагы китеп, 373-б.

[6] Жогорудагы китеп, 463-б.

[7] Жогорудагы китеп, 174-б.

[8] Жогорудагы китеп, 178-б.

болбойт»[1] деп В.Пропптун илимий теорияларында далилденгендей, эпитеттер аркылуу эл өз баатырларына болгон мамилесин, сезимдерин билдирип, каармандардын баатырдык өзгөчө сапаттарын даңазалайт.

Негизинен М.Мусулманкуловдун вариантында да салттуу варианттардагыдай Манастын тотемдик колдоочу жаныбарларынын аттарынан турган эпитеттер туруктуу түрдө Манаска карата гана айтылат. Кээ бир саптарда контекстке жараша Алмамбеттин образына карата да колдонулат. Ал эми баатырлык, балбандык күчтүүлүктү жана титулдук наамды туюндурган эпитеттер негизги жана эпизоддук кейипкерлердин сын-сыпатын баяндоодо да кеңейтилип колдонула берет. Каармандардын жеке өзүнө гана тиешелүү болгон индивидуалдуу өзгөчө сын-сыпатын айырмалап көрсөткөн туруктуу эпитеттер да бар. Мисалы, М.Мусулманкуловдо:

**Айкөл** Манас баатырың,
Такыр кырып салбасын[2]
Кайып эрен – кырк чилтен,
**Канкор** эрдин жолдошу[3]

М.Мусулманкуловдун вариантында аялдарга карата «төрө», «ойрон» деген эпитеттер колдонулат:

Катындан **төрө** Каныкей[4]
**Ойрон** болгон Арууке[5] ж.б.

---

[1] Пропп В. Я. Русский героический эпос. – М.: Гос. изд-во худ. лит., 1955. – 107-б.

[2] Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 503-б.

[3] Жогорудагы китеп, 218-б.

[4] Жогорудагы китеп, 441-б.

[5] Жогорудагы китеп, 443-б.

С.Орозбаковдун вариантында бул эпитеттер эркектерге карата колдонулат:

**Төрө** Төштүк баатырга[1]
**Ойрон** Кошой абаңыз[2] ж.б.

Эки нерсенин бири-бирине окшош белгилерин аныктап, алардын көзгө элестүү жана образдуу көрсөтүлүшүн пайда кылган көркөм элементтер, троптун бир түрү – **салыштыруулар** М.Мусулманкуловдун вариантында да бир нече түрлөрү менен кеңири пайдаланылган. Салыштыруулар эпитеттер менен бирге эпикалык чыгармалардагы образдарды түзүүчү көркөм каражат катары жана эпостун поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүгүн аныктоодо да маанилүү кызмат аткарат. Троптун бул түрүнө үлгү болгон образдар жаратылыш кубулуштары, космогониялык көрүнүштөр, географиялык түзүлүштөр жана элдик маданий, улуттук, жашоо-шарт өзгөчөлүктөрү менен тыгыз карым-катышта каралат. М.Мусулманкуловдун вариантында салыштыруунун бир нече түрлөрү кездешет. Алар төмөнкүлөр:

**1.** Каармандардын образдарын чагылдырууда аларды жаратылыштын көрүнүштөрү же кубулуштары: тоо, суу, таш, ай, күн, жылдыз, шамал, чагылган, жалын, булут, туман, бороон, жамгыр, мөндүр ж.б. менен салыштыруу:

Бир карасам кысталак,
Опол **тоодой** көрүндү,[3]

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Орозбаковдун варианты боюнча. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 126-б.

[2] Жогорудагы китеп, 133-б.

3 Манас. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 79-б.

Кырк миң жылкы айдаган,
Кыздары **күндөй** жайнаган,[1]
Көзү чолпон **жылдыздай,**[2]
**Айдай** болгон кызыңды,
Актулпарга мингизип,[3]
Кекиртек кызыл өңгөчү
Кирген **суудай** күркүрап,[4]
Көк **таштай** көзү тунарып,[5]
Көзүнөн чыккан ызгаары,
Көрүктүү оттун **жалындай**[6]
**Чагылгандай** үнү бар,[7] ж.б.

Каармандардын портреттик сүрөттөөлөрүндө алардын көлөмү тоого, үнү чагылганга же күркүрөп аккан сууга, көзү жылдызга, жүзү айга, күнгө салыштырылат. Мындай салыштыруулар каармандардын сырткы турпатын, өңү-түсүн, мүнөздөрүндөгү айрым өзгөчөлүктөрүн гиперболалык мүнөздө ачууга көмөктөшөт. Мындай салыштыруулар көлөмдү, көптүктү билдирүүдө да пайдаланылган. Мисалы:

Өлүгү **тоодой** жыйылып,[8]
Каны **суудай** төгүлөт[9] ж.б.

**2.** Жаныбарларга мүнөздүү болгон сыпаттык өзгөчөлүктөрүнө салыштырылып, каармандардын күчүн,

---

1 Жогорудагы китеп, 2196-б.

[2] Жогорудагы китеп, 433-б.

[3] Жогорудагы китеп, 385-б.

[4] Жогорудагы китеп, 288-б.

[5] Жогорудагы китеп, 620-б.

[6] Жогорудагы китеп, 219-б.

[7] Жогорудагы китеп, 72-б.

[8] Жогорудагы китеп, 40-б.

[9] Жогорудагы китеп, 59-б.

айбатын, чыдамдуулугун, эр-жүрөк, тайманбастыгын көрсөтүү. Мисалы:

**Арстандай** түрү бар,
**Ажыдаардай** сүрү бар[1]
**Кабыландай** жүрөктүү[2]
Ак **жолборстой** чамынып,[3]
Кышкы кирген **буурадай**[4] ж.б.

Жаныбарларды башка жаныбарларга салыштырып, аларды образдуу көрсөтүүдө колдонулган. Мисалы:

Бөрүсүнүн чоңдугу
Алтайдын асый **атындай**[5]
Сымбаттуу күлүк Сарала,
Ак **маралдай** чоюлуп,[6] ж.б.

Сан атоочтук маанидеги көптүктү, молдукту туюндуруу үчүн майда жаныбарларга (курт-кумурскаларга) салыштыруулар:

**Чегирткедей** быжылдап,[7]
**Кумурскадай** жайнаган[8] ж.б.

---

[1] Жогорудагы китеп, 109-б.

[2] Жогорудагы китеп, 207-б.

[3] Жогорудагы китеп, 49-б.

[4] Жогорудагы китеп, 219-б.

[5] Жогорудагы китеп, 274-б.

[6] Жогорудагы китеп, 601-б.

[7] Жогорудагы китеп, 638-б.

[8] Жогорудагы китеп, 273-б. Мындан аркы шилтемелердин баары М.Мусулманкуловдун вариантына таандык болгондуктан ММВ (Молдобасан Мусулманкуловдун варианты) деген кыскарган сөз менен китептин бети берилген мисалдын жанына эле жазылат. Эгерде шилтемелердин автору өзгөрө турган болсо өзүнчө көрсөтүлүп берилет.

**3.** Көркөм салыштыруулардын ичинен өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү лексикалык каражаттардын жардамы аркылуу каармандардын образдарын туюндуруу да бул вариантта көп кездешет. Мисалы:

Сакалы көлдүн **камыштай**, [ММВ,143-б.].
**Тал чыбыктай** солкулдап, [ММВ, 233-б.].
Кызыл **гүлдөй** кыз-келин [ММВ, 306-б.].
Кара бою **теректей** [ММВ, 320-б.].
Экме **талдай** солкулдап, [ММВ, 233-б.].
Бою бийик **чынардай**, [ММВ, 114-б.] ж.б.

Өсүмдүктөр туюндурган салыштыруулар каармандардын образдык: боюн, кыздардын назиктигин, сулуулугун жана баатырлардын портреттик мүнөздөмөлөрүн: каш, кирпик, сакал, мурутунун түзүлүшүн элестүү чагылдырууда маанилүү рол ойнойт.

**4.** Каармандардын портреттик образдарын сүрөттөөдө колдонулган жашоо-тиричиликтеги ар кандай буюм-тайымдарга жана курал-жарактарга салыштыруулар да бар. Мисалы:

Тырмагы бар **кылычтай** [ММВ, 275-б.]
**Сокудай** болгон эки дөө [ММВ, 619-б.]
**Даш казандай** башы бар [ММВ, 287-б.]
**Айнектей** бети тастайып, [ММВ, 300-б.].
Кулагы карыш **калкандай** [ММВ, 673-б.].
Кыл **чылбырдай** чачы бар [ММВ, 287-б.]
**Жибектей** кара чачы бар [ММВ, 362-б.].
Ар муруттун бир кылы
Айбалтанын **сабындай**, [ММВ, 143-б.]
Ак сакалы **чүчтөдөй** [ММВ, 284-б.]. ж.б.

**5.**Тарыхый каармандарга жана пери (периште), желмогуз ж.б. фольклордук кейипкерлерге окшоштуруп салыштыруулар:

**Үрүстөмдөй** сыягы [ММВ, 286-б.]
**Периштедей** көрүндү [ММВ, 268-б.]
**Желмогуздай** түрү бар [ММВ, 72-б.] ж.б.

**6.** Эпикалык заттардын башка бир нерсе, кубулуш, өсүмдүк же жаныбарлардын көлөмүн, өлчөмүн түшүндүрүүдө колдонулган салыштырууларга мисал келтирсек:

**Аяктай** болгон көк таштар [ММВ, 75-б.].
Таш бакалар **табактай**,
Жөн бакалар **аяктай**, [ММВ, 212-б.].
**Аяктай** мөндүр төгүлөт [ММВ, 640-б.]
**Алачыктай** ак жолборс [ММВ, 621-б. ] ж.б.

Челектей (камыш), үйдөй (таш, камыш, күрмө, чапан, жыгач) үзүктөй (темир), сай ташындай (алтын, күмүш, ж.б. кен байлыктар, жаңгак), баштыктай (маша, чиркей), аштыктай (бечендe чөбү), саадактай (ала канат деген куш) ж.б.мисалдар кездешет. Алачыктай, үйдөй деген предметтик салыштыруулар кээде каармандардын образдарында да колдонулат.

**7.** Предметтерди, эпикалык каармандарды же ар кандай жаратылыштын компоненттерин адамдардын же жаныбарлардын дене мүчөлөрүнө салыштыруу да көп кездешет. Мисалы:

Көгөнү **койдун башындай**,
...Мейиздери бул жердин
Он жашар **бала муштумдай**,
...Балтырган **бала белиндей**, [ММВ, 274-б.]

**Кой боорундай** коргошун [ММВ, 593-б.] ж.б. Ат башындай (алтын, зер, жамбы), алакандай (кыргыз, жан) ж.б. салыштыруулар булардын өлчөмдөрүн образдуу туюндурат.

**8.** Литоталык маанидеги салыштыруулар: **алакандай** (дин), **томуктай** (Ырчы уул) ж.б.

**9.** Ылдамдыкты туюндурган салыштыруулар:

Аткан **октой** зыркырап [ММВ, 182-б.].

**Жаадай** учуп Тазбаймат [ММВ, 521-б.] ж.б.

**10.** Согуш көрүнүштөрүндөгү окуяны, кырдаалды, ал-абалды элестүү чагылдырып берүү үчүн өсүмдүктөргө жана жаныбарларга салыштыруулар да бул вариантта жыш кездешкенин көрүүгө болот. Мисалы:

Аты болгон **ыргайдай,**
Арыкташып **кыргыйдай**, [ММВ, 41-б.]
Тийген жери Манастын,
**Таруудай** болуп чачылып [ММВ, 646-б.]
Кыжылдаган кытайды,
**Койдой** бөлүп айдаган [ММВ, 647].
Кайнап жаткан көп калмак
**Каргадай** болуп бөлүндү, [ММВ, 698-б.] ж.б.

**11.** Ар түрдөгү салыштыруулардын жанаша, тизмектеше келиши татаал салыштырууну пайда кылат. Булар көбүнчө каармандардын образдарын идеалдуу көрсөтүү максатын көздөйт. Мисалы, кыздардын сулуулугун даңазалоодо колдонулган салыштыруулар:

Тиши тизген **берметтей**,
Сүйлөгөн сөзү **шербеттей**,
Жарк эткени **жакуттай**,
Жаакта тиши **акактай**,
Келишкен бою **чынардай** [ММВ, 267-б.] ж.б.

Көрүнүп тургандай М.Мусулманкуловдун вариантында салыштыруунун бир нече түрлөрүн табууга болот. Салыштыруулар каармандардын образдарында гана колдонулбастан, пейзаждык сүрөттөөлөрдө, жаныбарлар, өсүмдүктөр, ар түрдүү предметтер, буюм-тайымдардын да көзгө элестүү көрүнүшүн камсыз кылып, ошол эле мезгилде тексттин көркөм баяндалышына да таасирин тийгизет. Мында негизинен салыштыруу – сүрөттөө каражаты болгон троптун бир түрү катарында гана алынды. Салыштыруулардын кээ бир түрлөрү гиперболалык жана литоталык мааниде колдонулуп, текстке өзгөчө образдуулук киргизет. Көркөм сөз каражаттарынан троптун татаал түрү болгон гиперболалар да эпостун поэтикалык көркөмдүүлүгүн арттыруучу милдет аткарат. «Одним из художественных приемов эпоса на ранних ступениях его развития был гиперболизм»[1]. Алар көбүнчө баатырлардын портреттик сүрөттөөлөрүндө, согуштук иш-аракеттерде, каармандардын минген тулпарларынын сын-сыпатын көрсөтүп, пейзаждык сүрөттөөлөрдө кеңири колдонулат. Э.Абдылдаев көркөм салыштыруу менен гиперболаны тыгыз байланышта карап, гиперболаэпикалык салыштыруу менен бирдикте-жогорку көркөмдөөчү функция аткарарын белгилеген.

Эпикалык поэзиянын тилин кооздоп, көркөмдөөчү негизги элементтердин бири – **метафоралар**. «Метафора – переносное значение, обусловливающее возникновение в речи образности, развитие значений слов на основе сходства действий, признаков, свойств предметов и возникающее в результате художественного мышления»[2].

---

[1] Пропп В.Я. Русский героический эпос. – М.: Гос. изд-во худ. лит., 1955. – 54-б.

[2] Сапарбаев А. Метафоры в эпосе «Манас»: автореф. дис. … канд. филол. наук / – Фрунзе, 1975. – 10-б.

М.Мусулманкуловдун вариантында метафоранын бир нече түрү кездешет. Алар лексика-семантикалык жана грамматикалык мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен каралды.

**1.** Заттык маанидеги метафоралар.

А) Жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан метафоралар, мисалы:

Калмакка салат чуулган.

Кыраан **шумкар** туулган, [ММВ, 18-б.].

**Арстан, төрө, кабылан**

Атадан артык туулган, [ММВ, 242-б.].

Келе жатат **жолборс** – деп,

Кыяматтык жолдош – деп, [ММВ, 314-б.] ж.б. Арстан, жолборс, кабылан, карышкыр, ажыдаар сыяктуу жырткыч, күчтүү, тайманбас, эрктүү ж.б. сапаттардын символу болгон тотемдик жаныбарлар жана канаттуу куштар текстте эпитеттик, салыштырма жана метафоралык милдетти да аркалайт.

Б) Адамдын дене мүчөлөрү менен байланышкан метафоралар:

**Бел** байлаган сен болсоң, [ММВ, 33-б.]

Казак менен кыргыздын,

Баарысына **баш** болгон, [ММВ, 34-б.] ж.б. Бел – карманган туткасы, ишенген эр азаматы; баш – башчы, башкаруучу, бүтүндөй элдин акыл-эси деген маанилерде колдонулду.

В) Өсүмдүктөр дүйнөсү менен байланышкан метафоралар:

Балапан **кырчын тал** экен, [ММВ, 72-б.].

Алтын **чынар теректе**,

Ай нурундай мен калдым. [ММВ, 233-б.] ж.б. Кырчын тал – эр жете элек, жаш өспүрүм курак, бели ката элек

бала; чынар терек – көптү билген, акылдуу, көрөгөч, күчтүү деген маанилерде берилди.

**2.** Сын-сыпат маанисинде колдонулган сын атоочтук метафоралар. Мисалы, түстөрдүн метафора маанисинде колдонулушу эпостун салттуу варианттарында жана М.Мусулманкуловдун вариантында да кеңири кездешет. Мисалы:

**Ак** шумкарды көрөм деп,
Карап турган калайык,
**Ак** ордого толуптур, [ММВ, 15-б.] ж.б. – Ак түс тазалыктын, жакшылыктын, актык, чындыктын символу катары элдик каармандын колдонгон буюмдарына, отурган ордуна же анын колдоочу жаныбарларына (ак жолборс, ак шумкар, ак (боз) ат ) карата метафоралуу колдонулат.

Баары тегиз суусар бөрк,
Теминишкен **каракөк** [ММВ, 199-б.] ж.б. Каракөк – ысык, суукка бышкан, эр жеткен, күчү толуп-ташып турган жаш жигиттер.

**Кара** аламан букара [ММВ, 194-б.]
Аркар ашпас **кара** тоо [ММВ, 197-б.] ж.б. – Кара түс негизинен жамандыктын символу, ал эми эпосто кээде жөнөкөй, карапайым калк; жана көп, чоң, бийик, улуу деген мааниде да колдонулат.

**Кызыл** кыргын болот деп,
Кыргыздар турат камданып [ММВ, 34-б.]
**Кызыл** жаян болгондо,
Ажыратып албасаң, [ММВ, 31-б.] ж.б. – Кызыл түс кандуу согуш, кыйрап жок болууну метафоралуу чагылдырат.

Адамдан сулуу капырай,
Акылы **терең** момундай [ММВ, 433-б.] – Жети өлчөп

бир кескен, акылман, даанышман каармандын мүнөзүн метафоралуу чагылдырат.

**3.** Этиштик метафоралар. Тексттеги жандуу жана жансыз заттардын окуянын баяндалышындагы элестүү, көркөм, образдуу чагылдырылышын камсыздайт. Мисалы:

Кан ичмеси кармаса,

**Тамырыңды кыят** – деп, [ММВ, 571-б.] Тамырын кыюу – ата тегинен бери өлтүрүп, тукумун жок кылуу.

**Түгөнөт** десе **түтөгөн**,

Түртүшөм деген жүдөгөн, [ММВ, 162-б.] Түгөнөт экен десе түтөө – өлүп жок болот экен десе кайрадан өсүп-өнүгүү.

Таң **сөгүлүп** атканда [ММВ, 210-б.] – Караңгылык ордун күндүзгө алмаштырганда.

Кабыргасы **сөгүлүп** [ММВ, 568-б.] – Көңүлү чөгүү, маанайы түшүү, жан дүйнөсү азапка батуу.

**Ойноп** алды Ооганды [ММВ, 250-б.] – Согушпастан, жеңил түрдө бат эле баш ийдирүү.

Акылынан **шашат** деп, [ММВ, 387-б.] – Акылынан айрылуу, акылын жоготуу. Мындай этиштик метафоралардын көбү оозеки речте туруктуу фразеологизмдерге айланып кеткени эпикалык чыгармалардагы метафоралар боюнча иликтенген эмгектерде тастыкталган: «Это объясняется тем, что глаголные метафорические группы в большей степени подвержены процессу фразеологизации чем метафорческие группы с другии частями речи»[1]. М.Мусулманкуловдун вариантындагы фразеологизмдер жөнүндө алдыда сөз болот.

---

[1] Сапарбаев А. Метафоры в эпосе «Манас»: автореф. дис. канд. филол. наук / – Фрунзе, 1975. – 26-б.

## 5.3. Ыр түзүлүшү жана анын көркөмдүк кызматы

М.Мусулманкуловдун вариантында көркөмдүк өзгөчөлүктүн толук мазмунун түзгөн тилдик каражаттар: аллитерация, ассонанс, уйкаштык, ыргак, муун өлчөмү жана адабий, диалектилик, эски сөздөр да манасчынын тилин, стилин аныктайт. Эпостун көркөмдүк табиятын айкындоо маселесинде көркөмдүктү жараткан ыр түзүлүшүнүн элементтеринин кездешиши да маанилүү. М.Мусулманкуловдун вариантындагы эпостун ыр түзүлүшүндө жөнөкөй жана татаал уйкаштыктын бир нече түрлөрү, аллитерация, ассонанс, ритм, муун өлчөмү сыяктуу көркөм элементтер туруктуу сакталган. Эпикалык поэзияда айтуучунун (манасчынын) ыр куруу ыкмалары тексттин көркөмдүк өзгөчөлүгүнүн деңгээлин аныктай турган негизги каражаттардын бири болуп эсептелет. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосунун ритми баштан-аяк кыргыз поэзиясындагы салттуу 7-8 муунчул ыр түзүлүшүндө куралган. Айрым учурда гана жөнөкөй же татаал редифтүү жана рефрендүү уйкаштыктын формасы менен 9-11 муунга чейин жеткен ыр түзүлүштөрүн кездештирүүгө болот. Мисалы 7-8 муунчул ыр түзүлүшүнө тексттин ар кайсы жеринен мисал келтирели:

«Мен мындамын, аба,» – деп,
Меңдибай келет бакырып.
Эки бети кыпкызыл,
Чолпондой көзү жайнаган,
Туучунактын мойнуна
Жолборстун башын байлаган [ММВ, 9-б.].

Кандай акыл ойлойсуң,
Кай түрдүү оюн ойнойсуң.
Каардансам хандарым,
Капилет өлүп сойлойсуң!
Атым Манас болгону,
Арбагым башка конгону.
Албай жоону койбодум,
Ичип канга тойбодум. [ММВ, 499-б.].

Уйкаштык же рифма, ритм менен интонацияга таасирин тийгизип, анын кулакка угумдуулугун, жүрөккө таасирдүүлүгүн күчөтүп, текстти кара сөздөн өзгөчөлөнтүп турган, фольклордук чыгармаларда чоң мааниге ээ көркөм элемент. М.Мусулманкуловдун вариантында уйкаштыктын жөнөкөй жана татаал түрлөрү, жайгашкан ордуна карай башкы, ички, аяккы уйкаштыктын үч формасы тең кездешет. Мисалы, «кезимде» эпифорасы менен куралган башкы уйкаштык:

Коконго барып эл сурап,
**Билип** турган кезимде
Алтындан такты жасатып,
**Минип** турган кезимде,
Ак калпактуу кыргызга,
**Жагып** турган кезимде,
Кыргыз дебей сарт дебей
Алтын менен күмүштү,
**Алып** турган кезимде, [ММВ, 675-б.]

«Коюп» эпифорасы менен түзүлгөн толук эмес ички уйкаштык:

Коңурбай деп **ат** коюп,
Белги кылып шо жерге

Болоттон жасап **кат** коюп, [ММВ, 675-б.]
Аяккы уйкаштык:
Алмамбет менен **сайышып**,
Аш бышымга **тайышып**, [ММВ, 371-б.] ж.б.

Үндөштүк мыйзамынын негизинде уюшулган бир уңгулуу жөнөкөй толук уйкаштыктын 2, 3 муундуу аяккы рифма көп жолугат. Мисалы:

Экөө минет **ээрге**,
Экөө минет **сээрге**, [ММВ, 10-б.]
Үй көтөрүп бээ **сойуп**,
Тегерете эл **конуп**,
Жети кандын эл **болуп**, [ММВ, 470-б.]
Ак куржунда **зарыңды**,
Адыр толгон **малыңды**,
Кыйнабасаң болбойбу,
Кырк сегизде **жаныңды**. [ММВ, 11-б.]
Жекендос жерден **алдырып**,
Баяндос мамык **салдырып**, [ММВ, 515-б.].
Атадан жетим **калганда,**
Азапты башка **салганда** [ММВ, 672-б.] ж.б.

Мингизип – кийгизип, алдырып – салдырып, калганда – салганда аяккы эгиз уйкаштыкта куралган.

Текстте толук уйкаш менен бирге ар кыл муундагы толук эмес уйкаштын түрлөрү да кездешет. Мисалы:

«Э кагылайын **чырагым**,
Ойду-тоону сүйлөдүң,
Укпады менин **кулагым**. [ММВ, 11-б.].
«Үйрөткүн – деп,**– куранды**,

Айттыргын» – деп **ыйманды**, [ММВ, 63-б.].
Аттанып кетти **төрөсү**,
Алтайда калды **чоросу**. [ММВ, 123-б.].
Карыясы **Калматай**,
Хан Бакайдын алдында
Сөз сүйлөдү **бир далай**. [ММВ, 244-б.].
Эстесем ичим **от болуп**,
Кантип турам **токтолуп** [ММВ, 614-б.]

ж.б. Мисалдарда берилген айрым тыбыш же мүчөлөрдүн үндөшүүсү менен уюшулган сөздөрдүн уйкашуусу текстке бөтөнчө көркөмдүк камтыйт. Уйкаштыктын жасалышына карай эгиз, кайчы же аттама, аксак, оромо же айланма, шыдыр деп аталган түрлөрүн да бул варианттан жыш кездештирүүгө болот. Мисалы:

Чатырын сегиз **бүктөтүп**,
Сексен нарга **жүктөтүп,**
Желмаянын **чөгөрүп**,
Жез казанын **көмөрүп** [ММВ, 275-б.] – а-а-б-б схемасындагы эгиз уйкаш.

Алтындар аттын **башындай**,
Күмүшүң сайдын **ташындай**,
Тулпар минип туу кармап,
Бастырсаң боло **жашынбай**[ММВ, 377-б.] – а-а-б-а схемасындагы аксак уйкаш.

Алайдан көчүп **болгону**,
Күн батыш жагы Кара-Тоо,
Күн чыгышы Самаркан,
Ортого келип **конгону**[ММВ, 256-б.] – а-б-в--а схемасындагы оромо уйкаш.

Аламын деп **малыңды**,
Кыйратам деп **багыңды**,

Сындырам деп **тагыңды**,
Тындырам деп **наамыңды**,[ММВ, 486-б.]
Качыргандан **кайтпаган**,
Карагай найза **тартпаган**,
Мылтык атса **шашпаган**,
Мурунтан жоодон **качпаган**[ММВ, 636-б.] – а-а-а-а схемасындагы шыдыр уйкаш.

Сакалы көлдүн камыштай,
Көкүрөккө **жайылып**,
Муруту чөлдүн камыштай,
Типтик болуп **сайылып** [ММВ, 639-б.] – а-б-а-б схемасындагы кайчы уйкаш.

М.Мусулманкуловдун вариантында эгиз, аксак, шыдыр уйкаштар кеңири колдонулган. Ал эми аттама жана оромо уйкаштар сейрек кездешери байкалды. Бир нече сюжеттик окуяны бир структуралык композицияга бириктирген өтө чоң көлөмдөгү тексттердин ыр түзүлүшүндөгү уйкаштыкты аныктоодо кескин түрдө бул же тигил рифманын түрү бар же жок деп жыйынтык чыгарууга мүмкүн эмес. Анткени, эпикалык чыгармалардын көлөмү чектөөнү таанibаган өңдүү ыр түзүлүшү да анын теориялык эрежелерине баш ийбеши мүмкүн. Эпостун ыр саптары фольклордун майда жанрлары же профессионалдык поэзия сыңары белгилүү бир сандагы ыр жолунан турбашы анык. Толук бир ойду билдириш үчүн эпосто бир нече ыр саптары тизмектелет жана анын ичинде уйкаштыктын бир нече түрлөрү аралашып келиши да кездешет. Мисалы, Коңурбайды сүрөттөөдө:

Согончокко сүйрөлгөн,
Узун кара **чачы** бар,
Ошо кезде Коңурбай
Так кырк беште **жашы** бар.

Кырк беш жашы **кыйынбы**,
Кыйла кылган **жыйынды**,
Элимди кырып **кетти** деп,
Алмамбет түпкө **жетти** деп,
Жылкыны айдап **кетти** деп,
Ажал жетип күн бүтсө
Алмамбет сенден **өлөрмүн**,
Манас деген ууруну
Бир сайышып **көрөөрмүн** [ММВ, 639-б.].

Биринчи төрт сап а-б-в-б схемасында; кийинки саптар а-а-б-б-б-в-г-д-г схемасында уйкашат. Мындай ыр саптары эпосто жүздөп саналат. Ал эми жогорудагы уйкаштыктын бир нече түрлөрүнө берилген мисалдар М.Мусулманкуловдун вариантынын ыр түзүлүшүн аныктоо максатында шарттуу түрдө гана үлгү катары алынды.

Татаал уйкаштын эпифора, редифтүү жана рефрендүү түрлөрү да М.Мусулманкуловдун вариантында көп жолугат. Мисалы, «этип», «алып», «кылып», «көп», «бар», «жок», «ошол», «болду», «болуп» ж.б. эпифоралары менен түзүлгөн татаал уйкаштарга:

Эт жүрөгү **зырп этип**,
Эстеген сайын **кылт этип**,
Боконо жүрөк **болк этип**,
Токтосо сөөгү **солк этип**, [ММВ, 416-б.]
Тоо башында **музу көп**,
Торгоюнан **кушу көп**,
Ак шорунан **тузу көп**, [ММВ, 417-б.]
Кармап жүргөн **желек жок**,
Же карындаш, урук **белек жок**.

Эңкейип кетсем **өбөк жок**,
Эзелден менде **жөлөк жок**, [ММВ, 579-б.]
ж.б. мисалдарды келтирүүгө болот.

Каармандардын диалогдорундагы кайрылуу формасында улам-улам кайталанып, көңүлдүн борборун ээлөөгө умтулган, эмоциялуу, күчтүү сезим менен айтылган «төрөм», «Чубак», «Алмам» редифтүү татаал уйкаштар:

Аргымак күлүк **бууданым төрөм**,
Азапка салар **тууганың төрөм**.
Тобурчак күлүк **бууданым төрөм**,
Тозокко салар **тууганың төрөм**, [ММВ, 415-б.] – строфалык параллелизмде түзүлгөн «төрөм» редифтүү татаал уйкаш.

Артымдан ээрчип **сен келдиң, Чубак**,
Бүгүн караан таппай **сенделдим, Чубак**! [ММВ, 580-б.]
Мен муздакта бүгүн **кар болдум, Алмам**,
Бул дүйнөдө **зар болдум, Алмам**,
Кызылдан найза **кыркак жок, Алмам**,
Кылымдай менде **тырнак жок, Алмам**,
Айтсам сөздөн **санаттап, Алмам**,
Артыңдан келдим **канат деп, Алмам**,
Каңгайды барып **чабат деп, Алмам**! [ММВ, 582-б.] ж.б.– «Чубак», «Алмам» редифтүү толук эмес татаал уйкаш.

«Манас» эпосундагы укмуштуу поэтикалык ыр жолдорунун кооздугун жалаң гана рифма, эпифора же редиф жаратпайт, аллитерациянын дагы белгилүү салымы бар. «Кырктын башы Кыргыл чал, Кыркында көпкөн жинди чал» же «Ырамандын Ырчы уулу, Ычкыры бар кырк

муундуу», «Эламандын эркеси, Эл баштаган серкеси» ж.б. деген сыяктуу сап башында жана сап арасындагы аллитерация, ассонанстар М.Мусулманкулов айткан текстте да кеңири кездешет. «Аллитерация ырдын ритмикалык жүрүшүн кулпундуруучу негизги күчтүн бири»[1] экенин белгилеген К.Рысалиев фольклордук чыгармаларды профессионалдык поэзиядан өзгөчөлөнткөн негизги көркөм элементтер рифма, редиф менен бирге аллитерация дейт. Ырдын ритмикалык ыргагын күчөтүп, айтылып жаткан окуянын угумдуулугун арттырып, тексттин көркөмдүк деңгээлин көтөргөн тышкы: саптык, кош жолдуу, кайчы жана ички аллитерация, ошондой эле, сап ичиндеги үндөшүү – ассонанс сыяктуу кошумча көркөм элементтер да эпосто жыш кездешет. Мисалы:

**Ка**т**ы**нд**а**р **ка**л**а**р **ка**ңк**а**й**ы**п – саптык же сап ичиндеги аллитерация.

**Эңкейип** ачкан **эшик** жок,
**Эзелде** менде **кешик** жок,
**Эркелетээр бешик** жок.[ММВ, 9-б.] – «э, е» үндүү тыбыштарынан куралган, «эшик-кешик-бешик» ички уйкаштыктагы «жок» эпифоралуу ассонанс.

**Жа**рыгы басып ааламды,
**Жа**ндын баары зырылдап,
**Жа**лыны көккө жетиптир, [ММВ, 17-б.] – сап башындагы аллитерация.

**Ко**ркутуп алтын зар алып,
**Короосу** менен **кой** алып,
**Кой** кайтарчу **бой** алып, [ММВ, 187-б.] – сап

[1] Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 159-б.

башындагы аллитерация менен «о» үндүү тыбышынан түзүлгөн ассонанстын айкалышы.

**Бу**дуру турат суйулуп,
**Бу**гу, марал куйулуп.
**Же**рин көрүп таң калып,
**Же**тиден доңуз даң салып,[ММВ, 587-б.] – суйулуп-куйулуп, таң-даң деген аяккы эгиз уйкаш менен түзүлгөн кош жолдуу аллитерация.

**Кы**лча жанын аябай,
**Кы**йын келет чоң калдай.
**Те**герете карабай,
**Те**ги жанын аябай, [ММВ, 639-б.] – түрдүү муундагы аяккы уйкаштыктагы кош жолдуу аллитерация.

**Ал**тымыш балбан чогултуп,
**Ба**рган экен үйүмө,
**Ал**амын деп дүнүйө.
**Ба**атыр Кайсар баш болуп,
**А**тамдын көзү жаш болуп, [ММВ, 618-б.] ж.б.

Үйүмө-дүнүйө – аяккы уйкаш, баш-жаш деген ички уйкаш менен түзүлгөн сап башындагы ассонанс менен аллитерациянын кайчылашып келиши.

М.Мусулманкуловдун вариантында негизги окуянын алдында киришүү иретиндеги кара сөз түрүндөгү лирикалык чегинүүлөрүнөн кыргыз тилиндеги үндөштүк мыйзамынын (сингармонизм) зор мисалдарын, ички аллитерация жана рифманын түрлөрүн байкоого болот. Мисалы, «Жакыптын Алтайга таарынып кеткени» жөнүндөгү эпизоддо: «Ал жерде **болуп**, өрүшкө малы

**толуп**, өзөнгө айылы **конуп**, **ары жагы** калмак, **бери жагы** кыргыз **болуп**, калмактын ханы **келип**, **кары-жашы** баары **келип** жерди бөлүшүп, калмак, кыргыз **бири-бирине** келишип, жыл сайын **калмак келмек болду**, Жакып **калмакка** от-майын **бермек** болуп, **убадасы бек**, **ушундай кеп болду**. Алтай кыргызга **карап**, калмак, кыргыз жайына **тарап**, **ар ким алы менен**, **малдуусу малы менен** жашап калды» [ММВ, 8-б.]. «Манастын жигитчилик чагы» деген эпизоддо: «Барып **кырып**, малын **жыйып**, Манасты байлап кел! – деп буюруп, аны хандар кабыл алып, баарысы **бармак**, Манасты **алмак болуп**, алардын арасында эки миң үйлүү **калмак болуп**, баары кошулуп **бармак болуп**, өңчөй кеңешип балбан Манас баатырга он бир дөө жиберет. Манасты **байлап** кел деген Эсенкандын буйругу менен алты шаар Кумбулдун хандары он бир дөөнү **тандап**, «Манасты **байлап,** тирүүлөй **кармап**, малын-жанын **айдап** кел!» – дешет» [ММВ, 54-б.]. Мындай мисалдар башка эпизоддордо да көп кездешет.

М.Мусулманкуловдун вариантында эне тилдеги күнүмдүк пайдаланган жөнөкөй сөздөр менен бирге татаал сөздөр, ар түрдүү сөз айкаштар, фразеологизмдер да арбын кездешет. Өзгөчө туруктуу сөз айкаштары делген фразеологизмдер текстте баяндалып жаткан сюжеттик окуядагы каармандардын жан дүйнөсүн, ички психологиясын, ал-абалын, кулк-мүнөзүн, кырдаалга карата мамилесин, ой-толгоолорун көркөм сүрөттөө аркылуу образдуу чагылдырууну көздөйт. Ушундай көркөм элементтерден Мусулманкуловдун варианты да куру эмес. Мисалы:

**Куу баш** Жакып аталдым,
Кудай кылса чара жок. [ММВ, 9-б.] –

Жакыптын баласы жоктугун, балалуу болуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырагандык маанисиндеги фразеологизм сап башындагы аллитерация менен чогуу келди.

Муну көргөн калайык,
**Акылы айран таң болуп** [ММВ, 481-б.]
Атаңдын көрү алты хан,
**Акылын таппай** тантыган, [ММВ, 482-б.]
Аңгеме кылып олтуруп,
**Акылын каркап толтуруп**, [ММВ, 533-б.] –
таң калуу, акыл-эсинен ажыроо жана эс акылын жыйнап, бир чечимге келүү деген маанини берген акылга байланыштуу фразеологизмдер сап ичиндеги ассонанс жана алты хан-тантыган – толук эмес уйкаш; олтуруп-толтуруп – толук уйкаш менен айкалышта түзүлдү.

Көзүнөн жашы төгүлүп,
**Кабыргасы сөгүлүп**, [ММВ, 135-б.] –
арманга толгон, жан-дүйнөнүн жабыркоосун туюндурган бул фразеологизм аяккы толук уйкаш менен бирге түзүлдү.

**Этиң** калган **көк жашык**,
**Каның** калган **бир кашык**» [ММВ, 479-б.] –
өтө арык, жүдөгөн, кор болгон маанисиндеги татаал фразеологизм аяккы татаал уйкаштыкта берилди.

Бетинен чыккан ызгаары,
**Беш байпактык жүн болуп** [ММВ, 219-б.] –
Манастын ачуулуу мүнөзүн көрсөткөн бул көркөм сөз айкашы анын каарданып, ызырынган, жинденген абалындагы жүз көрүнүшүн элестетүүгө жана канчалык ачууланганын түшүндүрүүгө көмөктөшөт.

**Кабыргасы сөгүлүп**,
**Кандуу жаш** кошо **төгүлүп**,
**Боору эзилип** алсырап,
Ботодой боздоп заңгырап [ММВ, 661-б.] –

кош жолдуу аллитерация менен түзүлгөн, эгиз уйкаштыктагы бул саптарда Асылкандын көп жылдардан кийин уулу Алмамбетти көргөнүндөгү сагыныч, куса, арманга толгон жан-дүйнөсү, ал-акыбалы көркөм элестелет. Мындай туруктуу сөз айкаштарын М.Мусулманкуловдун вариантынан дагы көп кездештирүүгө болот.

М.Мусулманкуловдун вариантында диалектилик сөздөрдүн колдонулушу да тилдик көркөмдүк өзгөчөлүктөрдү аныктоого мүмкүндүк берет. Мисалы, лексикалык диалектизмдерге бир нече араб, фарс тилдеринен кирген жана кыргыздын көөнөргөн сөздөрү колдонулган: челек-чака; чакмак-оттук; көктөм-жаз-баар; дүрүйө, кете,сарпайы-тон, кымкап ж.б. кездеме жана кийимдер; жуда-баары; тамам-бүттү, аякталды; жагына-тамак-аш; көөдөк-мактан; көш-эт; бөкө; күлүк; чамгарак ж.б. мисалдарды келтирүүгө болот. М.Мусулманкуловдун вариантында кыргыз тилинин түндүк жана түштүк диалектисине жана жалпы адабий тилге таандык болгон сөздөр бирдей учурайт. Манасчынын филармонияда иштеп турган мезгилде Кыргызстандын бардык аймактарын кыдырып, ар кайсы диалектилик өзгөчөлүктөгү сөздөрдү угуусу, ар кайсы региондогу чыгармачыл инсандар менен тажрыйба алмашуусу М.Мусулманкуловдун «Манасынын» түндүк, түштүк диалектикасын бирдей колдонуп, жалпысынан анын текстти адабий тилге көбүрөөк жакын болушуна шарт түзгөн.

«Манас» эпосунун дидактикалык кызматы, таалим-тарбиялык көтөргөн жүгү оор. М.Мусулманкуловдун

вариантында да сюжеттик окуялардын маани-мазмунун тереңдетип, элдик философиялык ой жүгүртүүлөрдү сиңирген санат-насыят ырларына үндөшкөн учкул, накыл сөздөрдү кездештирүүгө болот. Мисалы:

Азаматтын жакшысы,
Ар жарым тыйын тең бөлөт.
Адил болсо улугуң,
Жакшы жаман тең көрөт.
...Астыңа келген кишинин,
Атанын кунун кечүүчү.
Атадан арта туулса,
Ар намыска жетүүчү [ММВ, 244-б.] ж.б.

Вариантта кездешкен ырым-жырымдар: «табактын түбүн таттыруу» – төрөгөн аялдын тамак жеген табагынын түбүн төрөбөгөн аялга арттырып берүү [ММВ, 19-б.]; «өпкө чабуу» – (жаңы союлган малдын өпкөсүн алып жерге чабуу) жакшы көргөн адамы үчүн өпкө-боорумду садага чабам дегенди түшүндүрөт. «Кийим талатуу» – элге, коомго же бир үй-бүлөгө жаңы бүлө болуп кошулган же согушка аттанып жаткан адамдын үстүндө кийип турган кийимдерин чечтирип карап тургандарга берип, анын ордуна жаңы кийимдерди кийгизүү бул, жаңы келген адамдын жаңы барактан жашоо башташына жол ачып берүү деген маанини туюндурат [ММВ, 337-б.]. «Мылтык аттоо» – ак иштеп, адал кызмат өтөөгө ант берүү [ММВ, 338-б.]. «Сагызгандын тилин оозануу» – көп тил билүү, илимдүү болуу дегенди түшүндүрүп, М.Мусулманкуловдун вариантында Алмамбет менен чогуу окуган Кожожаштын образын ачып берүүдө колдонулат.

Жыйынтыктап айтканда, М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосу элдик салттуу окуяларды сактап, текстке кошумча өркүндөтүү киргизүү менен жекелик сюжеттик өзгөчөлүктөргө да орун берген өзүнчө бир толук кандуу вариант болуп эсептелет. Мусулманкуловдун «Манас» эпосунун биринчи бөлүгүнүн сюжеттик өнүгүшүнө кошкон салымын жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн төмөндөгүдөй жыйынтыктар менен корутундулоого болот. 1) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосунда элдик салттуу сюжеттик өзөктүү окуялар толук сакталган; 2) Бул вариантта Олуят чалдын окуясы, Манастын чүрчүттү чабышы сыяктуу сюжеттик өзгөчөлүктөр бар; 3) М.Мусулманкулов негизги каарман Манастын портретин, курал-жарактарын (кылыч, дүрбү) жана кийген кийимин (ак олпокту) сүрөттөөдө салттуу эпикалык формуланын чегинен ашып, кошумча өнүктүрүүлөр киргизген; 4) Каармандардын образдарын түзүүдө алардын сырткы портрети менен бирге мисалы, Жолойдун ички сезимдерине чейин ачып берген; 5) Тексттин курамындагы ар бир чоң же кичине сюжеттик окуялар жеке өзүнө мүнөздүү башталышы жана бүтүшү менен алар да өз ара бир бүтүндүктө эпостун эң башкы окуясына баш ийип турат; 6) М. Мусулманкуловдун вариантында туруктуу поэтикалык формулалардын бир нече баяндагыч, портреттик, атрибутивдик түрлөрү кездешип, тексттин көркөмдүк деңгээлин көтөрөт; 7) Бул вариантта көркөм сөз каражаттарынан троптун бир нече түрлөрү: эпитет, салыштыруу, салыштыруунун татаал формасы, метафоралар жыш колдонулуп, «күлүк», «бөкө» сыяктуу эпитеттик көөнө сөздөр байыркы маанисинде кездешет; 8) Тексттин ыр түзүлүшү салттуу 7-8, айрым татаал

редифтүү рифмаларда гана 9-11 муунга чейин жеткен муунчул ыр түзүлүшүндө берилип, ритм туруктуу сакталып, уйкаштыктын бир нече түрлөрү, аллитерация, ассонанс ыктуу колдонулат; 9) М Мусулманкуловдун вариантында диалектикалык сөздөр, накыл кептер, фразеологизмдер ыр түзүлүшүнүн көркөм элементтери менен бирдикте пайдаланылып, тексттин көркөмдүк өзгөчөлүгүн жогорулатат.

Эпостун классикалык вариантын улантуучулардын бири – М.Мусулманкуловдун вариантында каармандардын сырткы турпатынан да алардын ички жан дүйнөсүндөгү сезимдерине, ой-толгоолоруна, кебете-кешпирине өзгөчө көңүл бурулган. Каармандардын ар түрдүү кырдаалдарда окуяга карата реакциясын элестүү чагылдыруу менен манасчы алардын образын, мүнөзүн даана ачып берген. Айрыкча Манастын сын-сыпатын, курал-жарагын, кийген кийимдерин сүрөттөөдө М.Мусулманкулов чебер сүрөткердигин көрсөтө алган. Бул пикирди өз учурунда белгилүү окумуштуулар Р.Сарыпбеков, Р.Кыдырбаева, А.Жайнаковалар да ырастаган. Ошондой эле, бул вариантта улуу манасчылар С.Орозбаков менен С.Каралаевдин варианттарында кездешпеген Ополдун тоосун түптөгөн Олуят чалдын, Каныкейдей акылман, көрөгөч Кенжекенин образдары кездешет. Меңдибайдын арачылыгы менен Кырк чилтендин Баатырга ат коюшу, Ажыбайдын Мекеге барышы, Олуят чалдын окуялары, Манастын чүрчүттү чабышы, Сайкалдын Манастын сөөгүн уурдап кетиши сыяктуу сюжеттик бөтөнчөлүктөр айтылат. Чыйырдынын түшүндө өрттү көрүшү, Ай менен Күндүн нурунан боюна бүтүшү, кырк чилтендин балага ат коюшу ж.б. көөнө мотивдер сакталган.

# 6. МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН АЙТУУСУНДАГЫ «СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН СЮЖЕТТИК САЛТТУУЛУГУ ЖАНА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРЫ

«Семетей» – «Манас» эпосунун экинчи бөлүгү. Алардын эң ирдүүлөрү С.Каралаев, Тоголок Молдо, Ж.Сарыков, Ж.Кожеков, Б.Сазанов, Ш.Рысмендеев, А.Рысмендеев, М.Чокморов, Ы.Абдрахманов, С.Молдокеева, М.Мусулманкулов ж.б. айтуучулардын варианттары болуп саналат. Ж.Сарыков, Ж.Кожеков, С.Молдокеевалар кыргыз фольклорунда семетейчи катары таанылган болсо, кээ бир үчилтикти айткан манасчылардын ичинен да мисалы: С.Каралаев, М.Чокморов, Б.Сазановдор «Манаска» караганда «Семетейди» көбүрөөк айткандыгы байкалат. Алп манасчы С.Орозбаков да өзүн семетейчимин деп атаган. Көпбай Күмүшалиевдин эскерүүлөрүнө таянсак М.Мусулманкулов дагы барган жеринде көбүнчө Семетей менен Айчүрөктүн окуясын уккан кулакты муюта, жогорку чеберчиликте айткан. Манас айтуучулук өнөрдө эпостун «Семетей» бөлүгүнүн көлөмдүү айтылышын окумуштуу Ж.Орозобекова мындайча түшүндүрөт: «Мындай болгон себеби да экинчи бөлүктөгү окуялар элдин социалдык жашоосун көбүрөөк чагылдырганы, персонаждардын жеке тагдырына тиешелүү проблемалардын турмуштук мааниси терең болгондугу, жоокерчилик, жалпы массалык түрдөгү согуштук

теманын, согуш мотивинин экинчи позицияда чагылдырылгандыгы менен байланыштуу болсо керек»[1].

М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Семетей» эпосунда да салттуулукту улантуу менен «Манас» эпосуна салыштырмалуу сюжеттик жактан согуштук курч окуялардын аздыгы, сырткы душмандарга караганда (Семетейдин Коңурбайдан өч алышын эсепке албаганда) ички, уруулук өз ара пикир келишпестиктер, тууган-дардын тирешүүлөрү сыяктуу турмуштук-социалдык темаларга басым жасалат. Бул вариантта да салттуу түрдө Абыке, Көбөштөн качкан Каныкейдин жолдогу көргөн азап-тозогу, Семетейдин бөтөн эл, бөтөн жерде өз ата-тегинен кабарсыз эр жетиши трагедиялуу чагылдырылып, Семетей менен Айчүрөктүн издешип табышуусу баатырдык-романтикалуу мүнөздө сюжеттик сызыкты улантып, акыры Семетейдин атсыз жөө калышы, өлүмү менен кайрадан трагедиялуу жыйынтыкталат.

Бул бөлүмдө М.Мусулманкуловдун «Семетей» эпосундагы сюжеттик салттуулук С.Каралаев (Ысык-Көл аймагы) жана Б.Сазановдун (Тянь-Шань аймагы) варианттары менен сюжеттик салыштырма-типологиялык анализ жүргүзүлөт. К.Рахматуллиндин маалыматы боюнча М.Мусулманкулов «Семетейди» агасы Калыгулдан жана жердеши Тоголок Молдодон уккан. Буга караганда М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосу Тоголок Молдонун айтуусундагы эпоско кайсы бир жагынан үндөш болушу мыйзам ченемдүү болор эле. Бирок иштин жүрүшүндө М.Мусулманкуловдун айтуусундагы эпостун сюжеттик структурасы, форма, стилдик жактан,

[1] Орозобекова Ж. Манасчы Шапак Рысмендеевдин «Семетей» бөлүгү тууралуу сөз 103-б. // «Манас» Ааламы Манастаануу-фольклортаануу илимий журн. – 2016. – № 1. – 102-107-б.

ыр түзүлүшү, уйкаштыктын формаларынын колдонулушу жагынан да Тоголок Молдо экөөнүн ортосунда окшоштуктар эмес, тескерисинче кескин айырмачылык бар экени көрүндү. Мисалы, Тоголок Молдо эпикалык баянды профессионалдык поэзиянын формасында бири-бирине тыгыз уйкашкан ар бири 4 саптан турган ыр түрүндө баяндаса, М.Мусулманкулов салттуулуктун чегинде эркин эпикалык агымда, салттуу 7-8 муун өлчөмүндөгү ыргакта баяндайт. Ошондуктан, М.Мусулманкуловдун вариантын жазгыч манасчы Тоголок Молдонун тексттерине эмес, оозеки айткан манасчылардын С.Каралаев жана айрым эпизоддор Б.Сазанов, М.Чокморовдордун варианттары менен салыштыруу туура деп табылды. Бул манасчылардын варианттары салттуу туруктуу окуяларды көбүрөөк сактагандыгы үчүн тандалып алынды. Варианттардын ортосунда «Семетей» эпосунун сюжеттик курулмасында «Манаска» салыштырмалуу сюжеттик айырмачылыктар аз көрүнөт. Айрым гана каармандардын ысымдары, жер-суу аталыштары жана сюжеттик окуянын өнүгүшүндөгү чакан мотивировкалардан гана айырмачылыктар байкалбаса негизинен бардык варианттарда тең туруктуу сюжеттик өзөк сакталган. М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Семетей» эпосу «Сейтек» эпосунун кыскача окуясы менен аяктайт. Бул вариант салттуу эпизоддорду камтуу менен бирге төмөндөгүдөй сюжеттик структуралык түзүлүшкө ээ:

**Семетейдин төрөлүшү** (Абыке, Көбөштүн Каныкейге кордук көрсөтүшү; Каныкейдин Кырымга (төркүнүнө) качышы; Бакайдын Каныкей менен Семетейге камкордугу; Темиркандын эл менен кеңешкени; Семетейдин Ысмайылдын колунда тарбияланып чоңоюшу);

**Семетей менен Сарытаздын жолугушуусу** (Семетейдин куш салууга барганы; Сарытаздан эли-жери тууралуу угушу; Темиркандын үйүнө келип чыр салышы; Каныкейдин арманы);

**Семетейдин Таласка келиши** (Бакайга жолугушу; атасынан мураска калган курал-жарактарын Абыке, Көбөштөн тартып алышы);

**Семетейдин Таласка көчүп келиши** (Жакып, Абыке, Көбөштү жеңгени; кырк чорону жайлаганы; Семетейдин кан көтөрүлүшү);

**Айчүрөккө үйлөнүшү** (Чынкожо, Толтой менен согуш);

**Бээжиндеги уруш – кун куу** (Семетейдин Манастын кунун куушу, Коңурбайдын өлүмү);

**Семетейдин өлүмү** (Канчорого алданып Семетейдин тонсуз калышы; Күлчоронун кордук көрүшү);

**Сейтектин төрөлүшү** (Сейтектин Канчоро, Кыясты өлтүрүп, атасынын кунун куушу, бийликти колго алышы).

Манастын өлүмүнөн кийин кырк чоронун Абыке, Көбөштүн колтугуна кирип кетиши сюжеттин жүрүшүндөгү Каныкейдин оор тагдырынан кабар берет. Жуучу болуп келген Бозуулга Каныкей койнундагы канжарды сууруп чыкканда Бозуул оозунан сөзү түшүп кайтат. Каныкейдин төркүнүнө качуу жөнүндөгү идеясы салттуу варианттарда айтылгандай эле Манастан калган уулу Семетейди аман сактап калуу үчүн жасалган аракет катары ишке ашырылат. Ал эми бул сюжеттик окуянын негизги варианттардан айырмачылыгы мисалы, С.Каралаевдин вариантында Каныкей кайненеси Чыйырдыга Семетейди көтөртүп качырып жиберет да, өзү Каракүңдү өлтүрүп анын бешиктеги баласын кармап

отуруп калат. М.Мусулманкуловдун вариантында Абыке, Көбөш жоон топ адамы менен келип Каныкейдин эшигине кароол коюп кетет. Каныкей качкандан башка айла жок экенин түшүнүп, түн ичинде керегенин түбүн тырмактары менен казып, тешиктен баласын көтөрүп качып чыгат. Каныкейдин Семетейди алып качышына салттуу варианттардагыдай Бакай жардам берет. С.Каралаевдин вариантындагы «Каныкейдин Тайторуну чапканы» деген көлөмдүү эпизод М.Мусулманкуловдун вариантында Абыке, Көбөштүн Манаска аш бериши деген чакан сюжеттик окуяда бир нече сап менен гана айтылат. Бирок бул аштагы ат чабышта биринчи келген Тайбуурул (С.Каралаевде Тайтору) Каныкей тарабынан атайын тапталып, төлгө катары чабылбайт, жөн гана келечекте Семетейдин аты боло турганы эскерилет. Мында аштын берилиши таптакыр башка максатты көздөйт. Абыке, Көбөштөрдүн планы боюнча эртелеп Манастын өлүмүнө байланыштуу салттык ырым-жырымдарды жыйынтыктоо, Каныкейге үйлөнүү, бүткүл байлык, бийликке ээ болуу болгон. Манаска аш берүү манасчылардын ичинен Тоголок Молдонун вариантында гана айтылат. Мында бул эпизод кенен баяндалып, ашты Каныкей башкарат. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында ашты Абыке, Көбөш башкарып, жогоруда айткан максатты көздөйт. Тоголок Молдонун «Семетейинде» айтылган «Манаска аш берүү» деген кенен айтылган эпизод жана «Бакайдын Семетейге чоролорду тааныштыруу» деген сюжеттик окуя М.Мусулманкуловдо кездешпейт.

М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосунда негизги каармандын төрөлүшү, келечекте баатыр боло турган балага таандык болгон өзгөчө белгилер тууралуу мотивдер төмөнкүлөр: Кошойдун жана

кырк чоронун Каныкейге бата бериши, Каныкейдин баланы он ай боюнда көтөрүшү, Семетейдин күн санап тез чоңоюшу, өз оюн бербеген тентек чыгышы, бала кезинен таң калтырган алгачкы эрдиктерин көрсөтүшү ж.б. Таякесинин колунда чоңойгон Семетей бала кезинен молдолордон билим алат, жаа атып, ууга чыгып согуш өнөрүн үйрөнөт. Ысмайыл Семетейди окуп билим алууга көбүрөөк үндөйт, мылтык, жаа атуу менен бирге эле суучулдарга кошуп сууда сүзүүнү да үйрөтөт:

Жакшы окугун деп айтып,
Ысмайыл күндө сүйлөндү.
...Суу түбүндө балыктай,
Суу өнөрүн үйрөндү[1] –

манасчы Семетейдин эр жетишинде өзү жашаган доордун талаптарын (көп окуп билим алуу, сууда сүзүү сыяктуу) жеке чыгармачылык көз карашына жараша эпостун тексттине киргизип жибергени байкалат.

«Семетей» эпосунун сюжеттик окуяларынын курчуп өнүгүшүн шарттаган темалардын бири анын өз ата-теги тууралуу угушу. М.Мусулманкуловдо дагы С.Каралаев жана Б.Сазановдукуна окшош Семетей ата-тегинин дайынын Сарытаздан эшитет. Таарынып, кепке келбей кежирленген Семетейдин ачуусун «Каныкейдин арманы» басат. С.Каралаевдин вариантында «Каныкейдин жомогу» деп айтылган сюжеттик эпизод М.Мусулманкуловдун вариантында «Каныкейдин арманы» деп аталып, мында энеси уулуна жетим-жесир калып, башынан өткөргөн оор тагдырын ийне-жибине чейин айтып берет. «Каныкейдин жомогу» «Манас», «Семетей» бөлүктөрүн байланыштырып турган өзүнчө бир данакерлик

[1] Семетей, Сейтек. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 25-б.

эпизоддордон»[1]. М.Мусулманкуловдун вариантында С.Каралаевдин вариантындагы Канықейдин төркүнүнө качышында Байтеректин түбүнө түнөө, баланы кайберендин тукуму эмизиши сыяктуу мотивдер кездешпейт.

Таласка аттанып чыккан Семетей Манастын күмбөзүн көргөндө гана ата-тектүү экенине ынанат. Күмбөздө ата менен баланын көрүшүүсү Каныкейдин күмбөздүн дубалдарына тарттырган сүрөттөрү аркылуу ишке ашат.

Босогосу болоттон
Борум менен тарттырып,
Кырк чоронун сүрөтүн
Бир бейитке солоткон.
Атасы Манас бадыша
Аккула менен чалкайып,
Ажыдаардай түрлөнүп,
Кыл муруту калкайып,[2]

Манасчы күмбөздүн ички жана сырткы жасалышын сүрөттөө менен бирге Каныкейдин образындагы ишмердик, билгичтик адамдык сапаттарын баса белгилеген. Анын аял катары күйөөсү Манаска жана анын арбагына көрсөткөн ызаат-сыйын да кошо камтып өткөн.

Семетейдин Манастын кунун кууп, анын бүтпөй калган иштерин толуктоочу баатыр экендигин көрсөтүүчү белгилер Семетей Таласка келгенде Манастын арбагы жана анын колдоочу жаныбарларынын келиши менен мүнөздөлөт. Мурда Манасты колдоп жүргөн жолборс, бөрү, кабылан, кайберен сыяктуу жаныбарлар жана кырк

[1] Мамыров М. «Семетей» – «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү. – Фрунзе: КыргССР ИА, 1963. – 23-б.

[2] Семетей, Сейтек. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 51-б.

чилтен, Кызыр Илияс эми анын уулу Семетейди колдой турганын билдирип, баланын көзүнө көрүнөт:

Кабылан Манас колдоочу,
Ээрчип келет соңунда
Бири калбай биригип,
Келгени анык билинип,
Кабылан менен жолборсу,
Баякы кайберендин жолдошу.
Камбарбоз үйрү локлоптур,
Баякы колдоочулар токтоптур.
Буга кайыптан берген окшоптур,
Баякы колдогондун баары бар,
Баякы кырк чилтени дагы бар,
Кызыр Илияз кары бар
Баякы кыраанындын жолдошу
Кайберендин баары бар[1].

Тайбуурул, Кумайык, Акшумкар сыңары эле бул колдоочу жырткычтар да Семетейди күтүп жүргөнү белгилүү болот. Семетейдин атасынын күмбөзүнө келип сыйынышы кыргыздардын байыркы доорлордон бери келе жаткан ата-бабанын арбагы колдоо ишеними менен байланышат. Ал эми колдоочу жаныбарлардын атадан балага өтүшү генеалогиялык циклизация аркылуу тотемдик ишенимдин калдыктарынын «Семетей» эпосунда да чагылдырылышы деп билинет.

Эпостогу негизги каармандын минген аты жана аны күткөн жаныбарлары да өзгөчө касиеттерге ээ. Анткени, алар өз ээсине ар кандай абалда жардам берип, анын кайгы, кубанычын тең бөлүшүп туруучу сапаттары

[1] Жогорудагы китеп, 70-б.

менен башка жаныбарлардан айырмаланышат. М.Мусулманкуловдун вариантындагы мындай жаныбарлардын ичинен Тайбуурул өзгөчө орунда турат.

Кумда тууп, чөлдө өсүп,
Кулан менен бирге өсүп,
Кайкыга тууп, карга өсүп,
Кайберен менен бирге өсүп,
Көрдүм деген бир жан жок,
Андан кийин Буурулду
Байкадым деген тирүү жан жок[1].

Манас өлгөндө аза күтүп, эл көзүнө көрүнбөй кеткен Тайбуурулдун кайра кайтып келиши Семетейдин азап тартып куураган элди бириктирип, өчкөн отту тамыза турганын символикалуу түрдө көрсөтөт. Элдик эпостордо негизги каармандын көздөгөн максатынын аткарылышында анын минген атынын мааниси чоң. Көбүнчө баатырдын минген аты анын эң жакын жолдошу болуп, ийгиликке жеткирип, ээсин ар кандай кыйынчылыктан куткарган. Ошондуктан баатырларга өзүнө ылайыктуу туура ат тандап минүү эпостогу эң маанилүү маселелердин бири. С.Каралаевдин вариантында кайыптан туулган Тайбуурулду Сайкал Семетей төрөлө электе эле тартуу кылат. Манас өлгөндө аза күтүп качып кеткен Тайбуурул Семетей эр жетип Таласка кайрылып келгенде алдынан тосуп чыгат:

Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө жез билек.
Туудум деген эне жок,

[1] Жогорудагы китеп, 81-б.

Туудурган айгыр ата жок,
Тунук кайып баласы[1].

Б.Сазановдун вариантында Тайбуурул желкайыптын тукуму деп айтылып, бул вариантта да атка мифтик өң-түс берилет. Бардык варианттарда Семетейдин Тайбуурулу өзүнө ылайык өзгөчө жаныбар экени белгилүү. М.Мусулманкуловдун вариантында Тайбуурулду Сайкал өзүнүн жылкысынын арасынан тай кезинде эле Манастын уулуна арнайт. Тайбуурул жаңы келгенде чолок, жүдөө тай болот. Тайбуурулдун тай кезиндеги чолоктугу, көргөн көзгө жүдөөлүгү башка эпостордо да жолуккан мотивдердин бири. Башканын колунда жүдөп жүргөн ат өз ээсин тапканда гана тыңып, сын-сыпатына келип, өзгөчө касиеттери көрүнө баштайт. Тайбуурул да Семетей Таласка кайткан күндөн тарта күчкө толуп, күлүк чыгат. Бул мотив үчилтиктин биринчи бөлүгүндө да кездешет. Алмамбет өзүнө арналып тартууланган бир нече аттардын арасынан көзгө комсоо Сараланы тандайт. Алмамбеттин колуна келген Сарала табына келип, күч-кубатка толуп, күлүк чыгат. Өзүбек элинин «Алпамыш»[2] эпосунда да негизги баатыр колуктусун куткаруу үчүн жолго чыгарда жылкынын арасынан ат тандап минүү үчүн укурукту үч жолу салганда үчөөндө тең бир эле арык, кебетеси начар тайга түшөт. Ошол жүдөгөн тай табына келгенде Алпамыштын күлүк атына айланат. Бул мотив М.Мусулманкуловдун вариантындагы

---

[1] Манас. Баатырдык эпос: С.Каралаевдин варианты боюнча. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 786-б.

[2] Жирмунский В.М. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка. – М.: Изд-во вост. лит., 1960. – 335 с.

Тайбуурулдун тай кезиндеги чолок, сырткы көрүнүшү начар деген сүрөттөлүш менен үндөшөт.

«Семетейдеги» айрым Бакай, Каныкей, Жакып, Чыйырды, Абыке, Көбөштөр «Манастан» өткөн каармандар. Бакай менен Каныкей мурун кандай образды көтөрүп келген болсо мында да ошол туруктуулукта негизги каармандын жардамчысы, колдоп-коштоочулук адамдык оң сапаттарынан ажырабайт. Чыйырдынын образы чыгарманын эки бөлүгүндө тең пассивдүү берилет. Ал эми Абыке, Көбөштүн «Манаста» аты гана аталат, активдүү катышпайт, «Семетейде» мураскер болуп чыга келишет. Булардын ичинде Жакыптын мүнөзүндө өзгөрүүлөр болгондугу байкалат. М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Манас» эпосунда Жакыптын образындагы анын малга сараңдыгы болгону менен үй-бүлөсүнө карамдуу, аталык мээрими сезилип тургандыгын, Манас менен Жакыптын ортосундагы ата-бала мамилеси башка манасчылардын варианттарына салыштырмалуу конфликттер курч мүнөздө эмес, бир аз жайынча экенин айтканбыз. Ал эми эпостун экинчи бөлүгүндө Семетейдин келиши менен Жакыптын мүнөзү чорт өзгөрүлгөнү Чыйырдынын сөзү менен түшүндүрүлөт:

Карыган кезде бай Жакып,
Бурулду сенин кыялың.
Кыяматты ойлонбой,
Кандай болду сыягың[1].

Семетей Таласка алгач келгенде эле чоң атасы Жакыптын карасанатайлыгына туш болот. Жакыптын

---

[1] Семетей, Сейтек. Баатырдык эпос: М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 72-б.

өз канынан жаралган небересине уу берип өлтүрүү жөнүндөгү сюжеттик окуя дээрлик бардык семетейчилердин варианттарында кездешкен салттуу эпизод. Айырмачылыгы ар бир айтуучу өз чыгармачылык чеберчилигине жараша ар кандай турмуштук кырдаалда түрдүүчө баяндайт. Мисалы, С.Каралаевдин вариантында Семетей чоң атасы сунган чынидагы уулуу кымызды төгүп жибергенде босогодо жаткан дөбөткө чачырап ит мүрт кетет. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында уулуу суусунду Жакып эмес анын кол алдындагы кул сунат. Атамдан мурун ичпейм деген Семетей чыныны Жакыпка сунганда Жакып ичпей коёт:

Сенин ак жүзүңдү көрсөм деп,
Арманым жок өлсөм деп,
Арам жолго барбадым,
Асылым Манас өлгөндө,
Арак, бозо таштадым[1] –

деп Жакып анткорлонот. Атам ичпесе апам ичсин деп чоң энесина сунганда ал да көзү жалдырап Бакайды карайт. Мындай арамзаадалык ойду алдын ала сезген Бакай ата-энеси ичпеген бул кандай тамак деп, сыртка чачып жибергенде жүгүрүп келген эки тайган жыттап алып, жыгылып түшөт. Негизинен бул сюжеттик сызык жогорудагыдай майда айырмачылыктар гана көрсөткөнү болбосо жалпысынан эпизоддун берейин деген идеясы окшош. Жакып Семетейге чыккынчылык кылып, Баатырдан калган жалгыз тукумдун эл башына кечип, бийликти колго алышына тоскоол болот. Абыке, Көбөшкө кошулуп Семетейге каршы чыгышы да салттуу окуя-

[1] Жогорудагы китеп, 75-б.

лардан. Кепке келбеген кырк чоро жана Жакып, Абыке, Көбөш сыяктуу ички чыккынчылар Семетей жана анын тарапташтары тарабынан өлтүрүлөт. Семетейдин ички чыккынчыларга каршы күрөшүнүн чыгыш себептерин жана жыйынтыкталышын манастаануучу А.Жайнакова талдап келип: «Бул феодалдык уруу түзүлүшүнүн учурунда ошол тарыхый шарттын мүнөздүү белгилерин көрсөтүп туруучу деталь катары кеңири белгилүү болгон адам мамилелеринин биринен. Бийлик, дүнүйө-мал бардыгынан жогору коюлуп, иш-аракет бүт ошого баш ийдирилип турган коомдук шартта мурдагы тапсыз уруу түзүлүшүнүн учурундагыдай уруулук-туугандык белги чечүүчү мааниге ээ болбостон, жеке кызыкчылык башкы ролду ойноп, мансапка баш ийдирилет»[1] деген ынанымдуу жыйынтык чыгарган.

Эпосто кездешкен ички конфликттердин дагы бири – Семетей менен Үмөтөйдүн ортосундагы касташуусу ар бир вариантта ар башкача мотивировкаланат. С.Каралаевдин вариантында Семетей менен Үмөтөйдүн ортосундагы конфликттин чыгышына Үмөтөйдүн өз акыбалын аңдап биле албаган ала көөдөндүгү, акылсыздыгы себеп болот. Үмөтөй Семетейдин Коңурбайдан Манастын кунун кууп келгенин угуп, Манас атамды Бээжинге алып барып өлтүрткөн, кун төлөсүн деп опурулат. Б.Сазановдун вариантында Үмөтөй Семетейди эки жолу кодулайт. Биринчисинде Семетей анын ала турган колуктусу Чачыкейди аялдыкка алганда, экинчиси Коңурбайдан кун алууга катышып келип, андан тышкары казатта өлгөн канчалаган казак жоокерлеринин

[1] Жайнакова А. «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи (С. Каралаевдин варианты боюнча). – Фрунзе: Илим, 1982. – 64-б.

кунун төлө деп чыр чыгарат. М.Мусулманкуловдо Семетей чоролору менен аң уулоого чыгат, Семетейдин аткан аркар, кийигин Үмөтөйдүн жигиттери илип кетет. Жигиттердин артынан кууп барган Семетей кийиктин ордуна бирөөнүн олжосуна бекер ээ болгон тартипсиздиги үчүн Үмөтөйдүн колуктусу Чачыкейди эжеси менен кошо тартып кетет. М.Мусулманкуловдун вариантында бул эки баатырдын мамилеси ушуну менен токтойт жана эпостун аягында Үмөтөй өз ыктыяры менен Семетейге кошулуп, Коңурбайдан кун куу жүрүшүнө катышат.

Негизги салттуу сюжеттик өзөктүн андан аркы өнүгүшүндө баатырдык үйлөнүү мотиви – Семетей менен Айчүрөктүн издешип табышуусу турат. С.Каралаевдин вариантында Айчүрөк Семетейдин төрөлө элегинде ата-энелер тарабынан эки элдин ортосундагы ынтымакты, союздаштыкты, достукту бекемдөө максатында кудаланган кыз. Ал эми Чачыкей болсо Толтойдун кудаланган кызы. Өзүнүн ала турган колуктусун Семетейге тарттырып жибергендигине ызаланган Толтой, Семетейдин кудалашкан кызы Айчүрөктү доого кармап Акундун шаарын камайт. Толтойду Семетейге каршы Чынкожо көкүтөт. Ошентип, Чачыкей менен Айчүрөк Чынкожо, Толтой жана Семетейдин ортосундагы конфликттин чыгышына өбөлгө болот. Б.Сазановдун вариантында Семетейдин эрдигин, анын башкаруусун тааныгысы келбеген Чынкожо Толтой менен союздаш болуп Айчүрөккө өзү үйлөнмөкчү болот. М.Мусулманкуловдун вариантында да Семетей менен Чынкожонун ортосундагы карама-каршылыктын чыгышы жана аякталышы Б.Сазановдун вариантына окшош. Карапайым калкка адамгерчиликсиз мамиле кылган Чынкожону Семетей тартипке чакырып,

анын элин да өз башкаруусуна алат. Чынкожонун ичи күйүп Семетейден өч алууну пландайт. Толтой менен биргеликте Акундун элин камап, Семетейдин колуктусу Айчүрөктү аялдыкка алмак болот. Толтой менен Чынкожонун максаты орундалбай Семетейдин чоролору тарабынан кордук көрүп өлүшү аталган манасчылардын варианттарында бирдей айтылат.

«Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшү» эпостун лиро-романтикалуу сюжеттик окуясы манасчы, семетейчилердин репертуарындагы дайыма аткарылып, поэтикалык жактан жогорку көркөмдүккө көтөрүлгөн көлөмдүү эпизод болуп эсептелет. Кыздын канаттуу куш кейпинде жигитти, тактап айтканда өзүнүн болочок жарын издеп келиши түрк-монгол фольклорунда кеңири кездешкен мотивдерден. Кыздын кубулуп, кандайдыр бир кушка (жаныбарга) айланышы байыркы тотемдик ишенимдин калдыгы экендиги анык. «Она – царевна-лебедь, по желанию может облекаться в лебединые одежды и оборачиваться лебедью. Дева-лебедь – сказочно мифологический образ, восходящий к пережиткам представлений периода тотемизма и хорошо известный фольклору всех народов, в частности – тюркскому эпосу, народным преданиям и сказкам»[1].

Акшумкарын жоготкон Семетей Айчүрөктүн артынан аттанат. Негизги каармандын кудалашып койгон кызды издеп жолго чыгышы түрк элдеринин баатырдык эпосторунда кездешкен типтүү эпизоддордон. Мисалы, «Алпамыш» эпосунун өзбек элинде айтылган версиясында мастан кемпир Сурхаилдин жети уулу

---

[1] Жирмунский В.М. Предисловие / В.М. Жирмунский // «Манас» кирг. героич. эпос. – Бишкек: АО Учкун, 1999. – 32-б.

Байсарынын ордосун камаганда Алпамыш канаттуу тулпар Байчибарды минип колуктусун куткаруу үчүн жолго чыгат.

М.Мусулманкуловдун вариантында баатырлардын Үргөнч дайрасын кечип өткөнүн баяндаган сюжеттик окуяда Семетейдин Айчүрөктү көрсөм деп ак эткенден так эткени, туйлаган ички сезимдери каармандардын диалогдору аркылуу берилет. Күлчоро Семетейдин Тайбуурулун минип, Үргөнчтү кечип, Айчүрөк тарапка «чалгынга» кетет. Күтүп отуруп тажаган Семетей сабырсызданып Канчорону ээрчитип Күлчоронун артынан жөнөйт. Окуяда өзгөчө пейзаждык сүрөттөө: дарыянын таштан-ташка урунуп, кишини минген аты менен бирге агызып кетчүдөй болуп албууттанып акканы жана Семетей менен Канчоронун ит балдак уруп жатып, сенделип, Тайбуурул чыккан жерден тай чабым төмөндөн араң чыгышканы баяндалат. «Семетейдин Үргөнчтү кечип өтүшүндө» окумуштуу Н.Нарынбаеванын изилдөөлөрүнө таянсак «суу жылкысы культунун калдыктары байкалат. Мифологиядагы суу башка дүйнөгө өтүүнүн символ-белгиси эсептелинет. Суу арбактар жандарды алып өтүүчү мейкиндик болуу менен, мындайда баатырдын минип жүргөн тулпарлары жардам берет»[1]. Тайбуурулду Күлчоро минип кеткенине байланыштуу башка атты минген Семетей Үргөнч дарыясынан өлдүм-талдым дегенде араң чыгат. Жогоруда Н.Нарынбаеванын аныктамасына ылайык Семетей Тайбуурулду минип өтпөсө да суудан аман чыккандыгы анын аркы өйүздөгү Тайбуурулдун тирүүлүгү жана ээсинин амандыгын

[1] Нарынбаева Н.О. Кыргыздын эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы: филол. илим. д-ру дис. автореф. – Бишкек, 2018. – 15-б.

тилеген магиялык тартылуу күчүнүн касиетине байланыштуу болушу ыктымал.

Мезгил, табият, дарыя жана Семетейдин ички сезимдери жуурулушуп пейзаждык параллелдүүлүктү жаратат. Мындай пейзаждык параллелдүүлүк Манастын Алтайдан Ала-Тоого жана Семетейдин Кырымдан Таласка келишинде да айтылат. Ата мекендин жаратылышынын ажайып кооздугу жогорку пафосто сүрөттөлүп, табияттын коюн-колтугундагы анын сулуулугун арттырып турган шаркырап аккан тунук суулар, жылжыган булактар, түрдүү өсүмдүктөр менен жаныбарлары да эли-жеринин жытын, топурагын эңсеп, толкундап келе жаткан баатырлардын патриоттук сезимдерине угут сээп, моралдык дем-күч берет.

Чынкожо менен Толтой Акундун шаарын камап, Айчүрөктү сураганда кыздын кайындап койгон жери бар экенин айтып Акун кан караманча каршы чыгат. Акундун иниси Түмөнбай Чынкожого токсон окшош кара ат, миңдеп кой, тогуздап мал, нарга жүктөп зар алып кел деп Чынкожонун алы жетпей турган калыңын айтып жолго салат. М.Мусулманкуловдун вариантындагы кызды бербештин амалын кылган бул сюжеттик окуя С.Орозбаковдун вариантындагы Каныкейди Манаска бергиси келбеген Темиркандын амалына үндөшөт. Ошондой эле, М.Мусулманкуловдо «Көкөтөйдүн ашында» кырк чоронун конок талашып, Үрбү менен Ырчы уулга конок жетпей калып ыза болушу С.Орозбаковдун вариантындагы жети кандын окуясында конок талашкан кырк чоронун окуясына окшош баяндалат. М.Мусулманкулов бул сюжеттик окуяны баяндоо ыкмасын С.Орозбаковдон таасирленип айтышы мүмкүн.

М.Мусулманкуловдун вариантында «Көкөтөйдүн ашы» деген чоң эпизод «Семетейде» Багыштын уулу Толтойдун эскерүүсүндө берилет. С.Орозбаковдо «Манаста», ал эми С.Каралаев, Тоголок Молдо жана Б.Сазановдун вариантында Көкөтөйдүн ашы «Семетейде» айтылат. Кээ бир манасчылардын варианттарында «Көкөтөйдүн ашында» болуп өткөн окуялар Чоң казаттын чыгышына себеп болгону гана болбосо, негизинен Семетейдин ошол аштагы Кошойдун батасынан төрөлгөндүгүн эскерүү менен бул эпизоддун «Семетей» бөлүгүндө айтылышы керек деген принципте турушкан. Биздин пикирибизче «Көкөтөйдүн ашы» эпостун ирээттүү сюжеттик өнүгүшү боюнча «Семетей» эпосунда эскерүү түрүндө эмес, «Манаста», тактап айтканда, С.Орозбаковдун стилинде берилгени жалпы окурмандарга түшүнүктүү жана таасирдүү болор эле.

М.Мусулманкулов эпосто «жайчы», «күндү жайлап» деген түшүнүктү көбүрөөк пайдаланган:

Ысык болуп кетет деп,
Жайчыга күндү жайлатып[1].

«Жайчы – жайташтын магиялык күчү менен аба ырайын өзгөртүп жиберүү кудуретине ээ киши»[2]. Аба ырайын өзгөртүү негизинен согуш учурунда душмандарга каршы колдонулган атайын согуштук ыкма болуп, ар кандай тоскоолдуктардан өтүүдө коопсуздук катары жайчылар тарабынан аткарылган. Жайчылык өнөр, жайчылык кесипти аркалагандар болгондугу

[1] Семетей, Сейтек. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 294-б.

[2] Манас энциклопедиясы. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред., 1995. – 1-том. – 195-б.

тууралуу «Манас» эпосунда эле эмес, дүйнө элинин фольклорунда да кездешет. Карело-фин элдеринин «Калеваласында» башкы каарман Вяйнямёйнен менен Лоухи сыйкырчынын ортосундагы согушта Вяйня жайчылык өнөрү менен дубалап асманда булуттарды айдап, бороон-чапкын, шамалды пайда кылып, душмандарынын айласын кетирет. «Манас» үчилтигинде Кошой, Алмамбет ж.б. сыяктуу негизги каармандардын образдарында жайчылык касиеттери бар. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында согуш учурунда эле эмес, жай турмушта да күндү жайлап, абаны каалаган учурда ысытып, сууктатышканы тууралуу фетиштик жана магиялык элементтерди сактаган саптар көп кездешет. Мусулманкуловдун каармандары көңүлү эңсеген учурда жаратылыш менен өтө тыгыз байланышка кире алышат. Мунун себеби байыркы бир мезгилдердеги жаратылыштын адамдын эркине баш ийдирилгенин жана анын керемет сырларын үйрөнүү кызыкчылыгы менен тыгыз байланышат.

Эпостогу негизги маанилүү сюжеттик сызыктын уланышында Баатырдык үйлөнүүдөн кийин негизги каармандын атасынын кунун куушу саналат. Бул эпизод М.Мусулманкуловдун айтуусунда да башка варианттардагыдай эле Семетейдин атасын өлтүргөндөрдөн өч алышы милдеттүү деген туруктуу салттуулукка таянат.

Намыс үчүн Семетей
Чымындай жандан кечемин.
Атамды кытай өлтүрүп,
Кантип өлбөй жүрөмүн.
...Кан болсом алаш калкыма,

Атамдын кунун куубасам,
Семетей атка кономбу!?[1].

Ата-бабадан калган кекти алуу Семетей үчүн эле эмес, жалпы «Манас» эпосунун бардык бөлүктөрүнүн негизги идеяларынын бири болуп эсептелет. Ошондуктан Семетей да төрөлгөндөн атасыз жетим калып, эли-журтунан ажырап, бүтүндөй бир мамлекеттин чабылып-чачылышына алып келген эпикалык душмандардан өч алуу үчүн өзүн милдеттүү деп сезет. Учурунда атасы да эл башына азап-тозок алып келген сырткы баскынчыларга каршы күрөшүү сыяктуу чоң жүктү аркалап келген. Бирок Манас Бээжинге аттанып жатканда анын артында калдайган калың журт, түмөндөгөн аскер курамы турган, алар атайын даярдык менен бул улуу сапарга аттанган. Ал эми «Семетейде» доордун алмашышы менен коомдук кырдаал жана ички уруулук бытырандылык, жөлөк-таяк деп эсептеген бир туугандары Абыке, Көбөш жана кырк чоро менен болгон чатакташуулар сыяктуу тоскоолдуктардын натыйжасында Манаска салыштырмалуу Семетей чак баштуу аскери менен Коңурбайга каршы аттанат. С.Каралаевдин вариантында Семетей эки чоросу жана саналуу гана аскери менен жоого аттанса, Тоголок Молдонун вариантында Семетей Манастын чоролорунун балдары – жыйырмадай чоросу менен жолго чыгат. Ал эми жогорудагы варианттарга салыштырмалуу М.Мусулманкуловдун вариантында негизги каарман көп аскер менен согушка кирип, кадимкидей чоң согуштун картинасы сүрөттөлөт. Бул вариантта Семетейге өз ыктыяры менен Бакай он миң аскер, Кырымдын каны

[1] Семетей, Сейтек. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 361-б.

Темиркан жети миң, Букардын каны Шаамурат беш миң, Жамгырчы он миң, бараңдын каны Балтаман жети миң, Урумдун каны Сейдалы жана Көкчөнүн уулу Үмөтөйлөр ар бири он эки миң аскери менен жана кара жаак эр Үрбү да келип кошулат. Бирок ошондой болсо да согуштагы эң негизги жүктү Семетей жана анын чоролорунун көтөргөндүгү окуянын жүрүшүндө айтылат. Семетейдин атанын кунун кууп, өч алышынын жеңиш менен аякталышы негизги каармандын Манастан кем эмес баатырдык, эр жүрөктүүлүк, тайманбастык сапаттарга ээ экендигин идеализациялайт.

«Семетей» эпосундагы салттуу трагедиялуу эпизод же болбосо эпостун кульминациялык чеги – бул, жалпы элдин карманган туткасы болгон негизги каармандын аянычтуу өлүмү. Баатырдын сырткы душмандын колунан эмес, котур ташы койнунда, көрө албас ички душмандардын, керек болсо эмчектеш бир тууганым деп эсептеп, ага терең ишеним артып жүргөн Канчоронун куулугу менен колго түшүп өлүшү эпостун жан кейитерлик жыйынтыкталышына себеп болот. М.Мусулманкуловдун вариантында Семетейдин ак олпоксуз куш салууга чыгышы сюжеттик окуянын андан ары өрчүшүндө негизги жардамчы көркөм элементтик милдетти көтөрөт. Ошондуктан Канчоро Семетейдин ак олпогун кийгизбей туруп куш салууга алып чыгам деген планын Кыяска кат аркылуу билдирет:

Ак олпогун кийгизбей,
Шаштырган бойдон жүрөмүн.
Мен бөктөрүнүп алам деп,
Семетей менен чорону
Ылдамыраак сүрөмүн.

Бөктөрүнүп олпокту
Аркасынан жүрөмүн[1].

Манасчы вариантында негизги Баатырдын кийген кийими ак олпокко өзгөчө басым жасап, Баатырдын жаны башка бир нерседе сакталышы тууралуу мотивди колдонот. Семетейдин ак олпогун кийбестен тагыраак айтканда өз жанын кароосуз калтырып Ала-Көлгө барышы анын алсызданып өлүмгө жакын калгандыгын түшүндүрөт. Ал эми С.Каралаевдин вариантында Семетейдин минген аты Тайбуурул менен ак олпок бөлөсү Үмөтөйдүн кунуна кетет. Жыйынтыгында Семетей атсыз, тонсуз калып өлүмгө дуушар болот. С.Каралаевде негизги каармандын баатырдык күчүнө күч кошуп турган минген атынан айрылгандыгына басым жасалып, ушул себептен душман колдуу болгондугу айтылат. Ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында баатырдын минген атына эмес, анын кийген кийимине – ак олпокко көңүл бурулат. Варианттардын ортосундагы ушундай айрым майда деталдык өзгөчөлүктөрү гана болбосо, негизинен эпостун жыйынтыкталышы бирдей. Семетейдин атсыз, тонсуз калган абалынан пайдаланып, эмчектеш бир туугандыкты кайра өзүнө каршы курал катары колдонгон Канчоронун суук колу кайрадан түптөлгөн бир мамлекеттин кулап түшүшүнө себеп болуп, жалпы элдик мүдөөдөн да жеке кызыкчылыктын жогору коюлганы көркөм чагылдырылат.

Эпикалык чыгармаларда элдик Баатыр канчалык акылдуу, күчтүү болсо да анын душмандары андан амалдуулугу менен артык турары баяндалат. Негизги каармандын өлүмүн, душмандын тузагына түшүп бир

[1] Жогорудагы китеп, 406-б.

кырсыкка учурарын же туура эмес жолдо бара жатканын билдирген кабар алдын ала Баатырдын эң жакын адамдарынын түшү аркылуу символикалуу түрдө берилет. «Адам баласынын аң-сезиминин (мифологиялык аң-сезимдин) өсүү баскычынын эң эртеги баскычында: алгачкы аңгемелерде жана ырларда түш көрүү жөнүндөгү көркөмдөлгөн, терең символдук маани калыптана баштаган»[1]. Семетейдин өлүмгө жакын калгандыгын Айчүрөк түш көрүп билет. «Аян түштүн дагы бир түрү боло турган жамандыктын кабарчысы, каармандын башына кыйын иш түшөрдө көргөн түшү көркөмдөлүп баяндалат. Жеңилээр алдындагы аян түш десе дагы болор эле»[2]. Бирок кандай гана турмуштук-социалдык, баатырдык чыгармалар болбосун негизги каармандардын дээрлик көпчүлүгү ага карата айтылган аяндуу түштөргө ишенип, баш ийип отуруп калбайт. Мисалы, С.Каралаевдин вариантында Манас Бээжинде кан болуп турганда Каныкейдин; М.Мусулманкуловдун вариантында Төштүк баштаган жети кан Манаска каршы аттанардын алдында Кенжекенин; кенже эпостордон «Кожожашта» мергендин аскада камалып каларын билдирген Зулайканын көргөн аян түштөрү белгилүү. Бирок бир да Баатыр аялдын сөзүн угуп көздөгөн багытынан артка кайткан эмес. Бул, мифтик ишенимдин солгундап, реалдуулукка өткөн жана энелик доордун жумшарып, аталык доордун өз өкүмүн сүрдүрүп, күчүнө кире баштаган мезгилдин мүнөзүнөн кабар берет.

Баатырдык эпикалык чыгармаларда негизги каармандын душмандары (көбүнчө ички душмандар) ага

---

[1] Нарынбаева Н.О. Кыргыздын эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. – Бишкек, 2018. – 25-б.

[2] Жогорудагы эмгек, 26-б.

бетме-бет келип, жекеме жеке каршы чыгып, баатырларча согушуп жеңе албасын билишет. Ошондуктан аны алдап, элден обочо сыртка талаага, сейилге же ууга (аңчылыкка) алып чыгып өлтүрүү кеңири кездешкен сюжеттердин бири. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаныш, Байыш» эпосунда да ушундай сюжеттик сызык айтылат. Мусулманкуловдун вариантында эр жүрөк Жаныш менен Байышты колго түшүрө албаган Желмаян баатырларды алдап Ала-Көлгө куш салып, эс алууга ээрчитип келип душмандын торуна түшүрөт. Дүйнөлүк эпикалык чыгармаларда мисалы, герман элинде айтылган «Нибелунгдар жөнүндө ырда» атактуу Зигфриддин баатырдык иштерине көрө албастык мамиле кылган эң жакын ишенген адамы Гунтер жана анын жан-жөкөрү Хаген амалкөйлүк менен Зигфридди алдап, токойго аң уулоого ээрчитип барып, далысына найза менен сайып өлтүрөт[1]. «Семетей» эпосунда да Канчоро атсыз, тонсуз Семетейди алдап, С.Каралаевдин вариантында Манастын күмбөзүнө куран окутуп келебиз деп, ал эми М.Мусулманкуловдун айтуусунда куш салабыз деп алып чыгып өлүмгө түртөт. Семетейдин өлүгүн издеп учуп чыккан Айчүрөк таппай кайтат, демек М.Мусулманкуловдун вариантында да Семетейдин кайып болуп кетиши туруктуу салттуулукта айтылган. Ал эми Тоголок Молдонун вариантында Күлүс (Күлчоро) Семетейдин сөөгүн Кең-Колдун башындагы шайыктар турган үңкүрлүү мазарга алып барып коёт. Ал эми Айчүрөктүн алты айлык боюнда бар болгону үчүн Семетейди издеп уча албай турганын айтат. Ошентип, Семетейдин өлүмүнө сырттагы душмандар

---

[1] Песнь о нибелунгах. Б-ка всемир. лит. Сер. 1. – М.: Худ. лит., 1975. – Т. 9. – 462-б.

эмес, өз жакындарынын себепкер болушу эпостун трагедиялуулугун дагы да тереңдетет.

Баатырдык эпостордо негизги каармандын душман колдуу болуп өлүшү окуянын жакшылык менен аякталышын көздөгөн элдин көз карашында чыгарманын кийинки бөлүктөрүнүн жаралышын талап кылат. Мына ушундай зарылдыктан улам эпостун үчүнчү бөлүгү «Сейтек» уланат. «Сейтек» эпосу М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун аягында кыска гана кошумчаланган. Башкача айтканда Сейтек Семетейдин коргоочусуз калып, кара башынын жыргалчылыгын, байлык, бийликти гана самаган ички баскынчы душмандардын кысымынан бөлүнүп-жарылган элди кайра бириктирүү, азаттыкка алып чыгуучулук кызматты аткарат. Семетейдин өлүмүнөн кийин кулга айланып азап тартып кыйналган калктын көйгөйүн чечүүчү, элге бакубат турмуш алып келүүчү негизги баатырга муктаждык бар эле. М.Мусулманкулов ушундан улам «Семетейдин» трагедиялуу өлүмүнүн аягына Сейтектин төрөлүшү жана анын атасын тартып эр жетип, кайрадан эли-журтуна эркиндик, кубанычтуу жашоо алып келгенин кошуп айтуу менен «Сейтекти» «Семетейдин» жыйынтыгында чыгармага эпилог катары айткан. «Семетей» эпосунун аягы Сейтектин төрөлүшү жана анын аталары өңдүү эр жетип, баатыр чыгышы, Кыяс менен Канчорону өлтүрүп, Семетейдин өлүмү үчүн өч алышы, элге жайчылык, ынтымак алып келгендигин баяндаган эпилог менен жыйынтыкталат. Баатырдын артында анын бүтүрбөй калган эрдиктерин аткаруучу, аны өлтүргөн душмандардан кек алуучу тукум калтырып кетиши эпикалык чыгармалардагы салттуу мотивдердин бири.

Эпостун негизги каарманы Семетейдин образы, чабылып-чачылган элди, өз ара касташкан урууларды чогултуп, ынтымакка чакырып, ич ара душмандашпай сырткы душмандарга каршы күч топтоого үндөп, Манастын ишин түздөн-түз улантуучулук милдетти аткарат. М.Мусулманкуловдун вариантында да Семетейдин портрети атасынын идеясын улантуучу катары Манастан кем эмес деп сүрөттөлөт:

Арыстандай сүрү бар,
Ажыдаардай түрү бар[1].
Кылган иши оң болуп,
Кыраандын уулу Семетей
Атасынан зор болуп [ММВ, 358-б.].

Карапайым элдин чоң ишеним менен жылдап күткөн каарманы атадан кем эмес, артык болуп жаралышы зарыл эле. М.Мусулманкулов да ушул салттуулукта Семетейдин сырткы көрүнүш турпатын жана анын баатырдык мүнөзүн төмөндөгүдөй сүрөттөйт:

Жолборстой болуп комдонуп,
Жолуң каткыр оңдонуп [ММВ, 87-б.]
Ажыдаардай түрдөнүп,
Ач күсөндөй өңдөнүп [ММВ, 94-б.]
Өйүз жагын карасаң,
Кырк карышкыр кабышат [ММВ, 95-б.].

---

[1] Семетей, Сейтек. М.Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 374-б. Мындан аркы «Семетейден» алынган шилтемелер бир гана Молдобасан Мусулманкуловдун вариантына тиешелүү болгондуктан ыр сабынын аягында ММВ деген кыскартылган түрдө берилип, китептин бети гана көрсөтүлөт.

Качырганы жолборстой,
Жакшы сөзү жолдоштой,
Бир уктаса ойгонбойт,
Миң кишидей деми бар, [ММВ, 96-б.].

Семетей да атасы Манастай кабылан, жолборс, бөрү жана ажыдаардай түрдөнүп, анын душманга каршы тайманбастыгы, көздөгөнүн качырбас айбаты жүзүнө чыгып, генеалогиялык циклизациянын эрежелерине ылайык балага атасынан өткөн сапаттар көрком салыштыруулар, эпитеттер менен сүрөттөлөт. Манасчы Семетейди жырткыч тотемдик жаныбарлардай эпикалык сүрдүүлүккө эгедер каарман катары сүрөттөө менен бирге дүйнөлүк эпикалык чыгармалардагы каармандарга мүнөздүү болгон баатырдын алп уйкусун, кенебестик, энөөлүк сапаттарын да баса белгилейт. Негизги каарман «арыстан», «жолборс», «кабылан», «эр, шер» деген эпитеттер менен берилет. Ошондой эле, негизги каарманга элдин ишенимин актоо, эл кызыкчылыгы үчүн күрөшүү, адилет башкаруу, сөзгө бек туруу, эр жүрөктүүлүк жана тайманбастык сыяктуу туруктуу баатырдык мүнөз-сапаттар таандык. Семетейде да Манастыкындай эпикалык сүр бар жана кырк чилтен, тотемдик жаныбарлардын колдоосуна ээ. Мисалы ал Коңурбайга каршы аттанып жатканда Манастын бардык колдоочулары келип Семетейдин көзүнө көрүнөт:

Семетей атка мингенде
Колдоочусу сур кайып,
Аскер түрдүү бөлүндү.
Манастан калган колдоочу
Бири калбай көрүндү.

Ошолорду көргөндө,
Манастын уулу Семетей
Ойлонбоду өлүмдү [ММВ, 362-б.].

Семетейдин сүрдүүлүгү Коңурбайды баш кылып бүтүн кытайдын акыл-эсинен ажыратат.

Салттуу варианттарда Күлчоро Алмамбеттин уулу, ал эми М.Мусулманкуловдун вариантында кээ бир саптарда Мажиктин уулу, кээде Алмамбеттин уулу деп айтылат. Күлчоро Семетейдин Акшумкарын издеп Айчүрөккө барганда өзүн Мажиктин уулумун, чоң атам Алмамбет деп тааныштырат. Башка бир окуяда Алмамбеттин уулумун деп да айтат. Күлчоронун бирде Мажиктин, бирде Алмамбеттин уулу деп берилишинин себебин төмөнкүчө түшүндүрүүгө болот. С.Каралаевдин вариантында Чоң казатта Алмамбет өлүп калсам алган жарым Аруукени Мажикке нике кыйып кой деп Манаска керээз айтат. М.Мусулманкулов эпостун салттуу окуяларын жакшы билген манасчы катары Алмамбеттин бул керээзинен кабардар болуп, бирок өзү айткан вариантында эскербей калышы мүмкүн. Ошол себептүү бирде Мажиктин, бирде Алмамбеттин уулу деп айтылып калгандыр. Ошентсе да бул саптар Күлчоронун баатырдык облигине көлөкө түшүрө албайт. Себеби Күлчоро да Семетейден ашса ашып, андан кем калышпаган чыныгы баатырдык сапаттарга ээ каарман. Анын баатырдык образын чагылдырган эпизоддор өзгөчө Толтой менен согушкан сюжетте даана көрүнөт:

Буудан чоро кырданып,
Ажыдаардай сурданып,
...Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай.

Тегерете карабай,
Теги жанын аябай.
Калбыр өпкө, жез канат,
Кайран чоро азамат [ММВ, 212-б.].

Күлчоро да атасы Алмамбет сыяктуу достук ишенимди актаган, ак дилден адал кызмат өтөгөн, адилеттүүлүк үчүн кара жанын аябаган эр жүрөк, баатыр:

Чачы кара көмүрдөй,
Чыңап койгон темирдей.
Отурганы окудай,
Чоңдугу бар топудай,
Арбагы кыйын чокудай,
Жалтылдаган чачы бар,
Он экиде жашы бар,
Ээрден чыкпас башы бар,
Ач күсөндөй үнү бар,
Ажыдаардай түрү бар,
Алда кандай сүрү бар [ММВ, 212-б.].

Жогорудагы саптар чоронун сырткы портрети менен бирге анын физикалык кичинекей турпатына жана жаштыгына карабастан чоң баатырдык ал-күчкө, сүргө ээ экендигин көрсөтөт. Семетей да Манастай айкөл, ишенчээк, кечиримдүү (негизги каармандын ушундай улуу адамдык сапаттары жалпы адамзатты гумандуулукка чакырган эпостун бирден бир башкы идеяларынын бири). Анын бул мүнөзү чыккынчылык кылганына карабастан Жакыпты чоң атасы катары сыйлап, Абыке, Көбөштү бир тууган ага кылып, кырк чорону жолдош кылам деген жана өз атасынын өлүмүнө себепкер

болгон Коңурбайдын да элдешели, кеп-кеңеш куралы деген сөздөрүнө ишенип, макул болгондугунда жатат. Ал эми Күлчоро болсо так эле Алмамбет Манастан ашкан билими, жайчылыгы, сырдуулугу, оңой менен алданбаган акылы менен айырмаланган сыңары кылт дегенди аңдап, сезип турган акылдуулугу, куулугу менен Семетейден өзгөчөлөнөт. «Алдыңа келсе атаңдын кунун кеч» деген кыргыздын нускалуу сөзүндө айтылгандай Семетей да Коңурбайга жаздым болуп алданып калардa Күлчоро Коңурбайдын бул кылыгын билип, эч кимге карабай туруп кылыч менен башын кыя чабат. Күлчоро чечкиндүүлүк менен чоң иштин аягына чекит коёт.

Канчоро М.Мусулманкуловдун вариантында Чубактын уулу эмес, Камбардын уулу деп берилип, анын Күлчорого ич күйдүлүк ойлору, Семетейге наараздычылыктары, акыры жүрүп өз ичкен ашына түкүргөн чыккынчылык иштери салттуулуктун чегинде берилет. Тоголок Молдонун вариантында «Камбардын уулу Канчоро, Алмамбеттин Күлчоро» деп берилет. Варианттарда Канчоронун атасынын атында гана айырмачылык көрсөткөнү менен анын образы бирдей.

«Семетей» эпосунда негизги баатырдын күч-кубатын толуктап, барктап, багып, ага ар кандай турмуштук сыноолордо өз акыл-кеңешин билдирип, үй-бүлөлүк керек болсо жалпы элдик саясий иштерге да ыктуу аралашып Баатырга туура жол көрсөтүүгө жардамдашкан Айчүрөк сыяктуу аял каарманды да айтпай кетүүгө болбойт. Айчүрөк да Каныкейдей акылкөй, сарамжалдуулугу жана өмүрлүк жарга карамдуулугу, билгичтиги, көрөгөчтүгү, сезимталдуулугу менен үндөшкөн алдыңкы пландагы идеалдуу образга ээ. Анын Каныкейден өзгөчөлөнгөн сапаты – кубулуу жөндөмдүүлүгү. Ал ак

куу болуп учуп дүйнө жүзүн кыдырып жүрүп өзүнүн теңин табат, эли-жерин баскынчы душмандардан сактайт. М.Мусулманкулов да Айчүрөктүн образындагы ушундай реалдуу жана мифтик сапаттарын сактоо менен анын негизги каарманга татыктуу жар болгондугун ачып берет. Айчүрөктүн сырткы турпатын сүрөттөөдөгү сыпаттоолорго көңүл бурсак, өзгөчө анын аялдык сулуулугу даңазаланат:

Ап-аппак болуп кулпунуп,
Аргымактай жулкунуп,
Ак жибек көйнөк шоодурап,
Аркардай көзү жоодурап,
Жыпар жыттуу гүл бурап [ММВ, 159-б.].

Баатырдык эпостордо негизги каармандын карама-каршысында турган эпикалык душмандардын да белгилүү бир деңгээлде татыктуу баатырдык күчкө ээ экендиги сүрөттөлөт. Ушундай күчтүү жоого тең келип, аны жеңиши негизги каармандын образын идеалдаштырат. Ушул эпикалык туруктуулук М.Мусулманкуловдун варианттарында да сакталып, сырткы душмандар Коңурбай, Жолой, Нескара сыяктуу баатырлардын образдарын сүрөттөөлөрдө байкалат. Мисалы, Коңурбай «Манаста» да «Семетейде» да эң негизги күчтүү душман болуп саналат. Коңурбайдын образын манасчы карыса да айбатынан, эрдигинен жанбаган баатырдын түрүн көз алдыга элестүү тартат:

Эр Коңурбай үрпүйүп,
Ажыдаардай түрлөнүп,
Алгаранын үстүндө
Коңурбай баатыр күүлөнүп [ММВ, 378-б.].

Коңурбайдын «Манастагы» алсырап, жеңилип бара жатканда ар дайыма качып калмай же мал-мүлк, ар кандай зер белектерди берип жан соога сурамай адаты «Семетейде» да кайталанып, анын куулук, амалкөйлүк сапаттары ачылат:

Алтымыш күлүк ат алып,
Тил кат жазып кат алып,
Кан Семетей алдына
Тартуу кылып келишип, [ММВ, 377-б.].

М.Мусулманкуловдун вариантында эпостогу сүрөттөлүп жаткан окуянын көркөмдүүлүгүн арттырып, бышыктап же анын дидактикалык маанисин жогорулатып турган терең философияга сугарылган күчтүү сөз тизмектери же болбосо макал-лакаптар да көп кездешет. Мисалы:

Өз агасын кордосо,
Ар кимди барып сагалаар,
Экөөбүз туруп урушсак
Бөлөк бизди табалаар [ММВ, 77-б].
Билеги күчтүү бирди атат,
Билеселүү миңди атат. [ММВ, 77-б].
Жакшылыкка жакшылык
Ар кишинин колунан,
Жамандыкка жакшылык
Эр кишинин колунан [ММВ, 100-б.] ж.б.

Корутундулаганда, манасчы «Семетейдин» салттуулугун коргоо менен бирге эпосту жеке жаратуучулук өнөрканасына сиңирип, айтуучулук чеберчилигине жараша импровизациялап чыккан. Ал Баатырдык

үйлөнүү мотивин тактап айтканда Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшүн өзгөчө берилүү менен айтканы эпостун тексттериндеги эпико-романтикалуу саптардын даңазалангандыгынан байкалат (Манасчы тууралуу эскерүүлөрдө да анын сүйүүнү көп ырдаган, махабатты барктаган инсан болгондугу жогоруда айтылып өттү). Жалпысынан, М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Семетей» эпосун төмөндөгүдөй жыйынтыктоого болот: 1) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосунда негизги салттуу өзөктүк окуялар толук сакталган. Семетейдин сырткы эпикалык душмандарга каршы согушуна караганда ички уруулук чыр-чатактарга каршы күрөшү басымдуулук кылат; 2) «Көкөтөйдүн ашы» деген көлөмдүү эпизоддун «Манаста» эмес, «Семетейде» бир каармандын эскерүүсүндө берилиши жагынан М.Мусулманкуловдун окуяны баяндоо стили С.Каралаев жана Б.Сазановдун вариантарына үндөшөт; 3) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосунда С.Каралаевдин вариантына салыштырмалуу мифологиялык көөнө ишенимдер аз кездешет; 4) Семетейдин Үмөтөйгө кун төлөгөнү тууралуу айтылган сюжеттик окуя бул вариантта кездешпейт; 5) Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшү баатырдыкты даңазалоо менен бирге жогорку көркөмдүктөгү ашыктык окуясы салттуулуктун деңгээлинде лиро-романтикалуу баяндалып, ал эми Семетейдин өлүмү тактап айтканда элдик баатырдын кайып болуп кетиши салттуу өзөккө баш иет.

М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Семетей» эпосу идеялык-тематикалык көтөргөн жүгүнүн салмактуулугу менен башка көлөмдүү варианттардын катарына кошулууга толук укуктуу. Манасчынын айтуусундагы башка эпикалык чыгармаларга салыштырмалуу

«Семетейде» көөнө салттуу сюжеттик мотивдердин дээрлик аз кездешиши манасчынын чыгарманы өзү жашаган доорго, реалдуулукка көбүрөөк жакындаштырып жибергенин түшүндүрөт. Бирок ошондой болсо да манасчы «Семетейдеги» негизги сюжеттик өзөктү байыркы тамырынан таптакыр жулуп алган эмес. Ал эпостун эң негизги деп эсептелген окуяларынын тизмегин өздөштүрүп, аны өзүнүн чыгармачылык дараметине жараша кайрадан иштеп чыккан. Бул аракет манасчынын эпикалык чыгарманы сактоо, өнүктүрүү жана жайылтууга кошкон жеке салымы катары жогору бааланат.

## КОРУТУНДУ

М.Мусулманкуловдун чыгармачылык казынасында кичи көлөмдөгү лирикалык ырлардан баштап, чоң көлөмдөгү эпикалык зор чыгармаларга чейинки түрдүү жанрдагы руханий мурас бар. Анын чыгармачылыгынын ойгонуп, өнүгүшүнө эл оозунда айтылып келген «Манас» сыяктуу улуу жомоктор таасир эткен болсо, чоң манасчы катары калыптанышына элдик оозеки чыгармачылыктын майда жанрлары жана кенже эпосторду айтуу тажрыйбасы өбөлгө болгон. Ушундай ар тармактуу чыгармачыл инсандын акындык өнөрүн акындар чыгармачылыгынын объектисинде, эпос айтуучулук дараметин эпикалык чыгармаларды изилдөөнүн салттуулугунун чегинде теория менен практиканы айкалыштыруунун негизинде талдап келип, төмөндөгүдөй бир катар илимий тыянактар чыгарылды:

1. «Манас» эпосу илимдин көптөгөн тармактарында алсак, социалдык-гуманитардык багыттагы фольклористика, көркөм адабият, тарых, философия, педагогика ж.б. табигый жана так илимдердин изилдөө объектиси жана предмети болуп келет. Кыргыз фольклористикасында «Манас» таануу илими чет элдик эпикалык чыгармалар менен байланыштырылып изилдenүүчү өзгөчө чоң бир илимий салаага айланды. «Манастын» Кыргызстандын чегинен ашып, дүйнөлүк эпикалык чыгармалардын алкагында изилденишине салым кошкон окумуштуулар: Ч.Валиханов,

К.Мифтаков, К.Рахматуллин, М.Ауэзов, В.Жирмунский, Р.Кыдырбаева, А.Жайнакова, Р.Сарыпбеков, С.Мусаев, К.Кырбашев, М.Мамыров, Ж.Орозобекова, Н.Нарынбаева, Г.Жамгырчиева ж.б., ошондой эле, жалпы эпикалык чыгармачылыктын теориясына арналган: Е.Мелетинский, А.Веселовский, В.Пропп, Б.Путилов ж.б. окумуштуулардын эмгектери изилдөөнүн методологиялык негизин түздү. 1952-жылы «Манас» боюнча бүткүл союздук илимий конференцияда М.Мусулманкуловдун варианты да панисламдык жана пантүркисттик идеяларга бай деген корутунду чыгарылып, советтик идеологиянын чен-өлчөмүндө бир жактуу бааланып келгени бул теманын бүгүнкү күндүн талаптары менен изилденүүгө муктаж экендиги белгилүү болду. Тема боюнча бизге чейин да жогорудагы окумуштуулардын изилдөөлөрүндө маселенин айрым гана бөлүктөрү колго алынганы болбосо М.Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылыгынын системалуу изилденбей келгени аныкталды.

2. М.Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптаныш тарыхына илимий анализ жүргүзүлүп, анын өмүр таржымалына тиешелүү бардык жазуу жана оозеки түрүндөгү материалдар жыйналып, темага байланыштуу айтуучунун манасчылыгына тийгизген түз жана кыйыр таасирлерди аныктоого аракет жасалды. Манасчынын бул улуу жомокту айтып калышына себеп болгон тарыхый шарт, устат, шакирт маселеси жана башка рухий өбөлгөлөр аныкталып, автордун жеке илимий табылгалары далилдүү окумуштуулардын илимий теориялык пикирлери менен бекемделди. Жыйынтыгында, Молдобасан Мусулманкулов айтуучулук өнөрдү алгач агасы Калыгулдан үйрөнгөн, андан соң Тоголок Молдо

жана С.Орозбаковдон таасирленген; С.Каралаев менен чыгармачылык тажрыйба алмашып, импровизаторлук чеберчилигин өркүндөткөн; Тянь-Шань аймагынан чыккан Тыныбектин мектебинин ири өкүлү деген корутунду чыгарылды.

3. М.Мусулманкуловдун ырчылык өнөрү тактап айтканда авторго таандык жарыяланган фольклордук майда жанрдагы лирикалык ырларынын идеялык-көркөмдүк мааниси такталып, тематикалык жактан классификациялоо иши аткарылды. М.Мусулманкуловдун ыр жыйнагындагы чыгармаларынын ар бирин көздөн өткөрүп, өзгөчө жаш муундарды мекенчилдикке, эмгекке, жаратылышты сүйүүгө, коргоого үндөгөн ырлары аркылуу манасчынын жан дүйнөсүн, көз карашын, чыгармачылыкка болгон мамилесин ачып берүүгө аракет жасалды. Анын «Көрк», «Болобу» деген термелери акындар чыгармачылыгындагы туруктуу поэтикалык формулалардын жардамында жазылганы Т.Сатылгановдун чыгармалары менен салыштырылып талдоого алынды. М.Мусулманкулов акындык поэзиянын түбөлүктүү ашыктык, өмүр, өлүм жана табият темаларына көбүрөөк кайрылган жана өзү жашаган доордун элесин заман талабына ылайык жазган арноо, эл-жер, мекен темасындагы ырларында чагылдырып берген. М.Мусулманкуловдун ырларында салттуу эпикалык поэзиянын үлгүсү элдик лирикалык жанр менен айкалышып турат. Ал эпикалык поэзиянын үлгүсүндө элдик лирикалык ашыктык, өмүр, өлүм, жаратылыш ж.б. ар кыл темада жамактатып ырдаган төкмө акын.

4. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Жаңыл Мырза», «Жаныш, Байыш» жана «Курманбек» эпосторундагы

салттуулук жана сюжеттик айырмачылыктар так көрсөтүлүп, мотивдердин пайдаланылышы фольклористтер: Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, Ж.Суванбеков, А.Жайнакова, М.Мукасов, Ж.Абдырасулова ж.б. илимий пикирлери менен далилденди. Изилдөөнүн жыйынтыгында М.Мусулманкуловдун айтуусундагы нускаларда байыркы жомоктук форма жана көөнө сюжеттик мотивдердин көбүрөөк сакталганы менен өзгөчөлөнөрү аныкталды. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы кенже эпостордо айрым диний көз караштар жана байыркы ишенимдерге чулганган сюжеттик окуялар өз учурунда советтик идеологиянын талабына туура келбей, окумуштуулар арасында ар кандай кайчы пикирлерди жаратып, керек болсо жарыялоодон четтетилип келген. Буга тиешелүү кенже эпостордун идеялык-тематикалык багыты боюнча С.Байходжоев, Г.Самарин сыяктуу изилдөөчүлөр бир тараптуу терс жыйынтыктарга келген, ал эми Р.Сарыпбеков, К.Асаналиев, Р.Кыдырбаева, Б.Кебекова, А.Жайнаковалар М.Мусулманкуловдун вариантындагы сюжет куруу, мотивдердин колдонулушу, образдарды жаратуу ж.б. поэтикалык каражаттардын пайдаланылышы боюнча айтуучунун артыкчылыктарын жана кемчиликтерин далилдүү көрсөткөн. Ушул окумуштуулардын илимий пикирлерине таянуу менен айтуучунун кыргыз фольклоруна кошкон салымын жана бул варианттардын канчалык деңгээлде илим үчүн зарылдыгы бар деген маселелер каралып, тиешелүү илимий корутундулар чыгарылды: 1) Мусулманкуловдон жазылып алынган кенже эпостор кагаз бетине түшүрүлгөн алгачкы материалдар катары баалуу жана алардын мазмунундагы көөнө сюжеттик мотивдер жөө жомоктук байыркы формага

жакындыгы менен фольклортаануууда маанилүү орду бар. 2) Кенже эпостордо башка варианттарга салыштырмалуу турмуштук-социалдык темаларга караганда согуштук, баатырдык мотивдер көбүрөөк даңазаланат. 3) «Жаныш, Байыш» жана «Курманбек» эпостору мифтик баяндоолорун сактайт, бирок бул чыгармалар манасчынын эпос айтуучулук өнөрүнүн башаты болгонуна байланыштуу башка варианттарга салыштырмалуу поэтикалык жактан деңгээли төмөндүгү көрүнүп турат.

5. М.Мусулманкуловдун чыгармачылыгынын негизги өзөгүн түзүп турган – «Манас» жана «Семетей» эпосунун тексттериндеги сюжеттик салттуулук жана жекеликтерге көңүл бурулуп, мындан сырткары негизги каармандардын образдарынын портреттик сүрөттөөлөрү жана сюжеттик айрым мотивдердин иштелишине талдоо жүргүзүлдү. «Манастагы» туруктуу эпикалык формулалардын пайдаланылышы, поэтикалык (троптун түрлөрү) көркөм каражаттардын колдонулушу, ыр түзүлүшү тыкыр талдоого алынды. Манасчынын вариантына таандык поэтикалык көркөмдүк өзгөчөлүктөрдү аныктоодо тилдик, көркөм сөз каражаттарынын жана туруктуу поэтикалык формулалардын сакталышына айрыкча көңүл бурулду. М.Мусулманкуловдун вариантындагы сюжеттик жалпылыктарды, өзөктүү окуялардын сакталышын жана манасчынын эпостун өнүгүшүнө кошкон жеке сюжеттик өзгөчөлүктөрүн аныктоодо эпикалык салттуу формулалардын кандай формада берилишине жана маани-мазмуну, айтылыш максатына анализ жүргүзүүдө негизинен тексти толук деп эсептелген манасчылар С.Орозбаков, С.Каралаев жана айрым сюжеттик окуялар Б.Сазанов жана М.Чокморовдордун варианттарына

салыштырылды. М.Мусулманкуловдун вариантындагы сюжеттик жалпылыктарды жана айтуучунун импровизациясынан жаралган айрым жекелик өзгөчөлүктөрүнүн эпостун композициялык курулмасындагы функциясын, окуянын жалпы өнүгүшүнө жана чечилишине тийгизген таасирине мүнөздөмө берүүдө бизге чейинки жергиликтүү жана чет элдик фольклор изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таяндык. М.Мусулманкуловдун вариантындагы «Манас» жана «Семетей» эпосторунда окурманды тажатма сюжеттик кайталоолор кездешпейт. Манасчы айрым гана мисалы, Манастын хан шайланышы (С.Орозбаковдун вариантында), Манаска аш берүү, Манастын түп аталарын саноо (Тоголок Молдонун вариантында) сыяктуу кээ бир манасчыларда кенен айтылган эпизоддорду кыскартып айткан. Сюжеттик окуялардын баяндалышы жагынан мындан башка олуттуу айырмачылыктар байкалбайт. Бардык салттуу сюжеттик окуялар бирдиктүү, так, композициялык курулмасы жагынан ырааттуу, идеялык-тематикалык жактан мазмуну толук айтылган варианттардын бири. М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» жана «Семетей» эпостору төмөндөгүдөй корутундуланды: 1) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» жана «Семетей» эпостору мурунтан келаткан эпикалык чыгарманын салттуу өзөктүү окуяларын сактоо менен бирге айрым сюжеттик өзгөчөлүктөрү, портреттик сүрөттөөлөр, мотивдердин чечилиши жана эпизоддордун ырааттуу баяндалышы жагынан бирдиктүүлүктү түзүп, эпостун жалпы темасына баш ийип, өзүнчө бир вариант деп атоого толук татыктуу. 2) М.Мусулманкулов манасчылык өнөрдө С.Орозбаковду устаты катары көрүп, ал эми С.Каралаев

менен чыгармачылык тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан анын вариантында тянь-шандык жана көлдүк манасчылардын варианттарына мүнөздүү болгон сюжеттик баяндоо, сүрөттөө ж.б. тилдик, стилдик өзгөчөлүктөр орун алат. 3) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы бардык эпостордо исламдык диний ишенимге сугарылган мотивдер көп кездешет. 4) М.Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосунун ыр түзүлүшүндө салттуу 7-8 муун өлчөмү сакталат. Поэтикалык формулалардын бардык түрлөрү, тилдик көркөм каражаттардын негизги элементтеринин ыктуу пайдаланылышы тексттин поэтикалык жогорку деңгээлдеги көркөмдүүлүгүн аныктайт. Ошондой эле манасчынын тили ашыкча кайталоолордон алыс, архаикалык сөздөр (күлүк, бөкө ж.б.) саналуу гана, көпчүлүккө түшүнүктүү жөнөкөй, адабий тилдин нормасына жакын айтылган. 5) «Семетей» эпосунда башка варианттарга салыштырмалуу мифологиялык белгилер аз кездешип, реалдуулукка жакындашат.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР


Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе: Илим, 1981. – 265 б.

Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары [Текст] /Э. Абдылдаев. – Бишкек: Шам, 1997. – 112 б.

Акматалиев, А. Тандалган чыгармаларынын жыйнагы. Т 2.[Текст] / А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 1998. – 423 б.

Акындар чыгармачылыгы [Текст] / – Бишкек: Kirland, 2017. – 454 б. (Классикалык изилдөөлөр сер.)

Ак-Талаа районунун энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Турар, 2016. – 586 б.

Алагушев, Б. «Ак таңдай акын» [Текст] / Б. Алагушев // Ала-Тоо. – 1983. – № 9. – 113-118-б.

Ауэзов, М. Киргизский героический эпос «Манас» [Текст] / М. Ауэзов // Адамзаттың МАНАСЫ. – Алматы, 1995. – 256-б.

Байдилдеев, Ж. Касымбек Баатай уулу [Текст] / Ж. Байдилдеев. – Бишкек: MAXPRINT, 2018. – 204 б.

Бакчиев, Т. Роль живого сказывания эпоса «Манас» в жизни общества [Текст] / Т. Бакчиев // Вестн. Северо-Вост. федерал. ун-та им. М. К. Аммосова. Сер. Эпосоведение. – 2016. – № 4 (04) 2016. – С. 19-30.

Бегалиев, С. «Манас» эпосунун көркөм каражаттары [Текст] / С. Бегалиев. – Фрунзе: изд-во КМУ, 1988. – 78 б.

Бернштам, А.Н. Эпоха возникновения киргизского эпоса «Манас» [Текст] / А.Н. Берштам // «Манас»героический эпос киргизского народа. – Фрунзе: Илим, 1968. – С. 148-176.

Беовульф. Старшая Эдда. Песнь о нибелунгах [Текст] / Беовульф; Б-ка всемир. лит. Сер. 1. – М.: Худ. лит., 1975. – Т. 9. – 752 с.

Борбугулов, М. «Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы [Текст] /М. Борбугулов. – Бишкек: Айат, 2004. – 160 б.

Буудайбек, Сабыр уулу. Эл шайырлары [Текст] / Буудайбек Сабыр уулу. – Бишкек: Турар, 2008. – 508 б.

Валиханов, Ч. Ч. Очерки Джунгарии [Текст] / Ч. Ч. Валиханов // «Манас»героический эпос киргизского народа. – Фрунзе: Илим, 1968. – С. 38-42.

Веселовский, А. Н. Историческая поэтика [Текст] / А. Н. Веселовский. – М.: Высш. шк., 1989. – 648 с.

Винников, В. Акыны [Текст] / В. Винников // Искусство советской Киргизии. – М.; Л., 1939. – С. 52-60.

Виноградов, В.М. Мусулманкулов[Текст] / В. Виноградов // Кыргызстан маданияты. №13. – 1971. –31-март.

Виноградов,В. С. Кыргыздын элдик музыканттары жана ырчылары [Текст] / В. С. Виноградов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974. – 87 б.

Гринцер, П. А. Эпические формулы. В «Махабхарате» и «Рамаяне» [Текст] / П. А. Гринцер // Типологические исследования по фольклору. – М., 1975. – С. 165-189.

Жайнакова,А. «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи (С.Каралаевдин варианты боюнча) [Текст] / А. Жайнакова. – Фрунзе: Илим, 1982. – 175 б.

Жайнакова, А. «Манас» эпосунун маселелери [Текст]: макалалар / А.Жайнакова. – Бишкек: [б-сыз], 1999. – 91 б.

Жайнакова, А. Манасчылар [Текст] / А. Жайнакова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 200 б.

Жамгырчиева, Г. Т Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер («Манас», «Эр Төштүк», «Кожожаш» эпостору боюнча) [Текст] / Г. Т. Жамгырчиева. – Ош: [б-сыз], 2015. – 304 б.

Жаныш, Байыш [Текст]. – Бишкек: Шам, 1998. – 468 б. – (Эл адабияты сер. 4-т.)

Жаныш, Байыш [Текст]. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 568 б. – (Эл адабияты сер. 4-т.)

Жаңыл Мырза [Текст]. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015. – 367 б. – («Эл адабияты» сер. 9-т.)

Жирмунский, В.М. Сказание об Алпамыше и богатырская сказка [Текст] / В. М. Жирмунский. – М.: Изд-во вост. лит., 1960. – 335 с.

Жирмунский, В.М. Тюркский героический эпос [Текст] / В. М. Жирмунский. – Л.: Наука, 1947. – 727 с.

Жирмунский, В.М. Предисловие [Текст] / В.М. Жирмунский // «Манас» кирг. героич. эпос. – Бишкек: АО Учкун, 1999. – С. 5-34.

Жолой кан. Тайлак баатыр. Балбай. Осмон баатыр. Кыргыз, казак окуясы. Бугу, сарбагыш урушу [Текст]: эпостор ж-а мурастар / туз. К. Кырбашев, Н. Омурзакова. – Бишкек: Шам, 2002. – 504 б. – («Эл адабияты» сер. 15-т.)

Калык, Осмонкул [Текст] / түз. А. Обозканов; ред. А. Акматалиев. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 330 б. – («Залкар акындар» сер. 7-т.)

Кебекова, Б. «Курманбек» эпосунун варианттары [Текст] / Б. Кебекова. – Фрунзе: КыргССР ИА бас., 1961. – 63 б.

Кобланды батыр [Текст]: казак эпосы. – Алматы: Казак ССР гылым акад., Тил ж-е адабиет ин-ты, 1957. – 4-китап. – 187 б.

Коргоол [Текст] // Музооке, Айтыке, Коргоол, Эшмамбет.– Бишкек, 2015. – 4-т. – 43-52-б.

Көлбаева, М. Акындар чыгармачылыгындагы салттуулуктардын типологиясы [Текст] / М. Көлбаева – Бишкек: К. Карасаев атындагы БГУ, 2014. – 120 б.

Кун, Н. А. Легенды и мифы древней Греции [Текст] / Н. А. Кунн. – Фрунзе: Мектеп, 1984. – 448 б.

Курманбек: баатырдык эпос: М. Мусулманкуловдун айтуусу боюнча [Текст]. Кыргыз Респ. УИАнын Кол жазмалар бөлүмү. Жазган К.Мифтаков, инв. № 16.

Курманбек [Текст]. – Бишкек: Аврасия Пресс, 2015.– 456 б. – («Эл адабияты» сер. 5-т.)

Күмүшалиев, К. Залкар таланттар [Текст] / К. Күмүшалиев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1973. – 224 б.

Кыдырбаева, Р. З. Кыргыздардын оозеки маданиятынын калыптанышындагы тарыхый көркөм өбөлгөлөр [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Бийиктик, 2009. – 108 б.

Кыдырбаева, Р. З. Эпос «Манас»: Генезис. Поэтика. Сказительство [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Шам, 1996. – 408 б.

Кыдырбаева, Р.З. Народно-поэтические традиции в эпосе «Жаңыл Мырза» [Текст] / Р.З. Кыдырбаева. – Фрунзе: Изд-во АН КиргССР, 1960. – 48 с.

Кыдырбаева, Р. З. Мезгилдер, муундар жана манасчы [Текст] / Р. З. Кыдырбаева. – Бишкек: Манастаануу ж-а көркөм маданияттын улуттук борбору, 2004. – 113 б.

Кыдырбаева, Р.З. «Манас» эпосунун варианттары [Текст] / Р.Кыдырбаева, К.Кырбашев, А.Жайнакова. – Фрунзе: Илим, 1988. – 160 б.

Кырбашев, К. Манас эпосунун стили [Текст] / К. Кырбашев. – Фрунзе: Илим, 1983. – 174 б.

Кыргыз адабиятынын тарыхы[Текст]. – Бишкек: Шам, 2004. – 1-т.: Фольклористика. – 684 б.

Кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст]. – Бишкек: Шам, 2004. – 2-т.: «Манас» жана манасчылар. – 660 б.

Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст]: 50 минден ашык сөз ж-а айкашы камдылды. – Бишкек: Avrasyajayincilik, 2010. – 1460 б.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст]. – Бишкек: Салам, 2016. – 1-бөлүк. – 780 б.

Кыргыз элинин манасчылары [Текст] / түз. Т. Бакчиев, Р. Исаков – Бишкек: Кыргызпатент, 2010. – 96 б.

Кыргыз улуттук филармониясы [Текст]: тарыхый очерк. – Бишкек: Бийиктик, 2006. – 414 б.

Лорд, А. Б. Сказитель. Исследования по фольклору и мифологии востока[Текст] / А. Б. Лорд – М.: Вост. лит. РАН, 1994. – 368 с.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 1-т. – 568 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – Бишкек: Кыргызстан, 1995. – 2-т. – 800 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – Бишкек: Шам, 2006. – 6-т. – 768 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Орозбаковдун варианты боюнча [Текст] / С. Орозбаков. – Бишкек: Турар, 2014. – 6-7-т. – 792б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Орозбаковдун варианты боюнча / С. Орозбаков. – Бишкек: Турар, 2014. – 8-9-т. – 801 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: С. Каралаевдин варианты боюнча [Текст] / С. Каралаев. – Бишкек: Дилазык, 2019. – 1024 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: М. Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 728 б.

Манас [Текст]: баатырдык эпос: Б. Сазановдун варианты боюнча [Текст]. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 668 б.

Манас. Бириктирилген вариант [Текст]. – Бишкек: Кыргыз китеп борбору, 2014. – 1-т. – 370 б.

Манас [Текст]: док. жыйнагы. – Бишкек: Принт Экспресс, 2020. – 1260 б.

Манас энциклопедиясы [Текст]. – Бишкек: Кыргыз энцикл. башкы ред., 1995. – 1-т. – 439 б.

Манас энциклопедиясы [Текст] / – Бишкек:Кыргыз энцикл. башкы ред.,1995. – 2-т. – 432 б.

Мамыров, М. «Манастын» эпос катары калыптаныш маселелери [Текст] / М. Мамыров // «Манас» үчилтиги боюнча классикалык изилдөөлөр. – Бишкек: KIRLand, 2017. – 442-б.

Мамыров, М. «Семетей» – «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүгү [Текст] / М. Мамыров. – Фрунзе: КыргССР ИА, 1963. – 121 б.

Мелетинский, Е. М. Герой волшебной сказки [Текст] / Е. М. Мелетинский. – М.: Изд-во вост. лит., 1958. – 263 с.

Мусулманкулов, М. Молдобасан [Текст]: ырлар ж-а дастан / М. Мусулманкулов. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983. – 184 б.

Мукасов, М. Баш сөз [Текст] / М. Мукасов // Жаныш, Байыш. – Бишкек, 2015. – 3-30-б. – («Эл адабияты» сер.4-т.)

Нарынбаева, Н. О. Ырчылык феномени [Текст] / Н. О. Нарынбаева // Залкар акындар. – Бишкек, 2016. – 8-т. – 492-б. – («Залкар акындар» сер. 8-т.)

Орозова, Г. Кыргыз элдик поэмаларынын табияты [Текст] / Г. Орозова. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 356 б.

Орозобекова, Ж. Манасчы Шапак Рысмендеевдин «Семетей» бөлүгү тууралуу сөз [Текст] / Ж. Орозобекова // «Манас» Ааламы Манастаануу-фольклортаануу илимий журн. – 2016. – № 1. – 102-107-б.

Пропп, В. Я. Фольклор и действительность[Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1976. – 324 с.

Пропп, В. Я. Русский героический эпос. [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Гос.изд-во худ.лит., 1955. – 603 с.

Пропп, В. Я. Поэтика фольклора (Собрание трудов В. Л. Проппа) [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Лабиринт, 1998. – 352 с.

Пропп, В. Я. Морфология сказки [Текст] / В. Я. Пропп. – М.: Наука, 1969. – 168 с.

Путилов, Б. Н. Методология сравнительно исторического изучения фольклора [Текст] / Б. Н. Путилов. – Л.: Наука, 1976. – 242 с.

Путилов, Б. Н. Героический эпос и действительность [Текст] / Б. Н. Путилов. – Л.: Наука, 1988. – 223 с.

Путилов, Б. Н. Эпическое сказительство. Типология и этническая специфика [Текст] / Б. Н. Путилов. – М.: Вост. лит., РАН, 1997. – 295 с.

Рахматуллин, К. А. Творчество манасчи [Текст] / К. А. Рахматуллин // «Манас» героич. эпос кирг. народа. – Фрунзе: Илим, 1968. – С. 75-147.

Рысалиев, К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү [Текст] /К. Рысалиев. – Фрунзе: Мектеп, 1965. – 200 б.

Сарыпбеков, Р. Элдик казынанын энциклопедиясы [Текст] /Р. Сарыпбеков // М. Мусулманкулов: ырлар жана дастан. – Фрунзе, 1983. – 184 б.

Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р. Сарыпбеков. – Фрунзе: Илим,1987. – 150 б.

Семетей [Текст] / Баатырдык эпос: Тоголок Молдо – Байымбет Абдыракман уулунун вариантында [Текст]. – Бишкек: Турар, 2017. – 2-китеп. – 420 б.

Семетей, Сейтек [Текст]: баатырдык эпос: Тоголок Молдо – Байымбет Абдыракман уулунун вариантында [Текст]. – Бишкек: Турар, 2017. – 3-китеп. – 488 б.

Семетей [Текст]: баатырдык эпос: Багыш Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 1-китеп. – 616 б.

Семетей, Сейтек [Текст]: баатырдык эпос: Б. Сазановдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 2-китеп. – 460 б.

Семетей, Сейтек [Текст]: баатырдык эпос: М. Мусулманкуловдун варианты боюнча. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – 448 б.

Семетей. [Текст]: баатырдык эпос: М. Чокморовдун варианты боюнча [Текст]. – Бишкек: Турар, 2017. – 2 бөлүк, 2-китеп. – 580 б.

Стенограммы всесоюзной научной конференции, посвященной изучению эпоса «Манас» [Текст]. – Бишкек: Турар, 2015. – 360 с.

Суванбеков, Ж. Кыргыз элинин баатырдык кенже эпосто-ру [Текст] / Ж. Суванбеков. – Фрунзе: Мектеп, 1970. – 269 б.

Сыдыков, А. Традиционные формулы в творчестве киргизских народных сказителей [Текст] / А. Сыдыков. // Сов. тюркология. – 1974. – № 4. – С. 64.

Таштемиров, Ж. Кыргыз поэзиясы тууралуу айрым ойлор [Текст] / Ж.Таштемиров. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975. – 204 б.

Таштемиров, Ж. Токтогул жана акындык поэзия [Текст] / Ж. Таштемиров. – Фрунзе: Илим, 1980. – 173 б.

Типологические исследования по фольклору [Текст] / сост. Е. М. Мелетинский, С. Ю. Неклюдов. – М.: Наука, 1975. – 319 с.

Токтогул [Текст]. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2015. – 304 б. – («Залкар акындар» сер. 5-т.)

Уразгильдеев, Р. Х. Калый Молдобасанов [Текст] / Р. Х. Уразгильдеев. – Бишкек: Технология, 1999. – 71 б.

Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү [Текст] / Л. Үкүбаева. – Бишкек: Турар, 2008. – 175 б.

Эшимкул менен Зуура. Күлбаарам менен Асан. Нуркан. Жантай [Текст]. – Бишкек: Шам, 2002. – 376 б. – («Эл адабияты» сер. 17-т.)

Юнусалиев, Б. Манас жомогу [Текст] / Б. Юнусалиев // Классикалык изилдөөлөр. «Манас» эпосу боюнча. – Бишкек, 2017. – 442б.

## Диссертациялар, авторефераттар жана кол жазмалар

Абакиров, К. Манастаануу илиминин калыптанышы жана өнүгүшү [Текст]: филол. илим д-ру дис. автореф. / К.Абакиров. – Бишкек, 2017. – 46 б.

Абдрасулова, Ж.С. Баатыр кыздардын образдары элдик чыгармаларда. («Кыз Сайкал», «Жаңыл Мырза» эпосторунун негизинде) [Текст]: филол. илим. канд. дис.: 10.01.09 / Ж.С. Абдрасулова. – Бишкек, 2015. – 162 б.

Айталиева, Т.К. Семетейчи Жаңыбай Кожековдун вариантындагы салттуулуктун сакталышы жана өзүнчөлүк белгилери [Текст]: филол. илим. канд. дис. / Т.К. Айталиева – Бишкек, 2003. – 148 б.

Жамгырчиева, Г.Т. «Манас» эпосундагы салттуу эпикалык формула [Текст]: филол. илим. канд. дис. автореф. / Г.Т. Жамгырчиева. – Бишкек, 1995. – 24 б.

Жумашова, Н.А. «Манас» эпосундагы салттык сюжеттик мотивдердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. канд. дис. / Н.А. Жумашова. – Каракол,2015. – 158 б.

Заркунов, А. Чоң манасчы Тыныбек жана анын мурастары [Текст]: филол. илим. канд . дис. / А. Заркунов. – Бишкек, 2004. – 193 б.

Мукасов, М. «Жаныш, Байыш» эпосунун поэтикасы [Текст]: филол. илим. канд. дис. автореф. / М.Мукасов. – Бишкек, 2000. – 23 б.

Нарынбаева, Н.О. Кыргыздын эпикалык поэзиясындагы миф чыгармачылыгы [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. автореф. / Н. О. Нарынбаева. – Бишкек, 2018. – 42 б.

Орозобекова, Ж.К. Манасчылык өнөрдүн тарыхый өсүп өнүгүү жолу [Текст]: филос. илим. д-ру ... дис. / Ж.К. Орозобекова. – Бишкек, 2014. – 309 б.

Сапарбаев, А. Метафоры в эпосе «Манас» [Текст]: автореф. дис. … канд. филол. наук / А. Сапарбаев. – Фрунзе, 1975. – 34 с.

Сикалиев, А.И. Ногайский героический эпос (способы эпического изображения героев) [Текст]: автореф. дис. ... канд. филол. наук / А. И. Сикалиев. – Черкесск, 2008. – 22 с.

Талиева, К.А. Семетейчи Сейдене Молдокееванын чыгармачылык өнөрканасындагы салттуулук жана

өзүнчөлүктүн карым-катышы [Текст]: филол. илим. канд. … дис. / К.А. Талиева. – Бишкек, 2000. – 184 б.

Турдугулов, А. Акындык поэзиянын көркөмдүк табияты [Текст]: филол. илим. д-ру ... дис. / А.Турдугулов. – Бишкек, 2010. – 258 б.

Умбеталина, З. Казак бата сөздөрүнүн көркөмдүк өзгөчөлүктөрү [Текст]: филол. илим. канд. … дис. / З.Умбеталина. – Алматы, 2003. – 129 б.

Капаган, Э. Кыргыз-түрк фольклорундагы ак бата, тилек, алкыштардын айырмачылыктар жана окшоштуктары [Текст]: филол. илим. канд. … дис. / Э.Капаган. – Бишкек, 2013. – 174 б.

Жаныш, Байыш. [Текст]. Кырг. Респ. УИА, кол жазмалар бөлүмү, инв. № 16. – 114-115-б.

Курманбек. [Текст]. Кырг. Респ. УИА, кол жазмалар бөлүмү, инв. № 470. – 1-9-б.

Ошондой эле, академик Жамин Акималиев жана Молдобасан Мусулманкуловдун чөбөрөсү Данышманова Бермет, М.Мусулманкуловдун атасынын бир тууган агасы семетейчи Калыгулдун чөбөрөсү Чоюбеков Бердугулдун оозунан жазылып алынган материалдар пайдаланылды.

# ТИРКЕМЕ:

## “Жаңыл Мырза” жана “Жаныш, Байыш” эпосторунун негизги өзөгүн түзгөн сюжеттик жалпылыктарынын таблицасы

### 1. “Жаңыл Мырза” эпосу:

| № | Салттуу сюжеттик жалпылыктардын тематикасы | Абдыкалык Чоробаевдин айтуусу боюнча | Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусу боюнча |
|---|---|---|---|
| 1 | **Жаңылдын эрдиктери** | Бул вариант Түлкү жана анын үй-бүлөлүк маселелерин баяндоо менен башталат. Андан кийин Жаңыл Үчүкө менен Түлкүнү жайлайт. Жаңылдын эрдиктери эпостун аягына топтолуп, Баатыр кыз күйөөсү Калматайды, Тейиш кандын баласы Аккочкор, адигине Үлбүрчөк, Бургуй, саяктан Атакозу, Чабак, бөрүлөрдөн Акатан ж.б. куугундардын баарын өлтүрүп качып чыгат. Өмүрү өткөнчө өз эли нойгутту коргоп, багып, өмүрдөн так өткөн. | Бул вариантта эпос башталганда эле нойгуттан чыккан Жаңыл Мырзанын кырк жигит күтүп, атышкан жоодон качпаган баатырдыгы, атканы жаза кетпеген мергендиги, кыздан чыккан кыраан экени айтылат. Жаңылдын жылкысын тийип аны багынтып катындыкка алабыз деп чоң Анжияндан келген баатырлар Үрбүлчөк, Бурхуйду, кыргыздын баатырлары Атакозу, Чабак, Үчүкө менен Түлкүнү атып өлтүрөт. Калматайдан качып келатып да куугундун баарын тыптыйпыл кылып артка таштап, өз баласын көтөрүп келген эр Абылды, колундагы баласы менен кошо атып өлтүрүп кетет. |
| 2 | **Үчүкө менен Түлкүнүн Жаңылдын жылкысына тийиши** | Түлкү баатыр энесинин “Жаңылга үйлөн” деген сунушу менен Жаңылдын жылкысына тийет. Артынан кууп келген Жаңыл алгач Атакозу, Чабакты жайлайт. Андан соң Үлбүрчөк менен Бургуйду жок кылат. | Жаңыл Мырза кыргыздын элин алсам, кыйлага бүлүк салсам деп кырк жигити менен кыргыздын жерин чалып кетет. Муну кыргыздын жылкычы башы Токторбай из чалып отуруп баамдайт. Бул кабарды уккан Үчүкө менен Түлкү жигиттери менен барып Жаңылдын жылкысына тийип, эби келсе кызды катындыкка алмакка жолго чыгат. |
| 3 | **Жаңыл Мырзанын Үчүкө,Түлкүнү өлтүрүшү** | Үчүкө менен Түлкү казанга этти кайнатып коюп, жамбаштап үргүлөп жатканда алыстан Жаңыл аларды | Түлкү баатырлар Жаңылдын жылкысын айдап алып, артынан Жаңылдын келишин күтүп, эт кайнатып |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | көрүп сынайт. Жаңылга жанындагы жолдоштору бой жүрбөй Түлкүгө тийип албайсыңбы деп сунушташат. "Кыз алган жаш аялын кордук кылып кетирип, демигип келген мунун сазайын колуна берейин" – деген Жаңыл бул сунушка макул болбойт. Аңгыча Жаңылдын тайганы Үчүкө, Түлкүнүн жанына барып калганда "Канчыктын канчыгы" деген сөзү менен Жаңылдын намысына тийип, эки баатыр ошол жерден Баатыр кыздын жебесинен мүрт кетишет. | дуулдап жатышканда Жаңыл жигиттери менен келип, аларды алыстан карап сынга алышат. Жаңыл Мырза Түлкү баатырды өзүнө ылайык эр экен, аламын десе тийип алчу шер экен деп ойлонуп турганда жанындагы тайганы Түлкүлөрдүн жанына жойлоп келет. Тайганды көргөн Атакозу "Камдангыла, шерменденин тайганы келди" деп айтат. Бул сөздү уккан Жаңыл шерменде атым калбайт экен деп, жаасын октоп, Түлкү, Үчүкө, Атакозу, Чабакты төртөөн бирдей атып жок кылат. |
| 4 | **Кун куу** | Түлкү баатыр өлгөндөн кийин ал мезгилде кыргыздардан да үстөмдүк кылып турган калмактардын Эрдене беги Жаңылды багынтап ага үйлөнмөк болот. Жаңыл кыргыздардын келишин күтүп, бир нече күн той кылып убакытты созот. Аңгыча Тейиш кандын Аккочкор алты ноён Түлкү, Үчүкө, Атакозу, Чабак, Бургуй, Үлбүрчөктөрдүн кунун куубай кантип жатам деп ат-тонун камдап, элчиге Чынасылды коштоп нойгутту көздөй аттанат. Той үстүнөн чыккан Чынасыл кыз оюнда амал менен Жаңылдын колундагы шакегин алып көздөн кайым болот. Калмактар аттарын агытып коюп, алты бакан селкинчек тээп ойноп-күлүп жатканда, кыргыздар келип калмактардын аттарын бирин калтырбай айдап кетет. Жылкынын артынан кууп келген Жаңыл | Үчүкө, Түлкү, Атакозу, Чабак баатырлардын кунун куубай кантип жатабыз деген кыргыздардан Калматай баш болгон Тейиш кандын Аккочкор, моңолдордон Мамайкул кырк уруу кыргыз чогулуп масилет куруп, Аккочкордун иниси ары балбан, ары акылга бай Абылды элчиликке шайлап кыргыздар нойгутту көздөй жөнөшөт. Ал мезгилде кыз Жаңыл колуна шакек салып ушул шакекти ким колумдан суурул алса ошол баатырга турмушка чыгаарын жар салып, той берип жаткан эле. Той үстүнөн чыккан Абыл кыз оюнда амалдуулук кылып Жаңылдын колундагы шакекти байкатпай сууруп алып кыргызды көздөй кетип калат. Айткан сөзүнө, берген антына туруу үчүн Жаңыл Мырза калың нойгут элинин ыраазычылыгын алып, курал-жарагын камдап, кыргызга өзү кирип барат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Аккочкордон баягы алты баатыр үчүн кечирим сурап, калмактарды айлымдан кууп чыгарып бер деп суранат. Жаңылдын жалынганын укпаган кыргыздар кызды сабап, чачынан жулуп кунга кармап кетишет. Кара беттин дарты өттү, бул бетпак көптү деген кыргыздар Жаңылды чачын кайчылап кыркып, таяктап, бутуна кишен салып бир үйгө отургузуп коюшат. | |
| 5 | **Жаңыл Мырзанын күйөөгө чыгышы** | Туткунда бир жылча отурган Жаңыл жолборсту кармап элдин сынынан өткөндөн кийин “Кыйнабай, өлтүрүп кара жерге көмгүлө, же Үчүкө, Түлкүнүн кунун кечкиле” деп суранат. Жаңылдын эрдигине ыраазы болгон эл кеңешип, кызды ошол кезде жетимиштеги Калматайга чапма нике кыйышат. Күйөөгө тийип жатканда Жаңыл Калматай менен күбөлөрдөн “Эркекче өскөм, казан-аяк карматып, уруп-сабап кыйнабагыла, өткөнүмдү эсететпегиле” деген убада-шертин алат. Жаңыл Калматайдан бир эркек бала төрөйт. | Жаңылдын келишин кыргыздар салтанаттуу тосуп алышат. Кыргыздар кеңешип, жашы эмес улуусу алсын деп, Калматай менен Жаңылга бата берип эл тарап кетет. Жаңыл Калматайдан бир эркек бала төрөйт. |
| 6 | **Жаңылдын өнөрүн сыноо** | Жаңыл кыргыздардын колунда туткунда жатканда кыздын баатырдыгын сыноо үчүн камыштын арасындагы жолборс, камандын арасына коё беришет. Колуна кыл аркан алып кирген Жаңыл эч жалтанбай туруп жолборстун тумшугун кыл аркан менен чырмап кармап алат. Таң калган эл Жаңылдын чыныгы эр жүрөк баатыр | Жаңыл Калматайга тийгени тогуз жылга карап, баласы үчкө чыкканда айылдын жашкарысы чуулдап Калматайдын өсөрү эмес, өлөрү калды, Кыз Жаңылдын өнөрүн бир көрөлү дешип суранышат. Жаңыл алганым абышка болсо, жаштыгым кетти, жалыным өчтү деп каршы чыгат. Аңгыча Жаңыл күнүлөшү Барчакенин кыйшаңдабай шуркуя эл сурангандa барып койбойсуңбу деген |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | экенине ынанышат. Бир жолу көч убагында кыз-жигиттер Жаңылга келип өнөрүңдү көрсөт деп суранышат. Макул болбогон Жаңылды Калматай зордоп жаа атууга мажбурлайт. Ошондо Жаңыл баягы берген антыңа турган жоксуң, уруп-сабаганың тыйылган жок, эми минтип жаа ат деп, убадаңа турбай кыйнайсың деген Жаңыл ачууланып, белин бекем бууп, чачын түйүп, Калматайдын Кара атын атайын минип, көккө ыргытылган калпактарды жазбай атып, кыргызга эсендик тилеп, атка камчы урат. | сөзүн укканда ар дайым артынан калбай ээрчиген ушул ачуу сөзгө ичи күйгөн Жаңыл Боз жоргону минип, чачын түйүп, жаасын алып ортого чыгат. Боз балдардын көккө ыргыткан калпактарынын ар бирин жаза атпаган Жаңыл көпчүлүктү көзгө атар мергендиги менен таң калтырат. |
| 7 | **Жаңыл Мырзанын өз элине кайтып келиши жана душмандардан өч алышы** | Койгула десем болбодуң, убадаңа турбадың деген Жаңыл Кара атты желдей сыздырып, эки жашар баласын таштап Арпаны көздөй чу коёт. Артынан кууп келген Акатан, Кожогул, Масейилди жок кылат. | Тулпарды минген турчу эмес, көңүлүн бурса ургаачы, эрге карап турчу эмес, деген Жаңыл, калайык менен кош айтышып, Боз жорго менен учкан куштай сызып кетет. Артынан кууп келгендердин баарын жаа менен атып өлтүрөт. |
| 8 | **Жаңылдын баласы тууралуу** | Айла качканда Калматай баласын өңөрүп алып качып бараткан Жаңылды токтотууга келет. Жаңылды алдап кармоого умтулган Калматайды кыз кекиртекке атып өлтүрөт. Элге баланы алып кеткиле деп кыйкырат. Жаңылдан коркуп эч ким даап бара албай, акырын качып жөнөшөт. Баланы көтөрүп нойгутка баргандан арданып уялган Жаңыл намысты жогору коюп, тыпырап жаткан баласын жаа менен атканда жаанын огу балага жетпей барып түшөт. Жаңылдын колу-буту калтырайт. Баланы койнуна катып алып өз элин көздөй чабат. | Жаш баласына да карабай качып кеткен Жаңылдын артынан, жок дегенде өз баласына кайрылып келер деген ишенич менен эр Абыл баланы өңөрүп, артынан кууп келет. Ачуусу келген Жаңыл баласы менен Абылды кабаты менен жайлайт. Ошондо калың кыргыз “Баласын аткан кара бет, Баарыбызды кырат деп,” кууганын токтотот. Боз жорго менен жылжытып, эч кимге карматпай, кууп келген куугундун баарын, ал тургай баласын кошо аткан Жаңылдын кыргыздан качып кутулуп кеткени менен эпос аяктайт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | **Шырдакбектин Боз жоргосу** | Бул вариантта Шырдакбектин Боз жоргосу Жаңылдын Калматайдан качып, өз элине баргандан кийинки өзүнчө сюжеттик окуяда айтылат. Түлкү баштаган баатырлардын кунун кууйм деп кектенип жүргөн Аккочкор Шырдакбектин Боз жоргосун мажбурлап сурап алып, жоргону минип Жаңылды чаап алуу үчүн барат. Жекеге чыккан эки баатыр найза сайышып, Жаңыл Аккочкорду өлтүрүп, Боз жоргону илип алып кетет. Жаңылдын саяпкерлерине баш ийбеген жорго качып ээсине кетет. Жоргонун артынан кууп келген Жаңылдын жигиттерин Шырдакбек сыйлап, аттап-тондоп узатат. Муну көргөн Шырдакбектин Эрке катыны бул Жаңылды алмак болду деп кызганып, ооруп жаткан күйөөсүн молдого окутуп, башын айландырып, жоргону минип төркүндөрү тарапка Шыгайдын колтугуна качып кирип кетет. Эрке аялынан, жоргосунан айрылган Шырдакбектен ал кетет. Муну уккан Жаңыл Шыгайга барып баатырларча жекеге чык же жоргону бер деп талап кылат. Жекеге чыккысы келбеген Шыгай Жаңылга миң түркүн мал, зар тартууга берерин айтат. Бул сунушка макул болбогон Жаңыл күч менен жоргону тартып алып Шырдакбекке алып барып берет. | Кыргыздар Түлкү баштаган баатырлардын кунун кууйбуз деп Жаңыл Мырзаны көздөй аттанып жатканда элчи бала Абылга минип баруу үчүн Шырдакбектин Боз жоргосу ылайыктуу ат деп табылып, Эдиге бул атты ээсинен сурап алып келет. Боз жоргону минген Абыл Жаңылдын шакегин манжасынан сууруп келип, Жаңылды кыргыздарга келүүгө мажбур кылат. |

## 2.“Жаныш, Байыш” эпосу:

| № | Сюжеттик жалпылыктардын тематикасы | Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусу боюнча | Жусупалы Жаңыбаевдин айтуусу боюнча | Калык Акиевдин айтуусу боюнча | Сарыкунан Дыйканбаевдин айтуусу боюнча |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Жаныш, Байыштын ата-теги** | Бул вариантта балдардын ата-теги тууралуу кабар берилбейт. | Бул вариантта айтылбайт. | Кыргызда Азирет Аалы деген хан болуп андан Нуркан, Нуркандан Жаныш, Байыш туулат. | К.Акиевдин вариантына окшош айтылат. |
| 2 | **Жаныш, Байыштын төрөлүшү** | Асылкан падыша карыганча бала көрбөй кудайга жалынып Меке, Медийнанын жолуна түшөт. Жолдо Кызыр Илияс учурап, батасын берет. Ошондон кийин Асылкандын байбичеси алтын көкүлдүү эгиз бала төрөйт. Балдарга белгисиз бир аксакал (Кыдыр Илияс) ат коёт. | Аты белгисиз бир падыша көп жыл бала көрбөй, кудайдан бата тилеп жүрүп, акыры тилеги кабыл болуп эки уулдуу болот. | Жаныш туулганда чоң атасы Азирет хан көз жумат. Жанышты таятасы багып алат. Жаныштын энеси Күлүкандын боюна бүтүп, жолборстун жүрөгүнө талгак болот, ошентип бир жылдан кийин алтын көкүл Байыш төрөлөт. | Азирет хан калктын баарын жыйып, той берип, элден бата алат. Ошондон көп өтпөй, Нуркандын аялы Күлүкан Жанышты төрөйт. Эки жылдан кийин боюна бүтүп, жолборстун этине талгак болуп, этти жеген соң бир жылда барып Байышты төрөйт. Балдардын аттарын чоң атасы Азирет хан коёт. |
| 3 | **Балдардын эр жетиши жана үйлөнүшү** | Бул вариантта балдар бат эле он бешке чыгып, Рамбак деген перинин Айчолпон, Күнчолпон аттуу куш кебин кийген эки кызына үйлөнөт. | М.Мусулманкуловдун вариантына окшош айтылат. | Байыш тогуз жашка келгенде бир бурааны бутунан кармап ыргытканда буту колунда калып, бута атым жерге барып түшөт. Ата-энеси баланын бул сапатын элден саксактап чоңойтушат. Жаныш | Байыш төрөлгөндө эле кытайдын ханы Сыядатка аярлары ушул баланын колунан өлөрүн билдиришет. Байыштын бурааны алып ыргытканы К.Акиевдин вариантына үндөш. Жаныштын аялы Күмүшай экени эпостун аягында айтылат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Күлбөсхадын Күмүшай аттуу сулуу кызына үйлөнөт. | |
| 4 | **Жаныш, Байыштын Айдың-Көлгө (Ала-Көлгө) барышы** | Калмактын падышасы Шумурут Жаныш менен Байышты ким кармап келип берсе кызы Белкысты берерин жар салат. Муну аткарууга Желмаян деген жигит чыгып, Алты-Шаарга барып Жаныш, Байышка кызмат кылып, ишеничине кирип, аларды алдап Ала-Көлгө алып келет. | М.Мусулманкуловдун вариантына окшош айтылат. | Жаныш, Байыш эр жетип, кырк жигит топтоп, чоң атасынын Аккүргүн суусуна салган көпүрөсүнүн сырын ачып, Айдың-Көлгө барып кытайга кыргын салып, өз күчүн сынамакка барышат. | К.Акиевдин вариантына окшош айтылат. |
| 5 | **Согуш. Жаныштын жарадар болушу, Байыштын туткундалышы** | Түндө баары уктаганда Желмаян Шумурут ханга барып кабар берип келет. Эртеси Жаныш, Байыштын олпокторун алдап чечип алып кетет. Ушуну эле күтүп турган калмак аскерлери согуш баштайт. Эгиз баатыр жарадар болуп, Жанышты аты Актулпар ала качып кутарып кетет, Байыш колго түшөт. | М.Мусулманкуловдун вариантына үндөш. | Байыш Аккүргүн суусундагы чоң атасы салган көпүрөнүн бекитилген жерин бузат. Эртеси кытайлар камап кирет. Байыш жекеге чыккан кытайлардын эң кыйын деген Азиз балбанын жок кылат. Катуу согуш болуп Байыш колго түшөт, Жанышты аты куткарып кетет. | Бул вариантта балдардын энеси Күлүкандын кеңеши боюнча атасы Жаныш, Байышты куралжараксыз жөнөтүп жиберет. Согушта Байыш калмактын Аяз баатырын өлтүрөт. Байыш колго түшөт, Жаныш качып кутулат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 6 | **Белкыстын (Желкайыптын) Байышты куткарышы** | Калмактардын карыясы Буртабаш Байышты өлтүрбөгүлө, касиеттүү бала экен, балакетке каласыңар деп айтып, зынданга салдыртат. Байышты көрүп жактырып калган Шумуруттун кызы Белкыс эртеси издеп таппай калат да, ооруга кабылат. Издеп таап, алтымыш кулач арканды эки аттын куйругуна байлап Байышты зындандан тартып чыгарып, бирге качып кетишет. | М.Мусулманкуловдун вариантына окшош айтылат. | Калмактын ханы Сыядаттын кызы Желкайып Байышты жактырып калат. Сыядат Байыштын өнөрүн сыноо үчүн Аргын балбанга жекеге чыгарат. Байыш жеңет. Сыядат Байышты өлтүрөм дегенде Желкайып амал менен Баатырды ак орго салдыртат. Кыз Байышты жети жыл багып, жаратын айыктырат. Байыштын да өзүнө көңүлү бар экенин билгенден кийин баатырды Карала менен Көкаланын жардамы менен тартып чыгарып, бирге качып кетет. | К.Акиевдин вариантына үндөш. Мында да Желкайыптын сунушу менен орго салынган Байышты кыз жети жыл эмес, беш жыл багат. Желкайыптын Көкала менен Карала аттары Байышты тартып чыгара албай койгондо Сыядаттын колундагы Байыштын Тулпарын алып келип ордон тарттырып чыгат. |
| 7 | **Жаныш менен Байыштын жолугушуусу** | Байыш колго түшкөндө жарадар болгон Жанышты Кызыр Илияс таштын жаракасына катып коёт. Кызырдын жардамы менен таш жарылып, курал-жарагы | Белкыс менен Байыш качып чыгып, жолдо агасы Жанышты издейт. Уруш болгон жердеги үңкүрдөн агасын таап эки бир тууган көрүшүшөт. Куугунду | Байыш колго түшкөндө Жаныш элине келип аскер курап инисин куткарууга аттанат. Өзү жарадар болгону үчүн Куланчы менен Таманы кытайларга | Байыш колго түшкөндө кытайча кийинген Жаныш Байышты издеп жөнөйт. Түндө ордосунан чыгып бараткан Желкайыптын артынан акмалап барып Байышты табат. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | менен Жаныш чыгат. Жаныш, Байыш, Белкыс үчөө арттан келген куугундар менен согушуп, аларды жеңишет. | кырып жок кылышат. | чалгынга жөнөтөт. Алар Байыштан кабар алып келишет. Качып чыккан Байыш менен Желкайыптын артынан куугун келет. Сыядат менен Байыш кармашып жатканда Куланчы менен Тама Жанышка кабар берип, ал аскерлери менен жетип келет. | Байыштын өтүнүчү менен кайрадан баягы үңкүргө барып жашырынат. Байыш менен Желкайып качып келатып түз эле Жаныш турган үңкүргө келишет. |
| 8 | **Жаныш, Байыштын эл-жерине кайтып келиши** | Жылдап дайынсыз жоголгон Жаныш, Байыштан кабар келбеген соң Акжол, Дарбаз эки кул элди бийлеп, атасын тактан түшүрүп, аялдарына үйлөнмөкчү болуп жатканда баатырлар келет. Элге таанылбас болуп думана кейпин кийип келген Жаныш, Байыш кимдин дос, кимдин кас экенин аңдап билип, анан өздөрүнүн чыныгы жүзүн ачышат. Баатырлардын кайтып келгенине бүтүн эл кубанат. Байыш менен Белкыс үйлөнөт. | Эпостун аяккы бөлүгүндөгү сюжеттик окуя баарында токсон тогуз пайыз бирдей айтылат. | Жаныш, Байыштын элге таанылгыс болуп келип дос менен душманды ажыратып билиши, ички жана сырткы душмандардын жазасын алышы, Байыш менен Желкайыптын үйлөнүшү бардык айтуучуларда бирдей айтылат. | К.Акиевдин вариантына окшош айтылат. |

## Мазмуну

Баш сөз ... 3
1. Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылык өнөрканасынын изилдениш тарыхы ... 5
2. Молдобасан Мусулманкуловдун ырчылык таланты жана анын чыгармаларынын идеялык-тематикалык багыты ... 17
3. Молдобасан Мусулманкуловдун манасчылык өнөрүнүн калыптанышы ... 32
4. Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусундагы кенже эпостор: «Жаңыл Мырза», «Жаныш-Байыш» жана «Курманбектин» кыргыз фольклорундагы орду ... 43
5. Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусундагы «Манас» эпосунда салттуу сюжеттик өзөктүн сакталышы жана көркөмдүк өзгөчөлүктөр ... 57
   5.1. Сюжеттик салттуулуктун сакталышы жана негизги каармандардын образдары ... 57
   5.2. Туруктуу поэтикалык формулалардын жана көркөм каражаттардын колдонулушу ... 113
   5.3. Ыр түзүлүшү жана анын көркөмдүк кызматы ... 148
6. Молдобасан Мусулманкуловдун айтуусундагы «Семетей» эпосунун сюжеттик салттуулугу жана айырмачылыктары ... 163

Корутунду ... 197

Колдонулган адабияттар ... 204

Тиркеме ... 214

**Өмүралиева Жанар Орозалиевна**

# МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨНӨРКАНАСЫ

*(монография)*

Корректору *Ы. Кадыров*
Мукабасын жасалгалаган *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 09.08. 2023-жылы кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 13,5 б.т. Нускасы 200 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Ж.Бөкөнбаев көчөсү, 182.
Тел.: 0772 34-70-28, 0705 34-70-28.